Modern teknolojilerin hızlı gelişmesinden dolayı insanın benliğinde, dünyada ve toplumda olan değişimler, insan varoluşunun modern sorunlarını felsefi acıdan anlama, geleneksel değerleri ve ideali oluşturan değerleri yeniden gözden geçirme ihtiyacını doğurmuştur. 21. yüzyılın felsefesi, insanın yalnızlığını ve doğaya, topluma, kültürüne ve kendine giderek artan yabancılaşmasını belirtmektedir. Böyle bir durumun, felsefi düşüncenin çeşitli yönleriyle fark edilmesine ve insan kişiliğinin bütünlüğünü ve değerini yeniden yaratmasına ihtiyacının kabul edilmesinden kaynaklanan kendine özgü kavramların oluşumuna neden olmuştur.

Demek ki, insanın benliğine şart olarak bilincin gelişmesinin fizyolojik yönü önemlidir: mesela, hayvanların bilinci yoktur; va çocuklar, uygun beyin kusurlarıyla düşünmeye başlamazlar.

21. yüzyıl, yeni zorluklara ve yeni tehditlere yol açan modern teknolojinin çağıdır. Bu zorluklara ve tehditlere verilen cevaplar sadece insanlar tarafından değil, toplumlar, uluslar, devletler, kültürler tarafından da verilmelidir. Hepimizin bildiği gibi, modern toplum büyük bir testle karşı karşıyadır. Toplumun nasıl tepki verdiği, hangi yeniliklere maruz kaldığımız, öznel fenomenler ve nesnel koşullar aracılığıyla kanıtlanmıştır. Sonuç olarak, önümüzdeki çağa bağlı olarak, toplumun kendi restorasyonu için yeni bir felsefi paradigmanı geliştirilmesiyle birlikte, yeni bağlantılar kurma ihtiyacı ve pratikte belirli bir yol bulma ihtiyacı artmaktadır.

---

[1] Д. Реале, Д. *Антисери. Западная философия от истоков до наших дней.* – Том 4. От романтизма до наших дней ТООТК «Петрополис», Санкт – Петербург, 1997., 277.
[2] Ницше Ф. *Сочинения*: В 2 т., М., 1990., Т. 1., 359.

İnsanın benliği, modern teknolojiler aracılığıyla daha çok perspektifleri, imkanları ve geleceği kurması için daha derin ve sadece antropolojik değil, evrensel yaklaşımı kullanarak araştırılması önemlidir.

Anahtar Kelimeler: modern teknolojiler, modern teknolojiler çağı, insanın “beni”, "benlik" meselesi, felsefe.

АННОТАЦИЯ

ПРОБЛЕМА «Я» В ЭПОХУ СОВРЕМЕННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ (ФИЛОСОФСКИЙ АНАЛИЗ)

С развитием современных технологий проблема “я” человека всё больше требует отдельного исследования. В этом исследовании была предпринята попытка рассмотреть и проанализировать текущую проблему “я” с философской точки зрения.
Вводный раздел диссертационной работы содержит информацию о цели работы.

Диссертационная работа состоит из трех разделов:

В первом разделе тема “Проблема человека в рамках философии” состоит из двух параграфов: “Понятие сознания в философском аспекте” и “Философское значение категорий душа и дух” – на основе данных тем рассматривается общее содержание понятия сознания человека и этапы историко-философского развития категорий душа и дух в связи с проблемой человека. Кроме того, рассматриваются концепции, мысли учёных, связанных с этим понятием.

Во втором разделе анализируется проблема “я” человека в истории философии в рамках двух параграфов: понятие “я” в традиционной цивилизации и в техногенной цивилизации.

В третьем разделе рассматривается проблема “я” в современном технологическом веке, тема состоит из двух параграфов, где рассматриваются признаки современной технологической эпохи и современные технологии, а также проблема “я” человека в современном технологическом веке, влияние современных и зарождающихся технологических средств на “я” человека, основная проблема темы и связанные с ней мнения, противоречивые мысли, включая цели и проблемы диссертационной работы.

В заключительной части рассматриваются результаты исследований, проведенных на основе темы диссертации.

Ключевые слова: современные технологии, эпоха современных технологий, “я” человека, проблема “я”, философия.

SUMMARY

THE PROBLEM OF THE SELF IN AN AGE OF MODERN TECHNOLOGIES (PHILOSOPHICAL ANALYSIS)

With the development of modern technologies, the problem of the self of a man requires a separate study. Thus, in this study, an analyze the current problem of the self from a philosophical point of view is considered.

The introductory section of the paper contains a description of the purpose of the work.

The paper consists of three sections:

In first chapter, the topic "The Problem of Man in Philosophy" consists of two sections: the concept of consciousness in the philosophical aspect and the philosophical meaning of the categories of soul and spirit – on the basis of the topics, the general content of the concept of human consciousness and the stages of the historical and philosophical development of the categories of soul, spirit in connection with the problem of a human are considered. In addition, concepts and thoughts of scientists related to this concept will be considered.

The second chapter analyzes the problem of the self of man in the history of philosophy within two sections: the concept of self in traditional civilization and in technogenic civilization.

The third chapter examines the problem of the self in the modern technological age, the topic consists of two sections: features of the modern technological era and the modern technologies – the problem of the self of man in the modern technological age, the influence of modern and emerging technological means on the self of man, the main problem of the topic and related opinions, controversial opinions, goals, problems of the study.

In the final part, the results of research conducted on the basis of the topic of the study.

Keywords: modern technologies, the era of modern technologies, the self of man, the problem of the self, philosophy.

КИРИШҮҮ

Изилдөөнүн актуалдуулугу: Азыркы биз жашап жаткан доордун түрдүү аталыштары бар. Алардын ичинде – “индустрия доору”, “кеч капитализм”, “илимий-техникалык цивилизациянын доору”, “атомдук доор”, “маалыматтык коом доору”, “доорлорду жаратуу доору”, “функционалдык дифференциация заманы”, “постконвенционалдык доор”, “постмодерн”, “постчындык доору” жана башкалар. Бул аталыштардын көптүгү чындыгында доорубуздун аты жоктугун билдирет. Мындан улам биздин замандын ориентациялык кризиске кабылгандыгы ачык көрүнөт. Бул кризис түпкү фундаменталдык маңыздардын улам жаңы маанидеги кризисине алып келүүдө. Натыйжада дүйнөгө карата жатыркоого кабылган доор жөнүндө сөз болууда. Мындан улам “тахогендик (улам ылдамдаган) жатыркоо” пайда болууда – өзгөрүүлөр барган сайын жашообузга бат кирип, кайра бат эскирүүдө, ал эми турмуштагы тажрыйбалык билим болсо теориялык гана маалыматка айлангандыгы бизди өмүр бою билим алууга алып келүүдө. Мунун баары бизди жаш баладай абалга алып келүүдө, биз реалдуулук менен фикциянын чегин билбей калдык. Демек, априордук ой жүгүртүү жана иллюзиялар көбөйүүдө. Адамдар дайыма улам жаңы көндүмдөргө ээ болууга, улам чоң көлөмдүү жаңы билим алууга мажбур болуп калды. Бул болсо адамдын эрезеге жетишине тоскоолдук жаратууда. 21-кылымда жашаганына карабастан, адам чыныгы аң-сезимдүү жашоого даяр эместей. Ошол эле учурда илим тарабынан адамдын “мени”, мээси, аң-сезими, ДНКсы, жана эң негизгиси, адамдын жаны жана руху дененин кайсы жеринде экендиги анык түрдө жана бир жаңсыл изилдене элек. Бул суроолорго жоопту заманбап технологиялардын доорунда буга чейин болуп көрбөгөндөй жаңы мааниде изилдөө керектиги талашсыз.

Ушундай заманбап технологиялардын доорунда улам жаңы терминдер жана түшүнүктөр пайда болуп, кызуу изилденүүдө: технологиялык медиация, адам-технология мамилеси (human-technology relations), постгуманизм, постгуманисттик этика, критикалык постгуманизм, трансгуманизм, актант, дигиталдык субъект, ойноочу каарман (PC – player character – ойноп жаткан адам), ойноочу эмес каарман (NPC – non-player character – оюндагы даяр каарман), чат ГПТ нейротармагы (chat GPT), корпоратократия, көзөмөл капитализм (surveillance capitalism), диджерати, инфлюенсер, метагуманизм, нейрофилософия (П. Чёрчленд), нейролингвистика, биоэтика, нейроэкономика, нейромаркетинг жана башкалар. Бул түшүнүктөр адамдын “менине” жаңы маани берүүдө. Ушул себептен улам алгач адамдын “мен” маселесин заманбап технологиялардын дүркүрөп өнүгүп жаткан шартында кылдат изилдөө актуалдуу.

Изилдөөнүн маалыматтары: Бул изилдөө иште философиялык эмгектерден сырткары заманбап доорду гана негиз албастан өткөн мезгилдерде жазылган эмгектер, адамдын “мен” маселесине байланыштуу көптөгөн илимий жана философиялык эмгектер талдоого алынды. Адамдын “мен” маселеси, заманбап технологиялар тууралуу Платон, Аристотель, Аврелий Августин, Фома Аквинский, Б. Паскаль, Р. Декарт, Э. Роттердамский, Н. Макиавелли, Вольтер, П. Мирандола, Ж. Ламетри, М. Мерло-Понти, М. Бубер, Х. Ортега-и-Гассет, Ж. Сартр, Г. Марсель, К. Маркс, Ф. Гегель, И. Кант, А. Шопенгауэр, А. Бергсон, З. Фрейд, О. Шпенглер, М. Хайдеггер, Н. Бердяев, К. Ясперс, Э. Фромм, Ф.

Фукуяма, М. Фуко, Ж. Делёз, заманбап философтор Д. Чалмерс, Н. Блок, У. Лайкан, П. Чёрчленд жана П. Чёрчленд жубайлары, Ф. Джексон, Г. Райл, Д. Сёрл, Д. Деннетт, С. Прист, Т. Нагель, Ш. Зубофф, Д. Айди жана башкалардын эмгектеринде жазылган маалыматтар колдонулду.

Изилдөөнүн максаты – заманбап технологиялардын доорундагы адамдын “мен” маселеси, анын абалы, өзгөрүшү жана бул өзгөрүүлөр натыйжада кандай маселелерге алып келип жатканын изилдөө жана ага жалпы философиялык талдоо жүргүзүү.

Изилдөөнүн милдеттери:

1. Адамдын “мен” маселесинин жалпы философиядагы ордун тактоо;

2. Философиядагы заманбап технологиялардын таасиринин актуалдуулугун тастыктоо;

3. Философиялык эмгектерде адам маселесин жана заманбап технологиялардын түшүнүгүн изилдөө;

4. Философияда адам маселесин, адамдын аң-сезим феноменин кароо;

5. Философиялык илимдерде заманбап технологиялар менен адам маселесинин таасирин изилдөө;

Изилдөөнүн объектиси – азыркы технологиялардын таасири астындагы адамдын “мен” маселеси.

Изилдөөнүн предмети – философиялык илимдерин азыркы технологиялардын контекстиндеги адамдын “мен” маселесине болгон мамилесин изилдөө.

Илимий жаңылыгы: Диссертациянын илимий жаңылыгы – азыркы технологиялардын адамдын “менине” болгон таасирин философиялык жааттан изилдөөиштеринин бири, эмгекте төмөндөгүлөр аткарылган:

- Окумуштуулардын жыйнактарын, корутундуларын, адабий булактарын терең изилдеп чыгуу жана иш тажрыйбаларында колдонуу;

- Изилдөөнүн теоретикалык жана методологиялык негиздери философиядагы жана жалпы эле адамдын “мен” маселесин изилдөөдө онтологиялык, эпистемологиялык, тарыхый-логикалык жана философиялык баалуулуктардын принциптеринин бирдигинде аныкталды.

Изилдөө ишинин теориялык жана практикалык мааниси: Диссертациялык иштин мааниси адамдын “мен” түшүнүгүнүн маңызынын философияда берилишин изилдөөдө жатат. Диссертациянын теориялык жыйынтыктары ззаманбап технологиялардын доорундагы адам маселесин изилдөөдө белгилүү бир деңгээлде методологиялык негиз боло алат. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктарын антропологиялык философияда, философия тарыхы боюнча атайын курстарда, лекцияларда, семинардык сабактарда база катары пайдалануу болот. Диссертацияда алынган жыйынтыктардын жоболорун философиядагы

адам маселеси боюнча тереңдетилип жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө пайдалануга сунушталат.

Изилдөө ишинде алынган натыйжаларга ылайык, философиясынын өсүшүнө, азыркы мезгилде өнүгүп келе жаткан жаш окумуштуулардын изилдөө иштеринин өнүгүшүнө салым кошот деген ойдобуз.

Изденүүчүнүн жеке салымы: Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары менен тыянактарын жекече иликтенип алынган илимий изилдөө болуп саналат. Изилдөөнүн жаңылыгы менен практикалык маанилүүлүгүн түзүп, коргоого коюлган негизги жоболор жекеликте түзүлдү.

Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү: Диссертациялык иштин түзүмү изилдөөнүн негизги милдетине ылайык коюлган маселелерди логикалык ырааттуу карап чыгуу менен аныкталат. Диссертация кириш сөздөн, алты бөлүктү камтыган үч бөлүмдөн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ. АДАМ МАСЕЛЕСИ ФИЛОСОФИЯНЫН АЛКАГЫНДА

Ар бир доордун өткөөл мезгилдеринде философиялык баа берүү менен өз доорунун таркалып, чачыранды болуп баратканына тынчсызданган бир катар ойчулдар, философтор, илим адамдары, саясатчылар коом жана андагы адамдын дүйнөдөгү орду жөнүндө маселелерге сереп салып, аларды бир жөнгө салып келген.

Философиянын алкагында адам маселеси онтология, илим философиясы, философиялык антропология аспектилеринен каралып келет. Адам маселеси философиядагы эң негизги маселелердин бири болуп саналат. Бирок философиялык проблемаларды, өзгөчө, адам жөнүндөгү маселелерди адамдын өзү суроо катары койгондуктан, натыйжада бардык философиялык проблемалар адам проблемасынын айланасында топтолгон, ошондуктан адам маселесин борбордук философиялык маселе катары кароого болот. Өзгөчө өткөөл доорлордо адамдын жашоо маңызы жана жашоо максаты, коомдун келечеги жана анын кайда баратканы улам өз дооруна жараша такталган мезгилдерде философиялык көз караш жана баа керек болуп тураары анык. Адам маселесин философиялык деңгээлде байыркы грек философтору, Протагор, Сократ, Платон, Аристотелден баштап, Аврелий Августин, Фома Аквинский, Б. Паскаль, Р. Декарт, жаңы доордо Э. Роттердамский, Н. Макиавелли, Вольтер, П. Мирандола, Ж. Ламетри, М. Бубер, М. Мерло-Понти, К. Маркс, Ф. Гегель, А. Шопенгауэр, А. Бергсон, З. Фрейд, М. Хайдеггер, Х. Ортега-и-Гассет, Ж. Сартр, Г. Марсель, Н. Бердяев, К. Ясперс, Э. Фромм, Ф. Фукуяма, М. Фуко, Ж. Делёзго чейин изилдеп, ар тараптуу теорияларды иштеп чыгышкан. Бул тенденция азыр да сакталып келет. Заманбап философтор Д. Чалмерс, Н. Блок, У. Лайкан, П. Чёрчленд жана П. Чёрчленд жубайлары, Ф. Джексон, Г. Райл, Д. Сёрл, Р. Суинберн, Д. Деннетт, С. Прист, Т. Нагель, Ш. Зубофф, Д. Айди жана башкалар адам жана адам маселеси үстүндө өз изилдөө иштерин жүргүзүүдө.

Адам жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөр философияга чейин пайда болгондуктан, адамда мифологиялык, диний аң-сезим басымдык кылган. Адам жөнүндөгү түшүнүктөр, жалпы элестер мифтерде, жомоктордо, уламыштарда ачылып келген.

Бул түшүнүктөрдөн улам жалпы көз караштар бир жыйынтык катары каралып, Байыркы Чыгышта адам жөнүндө философиянын башаты түптөлгөн. Алгач байыркы Индияда “Ведаларда” адамдын философиясы мифологиялык, диний, философиялык көз карашта чагылдырылган. Мындан тышкары, упанишаддарда берилген адам жөнүндөгү философия жайнизм, буддизм, индуизм, санкхья, йога жана башка философиялык агымдарга терең таасирин тийгизген. Ар бир мектептин “мен” маселесин изилдөөсүндө өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү болгон, бирок жалпысынан “мен” маселесине алгачкы философиялык киришүү катары Индия философиясынын нук берип, өзүнүн анык ордун белгилеп кеткенине шек саноо мүмкүн эмес.

Байыркы Кытайда Конфуций[3] өзүнүн “асман” концепциясында жалаң гана табият эмес, асман түшүнүгү менен адам менен дүйнөнүн өнүүгүсүн аныктап турган жогорку рухий күчтү иштеп чыккан. Бул философиянын борборунда табият, асман эмес, маанилүү негиз катары адам, адамдын күнүмдүк турмуш-тиричилиги каралып, антропоцентристтик мүнөзгө ээ.

Өз доорундагы коомдун ыкры кетип, бузулуп баратканына тынчсызданган Конфуций эң негизги шарт катары адамдын адептик жүрүм-турумуна көңүл бурган. Анын ою боюнча жогорку рухий күчтөн (асмандан) алган адептүүлүк касиеттерин өзүндө алып жүргөн адам моралдык мыйзамга (даого) баш ийип, бул жогорку сапаттарды өзүндө өнүктүрүшү керек. Андыктан, адам окууга муктаж, бул окуунун максаты – ар тарабы төп келишкен мыкты адамдын деңгээлине (цзюнь-цзыга) жетүү. Цзюнь-цзы идеалдуу адам катары бир абстракттуу түшүнүк эле болуп калбастан практика жүзүндө адамды тарбиялоодо багыт берген категориалдык деңгээлдеги түшүнүк. Ошондон улам даого баш ийүү мажбурлоо ниетинде эмес, өз жолун табуу иретинде берилет. Буга жетиш үчүн адам бир топ аныкталган этикалык принциптерге баш ийип жашоосу зарыл. Бул принциптердин эң негизгиси катары адамгерчиликтүүлүк, гумандуулук, адамдарга болгон сүйүү (жэнь концепциясы) каралган. Бул концепция “өзүңө каалабаганды башкаларга жасаба” эрежесинин негизинде үй-бүлө ичинде жана мамлекет ичинде адамдардын өз ара мыкты, идеалдуу мамилелеринин мыйзамын түзөт. “Өзүңө каалабаганды башкаларга жасаба” эрежеси бара-бара адеп-ахлактык императивге айланып, Байыркы Грециянын, христиандык баалуулуктардын, И.

[3] Ю-лань, Ф., *Краткая история китайской философии*., “Евразия”, С-Пб., 1998. 28, 62.

Канттын, Вл. Соловьевдун жана башкалардын философиясында түрдүү көз караштардан каралган. Демек, Кытай философиясынын “мен” маселесин алдыга чыгарганда дароо социалдык карым-катнаштарды өзүнө камтып турганы социалдык-саясий философиясынын өзгөчө терең өнүгүүсүнө алып келген деп айтуу зарыл.

Конфуцийдин философиясынан тышкары, даосизм философиясы да адам маселесине маанилүү багыт берген. Даосизм адамды өз табиятына ылайык жана ааламдын мыйзамдарына ылайык жашоого чакырган да, адамдын даосунда кыймыл-аракетсиз да эркиндикке, бактылуулукка жана жыргалчылыкка жетүүсү мүмкүн деп эсептеген. Дао принцибин карманбаган адам үчүн болсо жашоонун маңызы жок. Себеби, аалам мыйзамдарын жасалма жол менен ирээтке келтирүү менен гармонияга жетүү мүмкүн эмес. Даосизмде адам менен табият бир жалпылык катары каралат.

Ошентип, Байыркы Чыгыштын адам жөнүндөгү философиясы табиятка жана коомго терең урмат жана адамгерчиликтүү мамиле жасоого негизделген. Бул мамиле менен бирге адам өз ички дүйнөсүн тынымсыз байытууга жана өнүктүрүүгө кам көрүүсү зарыл. Адам гана индивид катары коомдук жашоону, башкарууну жана тартипти жакшыртып, өнүктүрө алат. Адам өзү-өзүнө кудай да, сактоочу да боло алат. Ошондуктан, философиялык антропологизмге трансцендентализм мүнөздүү. Себеби, адамдын өзү, адамдын ички дүйнөсү жана тагдыры сөзсүз түрдө трансценденттик дүйнө менен тыгыз байланышта.

Адам маселеси боюнча чыгыш философиясы азыркы күндө да чыгыш коомунун, чыгыш адамынын аң-сезимине терең таасирин тийгизип келет.

Ал эми Байыркы Грецияда Милет мектебинин философиясы адамды алгач абсолюттуу ирээттүүлүк, космос, башкача айтканда анык бир мамилелердин системасынын ичинде гана караган. Адам өз-өзү эмес, айланасындагы бардык кубулуштар жана аны курчап турган нерселер менен бөлүнбөс байланышта каралган. Жадагалса кудайлар да космостун ичине кирет, демек, алар да адам үчүн реалдуу. Адам космостун бөлүкчөсү, бирок ошол эле учурда адам үчүн космос антропогендик жана антропоцентристтик маниге ээ. Космостун диалектикасын макрокосмос менен микрокосмостун биримдигинин негизинде караса болот. Адам – бул микрокосмос, демек аалам канчалык учу-кыйры жок жана терең мейкиндик болсо, ошондой эле адамдын ички дүйнөсү да эбегейсиз

терең космос. Башкача айтканда, бул жерде бир орчундуу маселеге көңүл буруу зарыл – адам өзүн макрокосмостун борбору катары грек философиясынан тарта кабыл алган, демек, микрокосмос макрокосмосту тейлөөгө багытталган. Грек философтордун акыл-насааты кийинки муундар аркылуу ушундай чечмеленген, анткени гректер космосту жалпы бирдиктүүлүк катары көрүшкөн. Андан соң софисттердин философиясы боюнча, тагыраак айтканда, Протагордун түпкү принциби боюнча “адам – бардык нерселердин чен-өлчөмү” катары каралган. Адам маселеси байгерлик, чыныгы жакшы, изгилик, адилеттүүлүк сыяктуу этикалык феномендердин каралышына башат берген. Муну улай адамды болумдагы негизги каарман катары карап, адамдын таанып-билүү процессинин экзистенциалдык мааниси бар экендиги менен бирге, чындыктын экзистенциалдык мүнөзгө ээ экендигин негиздешкен.

Софисттерден айырмаланып, Сократтын[4] философиясы үчүн адамдын ички дүйнөсү, адамдын жаны жана изги касиеттери өзгөчө маанилүү болгон. Алгач Сократ “изгилик – бул билим”, башкача айтканда билимдүүлүк деп, этикалык рационализмдин принцибин негиздеген. Мындан улам, жакшылыктын жана адилеттүүлүктүн маанисин билген адам жамандыкка жана адилетсиздикке барбайт. Адамдын максаты – чындыкты таанып-билүүнүн негизинде адеп-ахлактык мыктылыкка умтулуу. Бул максатка жетүү үчүн адам алгач өзүн-өзү таанып-билүүсү зарыл, өздүк адеп-ахлактык, нравалык негизин таанып-билүүсү жана аны кантип өздөштүрүүнү билүүсү керек.

Дагы бир байыркы грек философу Демокриттин адам жөнүндөгү материалистик монизминде адам да жаратылыш сыяктуу эле атомдордон турат. Адамдын жаны да атомдордон турат да, адамдын өлүмү менен анын жаны да жок болот. Адамдын жашоо максаты – бакыт, эвтюмия. Бакытка жетүү үчүн адам чен-өлчөмдү карманышы керек. Ал эми бул чен-өлчөмдү адамдын акыл-эси карманат.

Адамдын жаны менен денесинин ортосундагы антропологиялык дуализмге Платон басым жасаган. Адамдын жаны адамды адам кылган субстанция, ал эми адамдын денеси ага карама-каршылыктуу. Адамдын мүнөзүн анын жаны негиздейт. Адамдын жаны түбөлүк, ал трансценденттик идеялардын дүйнөсүнө (идея) багыт алат, ал эми денеси өлүмгө дуушар (материя, табият) болот. Бул биримдик жана ошол эле учурда карама-каршылыктуулук адамдын бар

[4] Платон. *Собрание сочинений в 4-х т.*, т.1. С.521-522. М., Мысль, 1990.

болушунун трагизмине алып келет. Аталган трагизм адамдын дүйнөсүнүн дисгармониясын ачып берет: адам идеялар аркылуу гармонияга умтулганы менен материалдык жашоо адамдын алдына улам жаңы тосколдуктарды чыгарып турат.

Аристотелдин аныктамасы боюнча адам саясий, мамлекеттик жана коомдук жандык[5]. Адамды адам кылган – анын акыл-эси. Адам жаныбардан коомдук жандык болгондугу жана акыл-эстүү болгондугу менен айырмаланат. Адамдын өзүн-өзү өздөштүрүүсү анын ишмердүүлүгүнөн көз каранды.

Орто кылымдарда Аврелий Августин Платондун адам жөнүндөгү философиясын негиз катары алып, адам инсан катары өзүн-өзү өнүктүрө алаарын белгилеген. Адамдын жаны – субстанция, бирок адам өзүн-өзү денеси менен гана өздөштүрө алат.

Ал эми Фома Аквинский адам жөнүндөгү христиандык философиясын Аристотелдин философиясына негиздеген да, адамды жаныбарлар менен периштелердин ортосунда турган жандык катары аныктаган. Адам жаны менен денесинин биримдигин түзөт, бирок адамды “кыймылдаткан” маңыз – анын жаны. Бирок Августиндин негиздөөсүндө адамдын жаны анын денесинен көз каранды эмес. Мындан улам, Орто кылымдардагы диний философия адам маселесин мистикалык жол менен чечүүнү көздөгөн.

Ренессанс доорунун философиялык антропологиясы гуманизмди түзгөн жаңы маданият, жаңы илимдин таасири алдында куралган. Адамдын өзүнүн түпкү табиятында жакшылыкка, бакытка жана гармонияга умтулуу бар. Ренессанс доорунда гуманизмдин классикалык түрүн байкаса болот: адам – бул чыгармачыл бийиктик, демек, анын ички байлыгы чексиз, бирок тышкы дүйнөдө адамды карым-катнаштардан келип чыккан чектөөлөр аныктайт. Адамдын чексиз мүмкүнчүлүктөрү бар, бул болсо аны антропоцентризмге алып келет.

Пико делла Мирандола адамды ааламдын борборуна койгон да, адамдын эрки маанилүү деп эсептеген. Адамдын бактылуу же бактысыз болоору өз эркинде, адам айбан абалына да, кудай дэңгээлине да жете алат.

“Адам адамга – карышкыр”, ал эми коомдун түпкү табиятында “баарынын баарына каршы согуш” абалы тураарын негиз катары алган Т. Гоббс методологиялык жана коомдук этикалык индивидуализм менен номинализмди

[5] Аристотель. *Сочинения: В 4 т*. М., 1983. Т. 4. 633, 259, 378.

чогуу караган[6]. Антропоцентристтик көз караштын дагы бир ыкмасы катарында этикалык индивидуализм боюнча адамдын “мени” – коомго болгон кастык мамилесин алдыга чыгарган түшүнүк.

Б. Паскаль адамды “ойлонуучу камыш” катары карап, адамды адам кылган - анын ойлонуу жөндөмү деп эсептеген. Ал “Ойлор” топтомунда адамды “чексиз эч нерсе” деп атап, башкача айтканда “... биздин жаныбыз биздин денебизге түшкөн, денебизде жаныбыз сан, убакыт жана ченди табат; жаныбыз муну табият, зарылдык деп атап, башка эч нерсеге ишене албайт”[7], ошондуктан Б. Паскаль адамды “карама-каршылыктардын туңгуюгу” катары мүнөздөгөн.

Антропологиялык рационализмди негиздеген Р. Декарт “cogito ergo sum” (ойлоном, демек бармын) тезиси менен адамдын ой жүгүртүү жөндөмүн адамдын болумунун жалгыз жана анык далили катары караган. Р. Декарттын аталган тезиси адамдын акылын анын маңызы катарында негиздөөсү андан кийинки кылымдар үчүн да негизги багытты берген философиялык көз караш болуп келгендиктен да, адамзат техникалык жана технологиялык прогресс жолун негизги багыт катары тандап алгандыгы даана көрүнөт. Байыркы Грециядa этикалык рационализмдин башаты жаралса, антропологиялык рационализмдин классикалык өкүлү болуп Р. Декарт саналгандыгы объективдүү .

Ж. Ламетри, П. Гольбах, К. Гельвеций, Д. Дидро жана башкалар адамдын жаны менен денеси - эки түрдүү касиеттеги субстанциялар, адамдын денеси машина болсо, адамдын аң-сезими ага өз таасирин тийгизип турат, ошол эле учурда аң-сезим өзү да дененин таасири астында турат деп эсептеген. Бул болсо антропологиялык дуализм менен бирге адамга механикалык көз карашты () түзгөн.

Немец классикалык философиясында И. Кант адамды философиялык изилдөөлөрдүн борборуна коюп, философиянын негизги суроосу катары “адам деген эмне?”, ал эми адамдын өзүн “дүйнөдөгү эң негизги предмет” деп караган[8]. Адам табигый зарылдыктан жана адеп-ахлактык, абсолюттук баалулуктардан турат. Кубулуштардын сезимдикк дүйнөсүнүн бир бөлүгү катары адам зарылдыктарга баш ийет, бирок ошол эле учурда руханий жактан адам – эркин. Табият адамды өзүнүн чектөөлөрүнөн бошоткондо гана ага эркиндикти эң бир

---

[6] Гоббс, Т. *Избранные сочинения.* М., 1926, 257.
[7] Паскаль, Б. *Мысли.* М., 1995, 185.
[8] Кант, И. *Сочинения*. М., 1966, 351.

улуу жетишкендик катары сунуштаган. Адамдын адеп-ахлактык жүрүм-туруму жана ишмердүүлүгү баарынан да маанилүү. Демек, адам автономдуу жана көз карандысыз башаттан турат. Адамдын башка жандыктардан негизги айырмачылыгы – өзүн-өзү аңдап-билүүсү. И. Кант адамдын таанып-билүүсүндөгү чектөөлөрүн аныктоого аракет жасаган, ошондон улам трансценденталдуулук менен трансценденттүүлүктүн айырмачылактарына басым жасаган. Адамды анын өз күнөөсүн сезүүсү жөндөп турат, ал адамдын адеп-ахлактык жүрүм-турумуна негиз болот. Мындан сырткары, И. Кант адамдын аң-сезими менен аңдалбаган сезиминин маселесин койгон. Натыйжада, адамдын жашоосунун маңызы анын ишмердүүлүгүндө.

Ал эми Г. Гегелдин антропологиялык философиясы адамдын ой жүгүртүү жөндөмү аны башка жаныбарлардан айырмалап турат деп аныктайт. Адамдын ой жүгүртүү жөндөмү адамзатка адамгерчиликти туюнтат[9]. Инсан өзүн-өзү "чексиз, жалпыга таандык жана эркин" жандык катары аңдап-билүүсүнөн башталат[10]. Онтологиялык мааниде адам абсолюттук идеянын ташуучусу, андыктан ар адамдын аң-сезими – Дүйнөлүк рухтун бөлүгү. Абстракттуу абалдагы Дүйнөлүк рух адамда гана эркти, инсандыкты, мүнөздү жана индивидуалдуулукту табат, адам аркылуу гана ал өзүн сөз, кеп, тил, жаңсоо менен чагылдырат. Дүйнөлүк рух тарыхтын жүрүшүндө адамдын кыймыл-аракети, жасаган иштери аркылуу багыттуу жана мыйзам ченемдүү кыймылда болот. Дүйнөлүк рух адамдын таанып-билүүсү аркылуу өзүн таанып-билет. Дүйнөлүк рух адам жараткан материалдык жана руханий маданияттын натыйжасында гана өзү жаратат. Ошондуктан адам Дүйнөлүк рухтун чектүү руху. Дүйнөлүк рух адам аркылуу чагылдырылган соң, анын абсолюттуу формалары – дин, философия жана искусство жаралат. Демек, адамдын руху аталган абсолюттук рухтун формаларын жарата алган соң, өзү да аябагандай бийиктикти өзүнө камтып турат. Диалектикалык жактан натыйжада адам өзү да карама-каршылыктуу.

Адам маселесине Мен жана Сен мамилелеринин негизинде караган Л. Фейербахтын философиялык антропологиясы адамды өзү-өзүнө жетиштүү жандык катары кабыл алат. Ошондуктан Мен жана Сен байланышынын негизинде сүйүү философиясы жаралат жана адам менен ааламдын (дүйнөнүн)

---

[9] Гегель, Г.В.Ф. *Энциклопедия философских наук.* М., 1974. Т. 1. С. 85.
[10] Гегель, Г.В.Ф. *Философия права.* М., 1990. С. 97.

гармониясын чагылдыра алат. Л. Фейербах адамды табияттын бир бөлүгү катары биологиялык жандык деп түшүнүү зарылчылыгын негиздеп, анын “адам адамга – кудай” сөзү менен кудай деп [11] атаган. Ушуну менен бирге, ал бир реалдуулуктун эки тарабын өз маңызына камтыган сүйүүгө толгон рух менен денени, демек адамдын эң жогорку деңгээлде өнүккөн “менин” кабылдаган. Мындан улам, Л .Фейербахтын көз карашында, философиянын негизги максаты катары китептерди жаратуу эмес, адамдарды жаратуу[12] каралышы керек.

Антропологиялык философияга В. Белинский, А. Герцен, Н. Чернышевский, Вл. Соловьев, Н. Федоров, Н. Бердяев жана башкалар терең жана негиздүү маани берген. Вл. Соловьев адамды өзүнө түрдүү карама-каршылыктарды камтуучу катары аныктайт да, адамдагы эки карама-каршылыктуу башаттын күрөшүн трагедиялуу маңыз ташыганын белгилейт[13].

Н. Бердяевдин антропологиялык дуализми да адамдын жаны менен дене маселеси адамдын тагдырынын трагедиялуу болгондугун көрсөтүп, натыйжада адам жашоосунун трагизмине такалаарын чагылдырат[14]. Н. Бердяевдин эң бир кызыктуу жана маанилүү жагы – адам менен тарыхтын биримдиги: тарых метафизикасы адам менен ааламды тарыхтын алкагында карап, тагдыр түшүнүгүн алдыга чыгарат. “Адамдын тагдыры: бул тарых философиясынын конкреттүү милдети. Тарых философиясы, тарыхый таанып-билүү – бул руханий реалдуулукту таанып-билүүнүн бирден бир жолу”[15]. Адам менен тарыхтын жогорку биримдиги Н. Бердяевдин философиясынын негизи деп айтууга мүмкүн.

Мунун негизинде төмөнкү ойлорду алдыга чыгаруу мүмкүн. Адам – бул биологиялык жана социалдык бир топ татаал тутумдардын курамдык бөлүгү болгон татаал бирдиктүү система. Адам жөнүндөгү философиянын борборунда адамдын түпкү маңызынын маселеси турат.

Философтор адам менен жаныбардын айырмасын көрүп, анын маңызын адамдын ар кандай өзгөчө сапаттарынан пайдаланып түшүндүрүшкөн. Бирок мындай түшүндүрүүдө бир жагынан адамдын маңызын адамдын өзүнөн эмес, аны ага

---

[11] Фейербах Л. *Сочинения: В 2 т*. Пер. с нем. / Ин-т философии. - М.: Наука, 1995. Т. 1 .344. (Памятники философской мысли).

[12] Фейербах Л. *Сочинения: В 2 т*. Пер. с нем. / Ин-т философии. - М.: Наука, 1995. Т. 1 .344. (Памятники философской мысли).

[13] Соловьев В.С. *Собрание сочинений*: В 10 т. СПб., 1911. Т. 3. С. 121.

[14] Бердяев Н.А. *Судьба России*. М., 1990. С. 328—329.

[15] Бердяев Н.А. *Смысл истории*. М., 1990. С. 13-14.

жакынкы жаныбарлардын түрлөрүнөн айырмалоочу белгилерге кайрылып, адамды сырттан аныктоого аракет жасалып келет. Бирок, адамдын өзүн өзүнүн жашоосунун ички мыйзамдарын башка жаныбарлардан аныктоо мүмкүн эмес. Адамдын тарыхый болумунун жана өнүгүшүнүн негизин, дегеле анын маңызын эмгек ишмердүүлүгү түзөөрү анык. Адамдар түздөн-түз коомдук мамилелерге кирбей туруп, эмгек ишмердүүлүгү менен алектене албайт, ал эми адамдардын жыйындысы гана коомду түзөт. Коомдук ишмердүүлүктүн жана эмгек өндүрүшүнүн өнүгүшү менен адамдардын коомдук мамилелери да өнүгөт. Бул болсо адамды диалектикалык жактан да түшүнүү керектигине алып келет. Башкача айтканда, аны "экономикалык адам", же "акылдуу адам" же "ойноп жаткан адам" деп гана кыскартууга болбойт. Адам өндүрүүчү да, акыл-эстүү да, маданий да, адептүү да, саясий жандык да болушу мүмкүн. Ал эми экинчи жагынан,адам - адамзат тарыхынын жандыгы. Демек, адам менен коомдун ортосунда диалектикалык байланыш бар.

Болумдун бүтүндүгү адам үчүн биологиялык, социалдык, психикалык биримдик түрүндө чагылдырылат. Демек, адам – бул биопсихосоциалдык кубулуш. Философиялык илимдин өнүгүшүнүн ар кандай доорлорунда адам баласынын, болумдун адамдык (антопологиялык) маанисинин көйгөйү эч качан өзүнүн маанисин жоготкон эмес. Философия искусство менен бир катарда бүгүнкү күнгө чейин дүйнөнү таанып-билүүнүн гана эмес, аны гумандаштыруунун да натыйжалуу каражаты катары маанисин сактап келгендиги анык. Орто кылымдарда Кудайды адамга айлантуунун христиандык принциби адамды жаратылыштан бөлүп гана тим болбостон, ага өзгөчө маани бере алган. Ал эми Кайра жаралуу жана Реформация доорунда адам темасы философиялык илимдин өз алдынча бөлүгү катары жаңы доордун гуманизминде борбордук мааниге ээ болгон. Адамга болгон кызыгуу анын чыгармачыл потенциалын изилдөөдөн келип чыккан. Натыйжада, адамды эволюциялык өнүгүүнүн эң бир жогорку баскычына анын чыгармачыл ой жүгүртүүсү гана жеткирет деген көз караш маанилүү болгон. Мындан улам эркиндик маселеси философиялык жана теологиялык изилдөөлөрдүн негизги темаларынын бирине айланат. Бул доордо адам жашоосунун басымдуу мүнөздөмөсү катары адам инсандыгынын баалуулугу таанылат. Гуманисттердин карама-каршылыктарында жана антиномияларында баштапкы трансценденталдык бирдик эмес, чыныгы адамдын индивидуалдуулугу

каралганы белгилүү. Немец классикалык философиясында да жаратман (чыгармачыл) адам феномени өзгөчө маниге ээ болот. И. Канттын белгилөөсү боюнча, гений адам өз чыгармаларын кантип жараткандыгын сүрөттөп же илимий түрдө көрсөтүп бере албайт.[16] Ал эми Г. Гегелдин концепциясы боюнча ар бир адамда кандайдыр бир деңгээлде чыгармачыл жөндөмдөр камтылган, бирок баары эле аларды өздөштүрө албашы мүмкүн.

Заманбап учурда адам маселесин нейроилимдер аркылуу изилдеген Т. Черниговская адамды жөн гана алгоритмдердин жыйындысы эмес, адамды маңыздарды жаратуучу, жаңы дүйнөлөрдү жаратуучу катары кароо керектигин эскертүүдө. Ал адамды изилдөөдө жаңы парадигмаларды издөө зарыл экендигин негиздөөдө. Анын айтымы боюнча, нейроилим жана жалпысынан эле когнитивдик илимдер адамдын эң жогорку деңгээлдеги генийин изилдөөсү керек, бул татаал жол, себеби, анда адамдын мээсин МРТ, ЭЭГ аркылуу гана эмес, гениалдуу жаратуучулардын күндөлүктөрүн, бири-бирине жазган каттарын, бири-бири менен сүйлөшүүлөрүнүн жазууларын, улуу устаттардын (мастер) тарткан сүрөттөрүн, черновиктерин жана эскиздерин карап, изилдөө керек, анткени алар гана гений адамдын ой жүгүртүүсү кандай болгондугун көрсөтө алат.

Жыйынтыктап айтканда, антропологиялык изилдөөлөр алгач немец идеализминде, тагыраак айтканда И. Канттын, Й. Фихтенин жана Л. Фейербахтын изилдөөлөрүндө пайда болгон. И. Канттын философиясынын атактуу "коперникалык төңкөрүшү" объективдүү байланыштардын жана мамилелердин өзүн-өзү өнүктүрүүгө айланган жеке субъекттин ишмердүүлүгү аркылуу болумдун маңызын аныктаган. Антропология барган сайын борбордук философиялык дисциплинага айланган. Адам феномени философиялык анализдин натыйжасында адамдын илимий, этикалык, укуктук аспекттерин өзүнө камтыйт. Адамдын түпкү табиятын түшүнүү тарыхый-методологиялык маселе катары да бааланат.

Илимдеги жалпы аныктама боюнча адам уникалдуу нерсе, феномен катары аныкталып, татаал жана түбөлүк суроо катары каралат.

М. Шелер адамдын беш антропологиялык түрүн белгилеген: европалык-христиан доктринасын (homo religiosis) – динчил адам, байыркы грек (homo sapiens) – акыл-

[16] Кант И. Сочинения в шести томах / И. Кант; [пер. с нем.]; М., Мысль, 1966. – Т. 5. – 324-б., - (Философ. наследие)

эстүү адам, натуралисттик (homo naturalis), декаданс теориясын (homo degeneratus) – талкалагыч адам жана жогорку адам концепциясын (homo super) – мыкты адам. Андан соң К. Маркс жана Н. Бердяев курал-жарак жасаган адам (homo faber), Э. Кассирер символдорду жараткан адам (homo symboliens), Г. Гессе жана Й. Хейзинга оюнкараак адам (homo ludens), С.И. Бэлзе окуган адам (homo legens), В. Поликарпов жана В. Поликарпова чыгармачыл адам (homo creator), Г. Марсель жолоочу адам (homo viator) сыяктуу аныктамаларын беришкен[17]. Биология илимдеринин доктору Т. Черниговская[18] заманбап адамды "жаңы адамдын түрү" катары "Homo Confusus" – абдыраган адам (человек сомневающийся) деп атоодо. Анын ою боюнча адам жашоосунда барган сайын татаал чечимдерди кабыл алуу зарылчылыгына туш болду, адам улам өзгөрүлмө дүйнөдө туура багыт алуусу керек. Демек, адам маселесине сциентисттик, антисциентисттик жана алармисттик көз караштар азыр учурда да башкы орунду ээлеп келүүдө.

Жогорудагы ойлордон улам адамды – ойлонгон жана таанып-билген, сезүүчү жана эрки бар, универсалдуу жандык катары аныктоого болот. Демек адам – аң-сезимдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасы. Адам маселеси жөнүндө негизги көз караштарды биз жогоруда кыскача карап өткөнгө аракет кылдык. Андыктан башка толгон-токой көз караштар да бар экендиги баарыбызга маалым. Ошондой болсо да, заманбап технологиялардын доорунда адам маселеси фундаменталдык философиялык, онтологиялык, гносеологиялык, экзистенциалдык жана антропологиялык мааниде каралышы өз актуалдуулугун жоготпой келет, жана да жаңы пайда болуп жаткан илимдин тармактарынын, мисалы, нейрофилософиянын жана аң-сезимдин нейропсихологиясынын адам деген эмне, эмне үчүн жана кантип ар күнү ойгонгон сайын адам өзүнүн ким экендигин билет, адамдын инсандыгынын борбору кайда, аң-сезим деген эмне, анын иштөө механизми кандай, аң-сезимдин чечим кабыл алуудагы ролу кандай деген суроолорго жооп табуусу азыр да учурдун маселеси, жана байыркы доордо айтылганына карабастан, Сократтын "өзүңдү тааны" деген чакырыгы азыр да өтө курч мүнөздө актуалдуу. Ал эми Л. Фейербахтын "Адам адамга кудай" ("Homo homini deus est")

---

[17] Ан С. *Современный человек и грани его бытия*. https://old.altspu.ru/Journal/vestbspu/2001/gumanit/PDF/an.pdf

[18] Гайдаровский форум – 2019. *Как раскрепостить мозг, чтобы добиться эффективного лидерства?* https://youtu.be/gFJLIfjti5Y

сөзүн “антропотеизм – бул акылдын деңгээлине көтөрүлгөн жүрөк”[19] катары аныктоосу азыркы мезгилде жаңы маңызга ээ болуп, өзүн-өзү тааныган, кайдан кайда бара жатканын, бул дүйнөдөгү жана доордогу өз ордун билген адамды билдирүүдө. Мунун жыйынтыгында философия табигый-так илимдерге, ал эми табигый-так илимдер философия менен кайрадан байланышуусу керек[20]. Анын натыйжасында философия китеп жаратууну көздөбөстөн, адамды жаратууну көздөйт[21]. Анан да азыркы мезгилди жыйырма кылымдан ашуун мезгилдин соңуна чыгышынын доору деп аныктаса да болот. Себеби байыркы, биздин заманга чейинки мезгилде калыптанган адам менен ааламдын бирдиктүүлүгүнө басым жасаган философиялык принциптер заманбап мезгилде соңуна чыгып, жаңы философиялык көз караштарды талап кылууда. Ошондон улам, адамдын “мен” дегени жаңыдан каралып, ошонун негизинде адам менен дүйнөнүн өз ара байланышынын жаңы мезгилин талап кылууда. Бул чакырыкка адам кандай жооп берээри – келе жаткан муундун, тарыхый мезгилдин талабы. Аны билиш үчүн азыркы учурга чейин адам жана адамдын “мен” дегени кандай каралганын алдыга чыгарып изилдебесек, жаңы талаптарга, чакырыктарга жооп бере албай калышыбыз ыктымал. Демек, адам маселеси, анын ичинде адамдын “мени” – философиянын алкагында гана биринчиден иштелип чыгып, натыйжалары заманбап мезгилдин көз карашын түзүшү мүмкүн.

[19] Фейербах Л., *Предварительные тезисы к реформе философии*. Архивная копия от 2 июля 2014 на Wayback Machine, 344
https://web.archive.org/web/20140702005156/http://labrip.com/pervoist_t3r1part2.html
[20] Фейербах Л., *Предварительные тезисы к реформе философии*, 87
[21] Фейербах Л., *Предварительные тезисы к реформе философии*, 190

1.1. Философиялык өңүттөн аң-сезим түшүнүгү

Адам феноменин изилдөөдө алгач адамдын аң-сезими деген эмне суроосуна жооп берүү зарылдыгы турат. Ал эми аң-сезим философиясы – аң-сезимдин табиятын жана адамдын денеси менен психикасынын катышынын маселесин изилдөөчү багыт. Аң-сезимдин табиятын түшүнүү өзгөчө заманбап технологиялар доорунда илим үчүн эң татаал маселелердин бири болуп келет. Аң-сезимдин маселесин философиялык жактан аныктоо байыркы доордон эле башталганына карабастан, биологиянын, психологиянын жана неврологиянын, нейрофилософиянын өнүгүүсү философторго бир жагынан өз дисциплинасынын чегин кеңейтүүгө алып келсе, экинчи жагынан табигый-так илимий багыттардын өкүлдөрүнүн алдына улам жаңы милдеттерди коюуда. Адамдын аң-сезими учурда илимий-теориялык жактан, илимий эксперименталдык жактан, ойдогу эксперименттин жардамы менен, айтор, ар тараптуу изилденүүдө. Мисалы, мээ жөнүндөгү илим мээнин функцияларын ачып, изилдеп келүүдө, а бирок адам болуу деген эмне экендигин ачып бере элек. Ушул эле катарда Г. Райлдын аныктамасы боюнча, аң-сезим эч кандай кошумча органды билдирбестен, анык бир нерселерди жасоого жөндөмдүүлүк менен шыкты билдирет[22]. Мындан улам аң-сезимди механистикалык илим да, механистикалык философия да так аныктай албайт деп Р. Томпсон эсептейт. Анын көз карашы боюнча, заманбап коомдун моралдык да, руханий кризиси да заманбап илимдин механистикалык философиясынан башталды. Андыктан илим руханий болуусу зарыл[23].

Аң-сезимдин түрдүү аныктамалары бар. Жалпысынан, аң-сезим – мээ структураларынын символикалык болуму, ал бизди курчап турган дүйнөнү чагылдырат, материяны чагылдырат.

Аң-сезим – бул субъекттин кээ бир кубулуштардын жана процесстердин табиятын түшүнүүсү, демек ушул чогулган билимдин натыйжасы жана анын бар болуу жолу – бул билим.

Аң-сезим философиясында жан түшүнүгү өз ара тыгыз байланышта болуп бири-бири менен айкалышкан негизги категорияларды өз ичине камтыгандыктан,

---

[22] Райл, Г., *Понятие сознания*., Пер. с англ., Москва, : Идея-Пресс, Дом интеллектуальной книги., 1999, 169-170.

[23] Томпсон., Р., *Механистическая и немеханистическая наука*., Пер. с англ. Р. Волошин., МОсква: Издательство “Философская Книга”, 1998.

алгачкы жана башкы түшүнүк катары пайда болгон да, бара-бара ой жүгүртүү аркылуу аң-сезим түшүнүгүнө маанилеш катарда каралган.

Буга чейин аныкталып келгендей, аң-сезим – объективдүү реалдуулуктун субъективдүү элеси (образ). Ошондуктан аң-сезимдин ар тараптуу жана бардык нерсени өзүнө камтыган философияга негиз бергени бекеринен эмес. Демек, адам – аалам диалектикасы түздөн-түз аң-сезим аркылуу гана чагылдырылып келет. Башкача айтканда, ааламдын жалгыз гана аң-сезим аркылуу көрүнүүсү жана чагылуусу – адамдын диалектикасы. Байыркы мезгилден баштап заманбап технологиялардын дооруна чейин келе жаткан аң-сезим философиясы – эбегейсиз чоң феномен бойдон калууда да, жалаң гана философиянын системасына эмес, башка илимдердин системасына да орчундуу маселелерди коюуда. Бул феноменди изилдөө үчүн бир гана антропологияга эмес, адамдын жана дүйнөнүн түрдүү аспектилерин өзүнө камтыган философиянын башка багыттарына таанууубуз өзгөчө маанилүү.

Жогоруда айтылгандай, философияда алгач “жан” (“психэ”, “анима”)[24] деген термини кийинки философиялык талдоодо адамдын өзгөчө бөлүгү болгон "жан" түшүнүгү менен бирге "акыл" (“нус”) түшүнүгүн дүйнөнүн индивидуалдуу, бирок руханий компоненти катары бөлүп көрсөтүү зарылчылыгына алып келген. Адамды жан менен дененин диалектикасын түзгөн бирдиктүү бир жандуу система деп атоого болот. Ушул себептен улам “жан” түшүнүгү аң-сезим философиясынын башатында тургандыгы бекеринен эместир. Байыркы мезгилдерден тарта жан түбөлүктүү, дене болсо убактылуу деген ой-пикирлер жаралган, ошондон улам жан түшүнүгүнө негизги басым жасалгандыгына шек жок. Адам – тирүү жандык, демек, денеге караганда жандын маанилүү негиз болгону шек туудурбайт. Жан – бул материалдык эмес маңыз, кандайдыр бир адам баласынын жашоосунун субстанциясы деп айтууга да мүмкүн. Мындан улам жандын түбөлүктүүлүгү жана метафизикалык башатты түзгөндүктөн, көбүнчө идеалисттик философиялык көз караштарга таандык болгонуна байланыштуу, психологиялык илимдерде “психика”, “психикалык жашоо” түшүнүктөрү менен маанилеш колдонула баштайт.

[24] Электронная библиотека ИФ РАН » Новая философская энциклопедия, https://iphlib.ru/library/collection/newphilenc/document/HASH0132ab62b76b27f343fd8532 (21.06.2023)

"Акыл" түшүнүгү жеке аң-сезимдин бир бөлүгү катары аныкталган бөлүгүн мүнөздөө үчүн да колдонулган ой жүгүртүү, сезүү бөлүгүнөн айырмаланып турат. Ошондой эле акыл сезимдерге жана эркке карама-каршы. Акыл - адамды жалпы табигый дүйнөдөн айырмалап, социалдык дүйнөнүн, анын ичинде социалдык шарттардын да өзгөчөлүктөрүн белгилеген түшүнүк. Бирок негизинен акылдын онтологиялык жана гносеологиялык мааниси алдыга чыгат: акыл – адамдын ким болгондугу менен бирге адамдын бул дүйнөнү таанып-билүүчү маанилүү күчүн аныктап бере турган категория. Акыл менен интеллекттин айырмасы бар, бирок ошону менен бирге интеллект касиет катары акылдын маани-маңызын чагылдырганы да объективдүү көрүнүш болуп саналат.

Диний философиянын өнүгүүсү менен бирге өнүккөн аң-сезим адамдын уникалдуу касиети катары белгиленген жана аң-сезимди, адамдын жан дүйнөсүн кудайдын белеги катары көрсөткөн, мындан улам адам кудайга таандык жандык катары кабыл алынган. "Жан" деген сөздүн диний мааниде салттуу колдонулушу илимде бул сөздөн баш тартууга жана "аң-сезим" деген сөздү колдонууга себеп болгон. Х. Патнэмдин функционалдык изоморфизми боюнча, материябы же жанбы суроосун коюу менен аң-сезим философиясынын сырларын ачуу мүмкүн эмес, себеби, маселе субстанцияны аныктоодо эмес[25].

Аң-сезим - адамдын дүйнөдөгү өзгөчө абалын, өзгөчө онтологиялык абалын аныктоочу сапаттарынын бири. Философия дүйнөдөгү сезимдик мамилелердин негизги түрлөрүн аныктайт, таанып-билүү, таланттуу адамдын аң-сезими максаттуу иш-аракети болгон практика, дүйнөгө, коомго, адамга карата баалуулук мамилеси, ал коомдо колдонулуп жаткан моралдык, эстетикалык жана башка нормалар системасы менен аныкталат. Аң-сезим көп функциялуу жана универсалдуу – ал материалдык өндүрүш сыяктуу эле адамдын жана коомдун жашоо-турмушун камсыз кылат, ал идеалдуу образдар дүйнөсүн, өзгөчө идеалдуу объектилердин дүйнөсүн жаратат жана материалдык дүйнөдөн ажырап, анын чегинен чыгып, андан жогору көтөрүлүүгө мүмкүнчүлүк берет, ал идеалдуу иш-аракеттерди жоготот жана материалдык иш-аракеттердин натыйжаларын алдын ала берет, ал алдын ала белгиленген максаттарга жетүү үчүн иш-аракет мыкты жолдорун тандап алууга мүмкүнчүлүк берет, бул чыныгы дүйнөдөн жана реалдуу

[25] Патнэм., Х., Философия сознания. Пер. с англ. Макеевой Л.Б., Назаровой О.А., Никифорова А.Л. М.: Дом интеллектуальной книги, 1999, 88.

мамилелерден жогору турууга жөндөмдүү, ошондуктан ал адамды ойдон чыгарылган дүйнөгө алып бара алат, бул фантастиканы жогорку чындык, чыныгы дүйнө деп эсептейт, ал адамдын ойлорун, сезимдерин бул дүйнөгө которуп, ага адамдын жашоосунун көптөгөн формаларын баш ийдире алат.

Жашоодо ойдон чыгарылган элементтер басымдуулук кылган руханий жашоонун негизги эки чөйрөсү катары дин жана көркөм өнөр өнүккөн. Аң-сезим, бир жагынан, материалдык өндүрүштө, илимде жана техникада, коомдук иш-аракеттерде активдүү трансформациялык иш-аракеттерге мүмкүнчүлүк түзсө, экинчи жагынан, искусство дүйнөсүнө, дин дүйнөсүнө, фантазия дүйнөсүнө сүңгүп кирип кетүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул эки тарап аң-сезимдин көп кырдуулугун гана чагылдырбастан, анын бирдиктүүлүгү тууралуу да ойду жаратат. Мээнин ар башка бөлүктөрү ар өзүнчө функцияларга ээ болгондой, бул көп түрдүү жөндөмдөрдү өзүнө камтып турган феномен катары аң-сезим кызыктуу, бийик жана өзүнчө табышмактуу феномен.

Аң-сезим – адамдын өз жүрүм-турумун жөнгө салуусунда, өз иш-аракеттерин психикалык негизде алдын-ала куруусунда жана алардын натыйжаларын күтүүдө объективдүү чындыкты жалпыланган жана максаттуу түрдө чагылдыруучу, адамга гана мүнөздүү жана кеп менен байланышкан мээнин жогорку функциясы. Башкача айтканда аң-сезим – объективдүү дүйнөнүн субъективдүү элеси. Аң-сезим – адамдын объективдүү дүйнөнү, өзүнүн дүйнөгө болгон мамилесин жана өзүнүн болумун түшүнүүсүнө активдүү катышкан психикалык процесстердин биримдиги. Аң-сезим адамды өзүн курчап турган дүйнөдөн бөлүп турат. Ошондон улам аң-сезимдин чагылдыруу функциясы бара-бара чагылдыруу теориясына айланган. Демек, аң-сезим – аябагандай чоң күч.

Байыркы грек философиясында Логос (дүйнөнүн маңыздуу сөзү, андагы тартипти жана гармонияны орнотуучу мыйзам), байыркы кытай философиясында дао (жол, жаратылыштын бардык жерде жана стихиялуу мыйзамы) пайда болгон. Байыркы Индия философиясында – брахман (инсансыз руханий башат); аң-сезимдин баалуулугу анын дүйнө тартибинин бирдиктүү башталышына кошулгандыгынын деңгээли менен аныкталган.

Орто кылым философиясы аң-сезимди субстанция катары көрүп, адамдагы кудайдын бир бөлүгү катары эсептейт. Христиан дининин философиясы адамдын психикалык жашоосунун карама-каршылыгына көңүл бурат. Аң-сезим менен

катар жандын структурасында билимден тышкары жана билимге баш ийбеген катмар ачылат. Р. Декарт үчүн аң-сезим - өзгөчө түрдөгү субстанция. Г. Лейбниц болумдун бөлүнгүс алгачкы элементтерин – монаданы психикалык жактан активдүү заттары катары тааныйт.

Жаңы доордун философиясында (Ж. Ламетри, П. Кабанис, П. Гольбах жана башкалар) субстанциалдык мамиле менен катар аң-сезим физиологиянын жана медицинанын жетишкендиктери менен мээнин өзгөчө функциясы катары карала баштайт, анын аркасында адам табият жана өзү жөнүндө билимге ээ боло алат. Немец классикалык философиясы аң-сезимдин татаал, көп баскычтуу мүнөзүн ачып берип, анын байланыш маанисин жана жеке көрүнүш катары адам үчүн өзүн-өзү сезүүнү, эркти жана баалуулуктарды калыптандырууда жогорку психикалык муктаждыктарын калыптандыруучу катары аныктаган. Диалектикалык материализм анын субстанционалдуулугун тааныбайт жана жогорку уюшулган заттын касиети катары, мээнин функциясы, объективдүү дүйнөнүн чагылышы катары, адамдын предметтик-практикалык ишмердүүлүгүнүн зарыл компоненти катары каралат. Марксизмде аң-сезимдин болуунун өбөлгөлөрү катары затка мүнөздүү чагылышуу касиетинин эволюциясы, жаныбарлардын интеллектинин өнүгүшү; гоминиддердин атайын бутагынын жасалма эмгек куралдарынын жардамы менен дүйнөнү предметтик-практикалык өнүктүрүүгө өтүшү; ээ болгон тажрыйбанын муундан-мууга белги байланыштын жана берүүнүн эмгек муктаждыктарынын калыптанышында өнүгүү. Г. Гегелдин аныктамасы боюнча аң сезим байкоочу мүнөзгө ээ, башкача айтканда акыл өзүн-өзү чыныгы бар жана сезимдик модус катары, чыныгы бар предмет катары билгиси келет[26]. Адамдын каймана жана метафоралык ой жүгүртүү жөндөмү да маанилүү маселе. Себеби адам убакыттын жана мейкиндиктин белгилүү бир чектеринде жашайт жана ойлонот. Ошондуктан, иштеп жаткан жана ой жүгүртүп жаткан адамдарда чыныгы адамдын калыптанышы ал жасаган иштердин жана нерселердин накталай тартиби менен гана эмес, ошондой эле ар дайым чектүү жана заманбап учурда ишке ашырылып жаткан максаттардын жана муктаждыктардын чегинен чыгып турган ушундай идеалдуу образдарга жана маанилерге багыт алуусу менен аныкталат. Адам сырткы дүйнөнү алгач өзү үчүн бир ирээт менен тартипке келтирип, өзүндөгү

[26] Гегель, Г.В.Ф. *Феноменология духа*. Перевод Г. Шпет, Санкт-Петербург, Наука,1999

чыныгы адамдыкты аңдап билүүсү жана өздөштүрүүсү аны бул дүйнөдө өзүн ар дайым адам катары сезүүгө жөндөмдүү болууга умтулат[27]. Мына ошондуктан, жакында ал өзүн социалдык-табигый чөйрөдө чындап түшүнөт, ал өзүнүн идеалдуу образынан ажырай албайт, ага трансценденттүүлүк жөндөмүн, башкача айтканда окуялардын жана нерселердин эмпирикалык чектеш накталай тартиптеринен өзүн жогору көтөрүү жөндөмдүүлүгүн билдирет. Трансценденттүүлүктүн мындай жөндөмү адамдын экзистенциалдык маңызын түзөт. И. Кант өзүнүн "Таза акылдын сыны" аттуу эмгегинде илимий-теориялык билимдин мүмкүнчүлүгүн адамдын таанып-билүү жөндөмүн түзгөн сезимталдыктын жана акыл-эстүүлүктүн априордук формалары менен түзүлгөн кубулуштар менен чектеген.

Г. Гегель баарынан мурда Ф. Бэкондун айтымында, илим менен искусствонун мындай калыбына келишин талап кылган практикалык рух жөнүндө айткан. Мындай билимдин зарылдыгы жөнүндө Р. Декарт да айткан. Бирок мындай билимди сураган бул практикалык рухтун өзү, Г. Гегелдин ою боюнча, ар дайым бир тараптуу жана сөзсүз түрдө шектүү, ошондуктан ал метафизикалык негиздемеге муктаж. Г. Гегелдин ою боюнча адамдын өзүнүн ой жүгүртүүсү жана билими, мындай ой жүгүртүүсү жана билими, ал өзүнүн иш – аракетине канааттанат, өз ишинен ырахат алат жана аларды уруксат берилген жана мыйзамдуу нерсе катары көрөт, субъективдүү маанини таануу азыр жогорку валидацияга, ал тургай жогорку валидацияга муктаж болуп, толугу менен мыйзамдаштырылган жана ал тургай абсолюттук жоопкерчиликке айланат. Ушул эле нерсеге жасалма интеллект да жетиши мүмкүн.

В. Лениндин К. Маркстын илимий гносеологиялык чагылдыруу теориясынын негизинде аң-сезимдин чагылдыруу теориясы да белгилүү. Бул материалисттик теория боюнча адамдын сезимдери, түшүнүктөрү, илимий билими жалпысынан объективдүү болгон реалдуулуктун чагылышы болуп саналат. Анын негизинде аң-сезим жана ой жүгүртүү учурдагы бизден көз каранды эмес сырткы дүйнөнүн чагылышы катары түшүнүү жатат. К. Маркстын көз карашы боюнча Г. Гегель үчүн ой жүгүртүү процесси өз алдынча субъектке айланган идея, ал чындыктын, реалдуулуктун сырткы көрүнүшүн гана чагылдырган демиург, башкача айтканда, жаратуучу. Ал эми материалисттик теорияда идеалдуу нерсе бул адамдын аң-

[27] Мамардашвили, М. *Как я понимаю философию*. Москва, Прогресс, 1992

сезимине кирген материалдуу нерсе. Философиялык идеализм ой жүгүртүүнү чындыктын чагылышы катары тааныбайт, себеби, материя, материалдык дүйнө алгачкы орунда, ал эми аң-сезим, ой экинчи орунда деген материалисттик шартты таанууну билдирет. Демек, диалектикалык материализмдин таанып-билүү теориясынын негизинде сырткы дүйнөнү кабыл алып, аны адамдын аң-сезиминде чагылдыруу турат. Адамдын сезимдери жана түшүнүктөрү сырткы дүйнөдө бар болгон нерселердин копиясын түзөт.

Философия тарабынан белгиленген аң-сезимдин чагылдыруу функциясы илим тарабынан да далилдөөгө алынган. Илимий жактан И.М. Сеченов жана И.П. Павлов тарабынан психикалык процесстердин физиологиялык механизми ачылган, жогорку нерв ишинин мыйзамдарын жана психикалык иш-аракет тышкы дүйнөнүн чагылышы катары, алар объективдүү чындыктын сезүү органдарына, жаныбарлардын жана адамдын мээсине тийгизген таасиринин натыйжасы катары гана мүмкүн экендигин далилдешкен. Марксизм объективдүү чындыкты чагылдыруу процесси адамдын башында кандайча жасалат деген суроону иштеп чыккан.

Марксизмге чейинки материалисттик көз караштарда чагылдыруу функциясы тышкы дүйнөнүн объектилеринин жана кубулуштарынын аң-сезимде пассивдүү чагылдыруу катары каралган, ал эми мындан айырмаланып, марксисттик-лениндик диалектикалык-материалисттик чагылдыруу теориясы таанып-билүү процессин адамдын аң-сезиминде тышкы дүйнөнү картага түшүрүү процессин активдүү, диалектикалык мааниде өнүгүп жаткан, ички карама-каршылыктуу процесс катары түшүнөт. Адамдын аң-сезиминде объективдүү чындыкты билүү процесси кандайча жүргүзүлөт деген суроо бардык илимдер үчүн, адам билиминин бардык тармактары үчүн эбегейсиз зор мааниге ээ. Коомдук идеялардын, теориялардын, саясий көз караштардын келип чыгышынын башатын коомдун материалдык турмушунан, коомдук тиричиликтен издөө керек, аны болсо идеялар, теориялар, көз караштар чагылдырат. Натыйжада, аң-сезим – адамдын чеберчилигинин жана сезимдерине таянып жараткан элестеринин биримдиги.

А. Азимов өзүнүн “Адамдын мээси” китебинде эч ким адамдын инстинкттери жана сокур каалоолору бар экенин тана албасын, адам өзүнүн иш-аракеттеринде "жаныбарлардын табиятын" ээрчигендигин белгилейт. Бирок, анын ою боюнча,

рационалдуу аң-сезим бул кара күчтөрдөн жогору көтөрүлө алды. Адам өз күчү менен жада калса шартсыз рефлекстерди да жеңип кетиши мүмкүн. Атайын даярдык көргөн адам, же мындайга даяр болгон адам болсо жана анын алдында татыктуу максат болсо, анда ал ысык нерсени колуна алып, ооруга жана күйүк алганына карабастан кармай алат. Адам өзүн-өзү сактап калуу инстинктине карабастан "жаратылыштын негизги мыйзамын" жеңе алат, досу же сүйүктүүсү үчүн, атүгүл кандайдыр бир идеалдар үчүн да аң-сезимдүү түрдө өзүн курмандыкка чала алат[28]. Адам жазгыз гана акыл-эси менен адам эмес, акыл-эси, көзү жана колу бирдиктүү иштеп, адамды адам кылган. Бул үч факторго көңүл бурсак, анда жаратылыштагы тирүү жандыктардын арасынан адам гана фазалык чекитти аша алган[29]. Адамдын руху менен акыл-эси анын денесинен бөлөк мыйзамдар менен башкарылат деген байыркы мезгилдерден калган көз караштар бар. Соманы (адамдын денесин) изилдөө үчүн колдонулган ыкмалар менен акылды изилдөө мүмкүн эмес. Дененин функцияларын түшүндүргөн физикалык жана химиялык мыйзамдар, анализдин кылдат ыкмаларын талап кылган психикага тоскоол болушу мүмкүн. Биз акыл-эс жана аң-сезим деп атаган нерсе нерв системасынын өз ара аракеттенүүсү жана, демек, аң-сезим, жок дегенде кыйыр түрдө нерв клеткаларынын ишин жөнгө салуучу физиканын жана химиянын кадимки мыйзамдарына баш ийет. Демек, жооптун негизи нейрондордун биохимиялык өзгөчөлүктөрү. Бул органикалык теория боюнча психикалык бузулуулардын айрым түрлөрү чындыгында эле биохимиялык бузулуулардан келип чыгаары далилденген[30]. Курчап турган дүйнөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө божомолдорду жасаганда адам ага өзүнүн өзгөчөлүктөрүн да кошо берет. Барган сайын мээни нейрондор электрондук элементтердин ролун ойногон зор компьютер деп кароо модага айланды. Бирок биохимиктер маалымат ташуучу катары бирдик катары нейрондорду эмес, жеке молекулярдык структураларды карашат. Эстутум бул жерде негизги ролду ойнойт, себеби, эң эле жөнөкөй адам да көп нерсени жаттоого жана жакшы жаттоого жөндөмдүү болгондуктан, натыйжада символикалык код катары биз кепти жараттык. Мээ өмүр бою бир миллион миллиардга жакын маалыматты

[28] Азимов, Айзек. *Человеческий мозг. От аксона до нейрона*. (Издательство Центрполиграф, 2005) 133.
[29] Азимов, Айзек. *Человеческий мозг. От аксона до нейрона*, 138.
[30] Азимов, Айзек. *Человеческий мозг. От аксона до нейрона*, 139.

сиңирип алары аныкталган[31]. Түшүнгөн бирдик татаалыраак болушу керек деп ойлоо логикалуу көрүнөт, түшүнүүгө тийиш болгон нерсеге караганда. Демек, бардык нерсе адамды курчап турган реалдуулуктун чагылышы мээнин алда канча татаалдыгын көрсөтөт. Бул биз эч качан адамдын аң-сезиминин ишине туура баа бере албайбыз дегенди билдиреби? Бул суроого жооп берүү мүмкүн эмес. Биз адамдын мээсинин иштөө принциптерин толук кандуу биле албасак да, мээге окшош зор компьютерди жарата алабыз. Кантсе да, 19-кылымда адамдар электр жарыгынын табиятын такыр түшүнбөсө да, татаал электр машиналарын жаратышпады беле. Эгер биз мээдей зор компьютерди жарата алсак, анда, балким, мээ ооруларын алдын алып, адамдарды иррационалдуулуктан жана бузуку кумардан айрылтмакпыз. Балким, элестетүү, чыгармачылык жана интуиция феномендеринин маңызын алардын физикалык жана химиялык мыйзамдарын анализдөө менен таба алаарбыз. Анда биз гениалдуу жаратуучуларды агымдык өндүрүшкө коё алмакпыз. Ошондо адам өз эркин тандоосу менен андан да чоң деңгээлде адам боло алмак. Келечекте бул реалдуулукка айланарына мен ишенем[32]. Жыйынтыктап айтканда, А. Азимовдун көз карашы боюнча адамдын аң-сезими эмне экендигине илим тарабынан жооп табыла элек.

Заманбап учурдагы аң-сезимди изилдөөдө алдыңкы философтордун бири Д. Чалмерс "Аң-сезимдүү акыл" китебинде аң-сезимдин татаал маселесинин үстүндө иштеп, акыркы 20 жылда бул маселеге кеңири кызыгууну жаратууда. Дуализм орто кылымдарда кеңири таралган жана бул христиандардын жандын өлбөстүгү жөнүндөгү түшүнүктөрүнө байланыштуу каралган. Бул дүйнөдө эки башат бар. Бул физикалык, башкача айтканда мейкиндиктеги нерселер: алар кеңейтилген, аларды бөлүүгө болот, көлөмүн ченесе болот жана башка ушул сыяктуу физикалык мүнөздөмөлөр ага туура келет, ал эми экинчи башат болсо бул руханий зат. Ал материалдык эмес, зарядга ээ эмес, анын мейкиндиктеги координаталарын эсептөө мүмкүн эмес, ал башка жол менен болумда бар болот. Биздин жан, дуалисттердин ою боюнча, руханий субстанция, руханий зат жана дененин өлүмүнөн кийин да өз болумун сүрдүрө берет. Ал эми жыйырманчы кылымдан баштап материалисттик теориялар үстөмдүк кыла баштаган: аң-

[31] Азимов, Айзек. *Человеческий мозг. От аксона до нейрона*, 142.
[32] Азимов, Айзек. *Человеческий мозг. От аксона до нейрона*, 142.

сезимди мээнин иштешине гана байланыштырып карашкан, физиологиялык реакциялар гана аң-сезимди түзөөрү кеңири кабыл алынган. Бирок аң-сезимди физикалык процесстер менен түшүндүрүүгө мүмкүн эмес деп айткан философтор да пайда болгон. Д. Чалмерс бул китепте дуалисттик көз карашты колдогон көптөгөн аргументтерди келтирген. Ал өзүнүн теориясын натуралисттик дуализм деп атаган, аны панпсихизм деп да атоого болот: ага ылайык, дүйнөдөгү бардык нерседе аң-сезимдин элементтери бар. Материалдык объектилердин физикалык касиеттери бар, бирок аларда аң-сезимдин касиеттери, белгилери да бар болушу ыктымал, башкача айтканда аң-сезим - бул универсумда бар болгон түпкү мүнөздөмө[33]. Демек аң-сезим – фундаменталдуу.

Д. Чалмерстин философиясынын негизги идеясы боюнча аң-сезимди абийир менен да, физикалык фактылар жана табигый илимдердин стандарттык ыкмалары менен да түшүндүрүүгө болбойт. Демек, жогоруда айтылып кеткендей, аң-сезим – өзгөчө феномен, анын түпкү сырын толугу менен илим аркылуу ачып берүүгө мүмкүн эмес, аны бир гана чечмелөөгө болот. Ал өзүнүн позициясын "редуктивдүү эмес функционализм" же "натуралисттик дуализм" деп атайт. Акыркы жылдары анын позициясы панпсихизмге бурулду, ошентсе да ал өзү бул мүмкүн болгон чечимдердин бири гана экенин айтат.

Америкалык философ, когнитивист Д. Деннет – заманбап аналитикалык философиянын эң маанилүү ишмерлеринин бири. Ал биринчи кезекте аң-сезимдин философу катары белгилүү. Д. Деннет аң-сезимдин функционалисттик концепциясын изилдөөдө. Бул болсо аң-сезимди мээнин ишке ашырган функционалдык абалдардарынын жыйындысын түшүндүрөт. Аң-сезимдин физикалык эмес жана сырдуу табиятына байланыштуу жаңылыштыктар, Д. Деннеттин ою боюнча, адам тилинин өзгөчө маданий эволюциясы, интроспективдүү маалыматтардын туура эмес чечмелениши, ошондой эле кээ бир философтор багыт алган эскирген метафизикалык аппарат менен байланыштуу. Алгач Деннеттин аң-сезим теориясы "бир нече эскиздердин модели" деп аталып, андан кийин ал "мээдеги атак-даңк" түшүнүгүнө өтүп, нейрон коалициялары бири-бири менен атаандашат жана "жеңгендер" аң-сезимдин мазмунуна айланып,

[33] Chalmers, D. *The Conscious Mind: In Search of a Fundamental Theory.*, Oxford University Press, 1996.

өздөрүн "даңазалашат" деп жыйынтык чыгарган[34]. Д. Деннет “Мен кайдамын?” аттуу макаласында мээ жөнүндөгү ойдогу эксперименти боюнча адамдын “мени” денеден бөлүнгөн мээдеби, же мээден бөлүнгөн денедеби деген суроону талкуулайт. Заманбап технологиялардын өнүгүүсү менен илимпоздор адамдын аң-сезими эмне деген суроого жооп таба алышат. Эгерде мээнин нейрондорунун иш-аракеттерин когнитивдик илимдин ин трументтеринин жардамы менен байкоо мүмкүн болсо, демек адамдын мээсин да флешка сыяктуу физикалык алып жүрүүчүлөрдө көчүрүп, копиясын моделдесе болот. Ошондо адамдын мээсинин компьютердик “дубликатын” жасаса болот[35].

Бирок Р. Декарт өзүнүн аң-сезим философиясында аң-сезим мээге да, башка физикалык объектке же процесске да барабар эмес деп ырастаган. Бул "субстанция" материалдык же физикалык субстанциядан бөлөк, өз алдынча жашай ала турган нерсе. Ушундан улам аң-сезимди кандайдыр бир жооп бере турган “ачкыч” катары колдонуу – аң-сезимди примитивдүүлүккө такап, чектейт. Ой жүгүртүүнүн өзү татаал процесс, суроо- жооп менен чектелбеген, өзүнө башка сырларды камтыган феномен. Мисалы, ой жүгүртүү тили математиканын тилиндей бир тилди колдонобу? Ойлонуп жаткан учурда адам өз ойлорун кантип “угат” же “сезет”? Чечимди адам кабыл алабы же мээ кабыл алабы? Анда чечимди мээ кабыл алабы же аң-сезим кабыл алабы? Эмне себептен адам өз дүйнөкөрүмүн өзүнө улам кайра далилдеп турушу керек? Реалдуулук чыныгы реалдуулукпу же адам чечим катары кабыл алган, ойдон чыгарылган жалган элеспи (иллюзия)? Андай болсо адамда чын эле эрк эркиндиги барбы? Аң-сезим үчүн эркиндик деген эмне? Философия байыркы замандан бери келе жаткан тарыхында колунан келишинче аң-сезимдин маңызын аныктаганга аракеттенип келет, бирок бул ачык процесс бойдон калууда, бул процесстин бир тараптуу анык соңуна чыгуу азыркы учурда да мүмкүн эмес.

Т. Нагел, Д. Сёрлдун көз карашы боюнча касиеттердин дуализми теориясы маанилүү. Бул теория боюнча аң-сезим философиясындагы мээ (же анын касиеттери боюнча окшош физикалык система) аң-сезимдин болушу үчүн зарыл, бирок аң-сезимдин касиеттери мээге окшош эмес. Башка сөз менен айтканда, аң-сезим жана анын сапаттары (субъективдүүлүк, квалификациялык мүнөздөгү) бул

[34] Волков Д. *«Бостонский зомби*: Д. Деннет и его теория сознания».
[35] Daniel C. Dennett, *Where Am I? from Brainstorms: Philosophical Essays on Mind and Psychology*, Bradford Books (1978).

аң-сезимди пайда кылган физикалык объекттин касиеттерин гана ташыйт деп айтууга болбойт. Ошол эле учурда аң-сезим аны жараткан материалдык алып жүрүүчүдөн бөлөк, өзүнөн өзү жашай албайт.

Аң-сезим жөнүндөгү фундаменталдык илимий теория аң-сезимди эволюциянын жүрүшүндө пайда болгон табигый илимий кубулуш катары карайт. Башкача айтканда, ал биологиянын негизги мыйзамдарына жана эволюция теориясына ылайык болушу керек. Демек, мындай теория Жерде же башка жерлерде нерв системасы жок аң-сезим гана болбостон, дүйнөдө нерв системасы пайда болгонго чейин, анын ичинде биологиялык аң-сезим болгон эмес деп ырастайт. Ал нерв системасы менен бирге пайда болуп, анын өнүгүшүнө параллель өнүккөн. Андай болсо, бул бүгүнкү аң-сезимдин биологиялык изилдөөлөрүнүн эң кызыктуу суроолорунун бирине алып келет: адам гана аң-сезимге ээби же бул ар кандай түрдөгү жана жаныбарлардын таксондорунда акырындык менен пайда болгон градуалдык эволюциялык кубулушпу?

Н. Блок аң-сезимдин заманбап аналитикалык философиясынын алкагында көптөгөн макалаларды жазып, кызуу талкууларды жараткан. Ал жыйырманчы кылымдын аң-сезим философиясындагы эң популярдуу позициялардын бири болгон функционализмди сынга алат. Функционализм – бул аң-сезимди мээнин же бүт дененин функциясы гана катары түшүндүрүүнү көздөйт. Көбүнчө функционализм жасалма интеллектти изилдөө менен байланыштуу, мисалы, эгер аң-сезим жөн гана функция болсо, аны башка нерсе да аткара алат, аны мээ эмес, машина да ишке ашыра алат.

Функционализмге каршы Н. Блок "кытай эли" аргументин сунуш кылган. Мисалы, эгерде нейрондор туура иштесе, анда аң-сезим пайда болот деп жатабыз. Анда бизде нейрондордун санындай көп эл бар деп ойлойлу (мисалы, кытай эли) жана алардын ар бири бир нейрондун ишин симуляциялайт. Эгер алар мээнин иштешин туурай баштаса, анда Кытайдын бул массасында аң-сезим пайда болобу? Н. Блок биздин интуициябыз карама-каршы нерсени көрсөтүүдө деп эсептейт. Н. Блок ээлеген позицияны шарттуу түрдө редуктивдүү эмес физизм деп аташат. Бул болсо дүйнөдө физикалык объектилер бар, алардын физикалык касиеттери бар, ошондой эле физикалык эмес касиеттери бар, ал эми биздин

психикабыз – ушундай физикалык эмес касиеттердин жыйындысы[36]. Бул касиеттердин дуализмине кирет. Өткөнгө өтүү, учурду кабыл алуу же келечек жөнүндө кыялдануу жөндөмүбүздүн феномени да маанилүү суроолорду жаратууда.

У. Лайкандын репрезентативисттик философиясы боюнча физикалык касиети болбогон өзгөчө бир руханий, психикалык касиеттердин болушу мүмкүн эмес, биздин ар кандай абалыбызды репрезентативдүү, же функционалдуу абалдар катары кабыл алуу керек. Мисалы, эгерде биз суусап турсак жана алдыбызда турган идиштеги сууну көрсөк, ал суунун биздин суусунубузду кандырарына ынансак, анда анда дароо эле белгилүү иш-аракеттердин кандайдыр бир жыйындысы ишке ашырылат. Башкача айтканда, биз идиштеги сууну алып ичебиз[37].

Чёрчленд жубайлары болсо элиминативисттик көз карашты карманышат. Алардын көз карашы боюнча аң-сезим такыр эле жок. Бул өзгөчө руханий касиет да эмес, ал тургай мээнин физикалык касиети да эмес, аң-сезим негизи эле жок. Аң-сезим бул жөн гана сөз, куру термин жана эч кандай маани ташыбайт. Мындай куру сөздөр көп болгон. Мисалы, теплород, башкача айтканда жылуутек. Мындай зат жок, бирок сөз бар. Чёрчленд жубайлары нейрофилософия багытын түптөгөндүгү менен белгилүү жана нейроилимден өз далилдерин көрсөтүшөт. П. Чёрчленддин адам эркинин нейробиологиялык негизи барбы же жокпу, адам өз кыймыл-аракетин өз көзөмөлүнө алабы же жокпу, биздин чечим кабыл алуубуз жана тандообуз мээбиздин физикалык иш-аракетиби же жокпу деген суроолорго жооп издөөдө, жана өзү белгилегендей, бул суроолор азыр да ачык суроо бойдон калууда.

Ф. Джексон аң-сезимдин дуалисттик касиеттерин (Зенондун апориялары сыяктуу) ойдогу эксперимент аркылуу көрүүнү сунуштаган. Бул ойдогу экспериментте бала кезинен бери ак-кара түстөгү бөлмөгө камалып чоңойгон, жакшы билим алган, нейроилимпоз аял бар деп элестетип көрөлү. Ал бардыгын ак-кара түстө көрөт. Ал чоңоюп, ошол бөлмөдө неврология боюнча адис жана көрүү боюнча адис болуп иштейт. Ал биздин мээбиздин кандай иштээрин, түстөрдү кантип тааныйт экендигин жогорку деңгээлде жакшы билет. Эми ал ак-кара бөлмөсүнөн

[36] Block, N. *Consciousness, Function, and Representation: Collected Papers* (Volume 1: MIT Press, 2007)

[37] Lycan, W. *Consciousness and Experience* (Bradford Books / MIT Press, 1996)

чыгып, кызыл роза гүлүн көрдү. Ал жаңы билимге ээ болобу? Биз дароо эле "ооба!" деп жооп бергибиз келет, а бирок ойдогу эксперименттин шарттарына ылайык, ал мээнин түстөрдү көрүүсү жөнүндө бардык физикалык фактыларды билет. Эгер ал жаңы нерсени үйрөнсө, анда кабылдоого байланыштуу кандайдыр бир физикалык эмес фактылар бар. Ф. Джексондун бул макаласы[38] эң таасирдүү талкууларды жараткан.

Жыйынтыктап айтканда, өзүн-өзү таанып-билүү – бул адамдын психикасына гана мүнөздүү болгон аң-сезимдин өнүгүшүнүн эң жогорку формасы, ал адамга өзүн-өзү билүүгө жана өткөн, заманбап жана келечекти толугу менен бир бүтүндүктө, адам катары кабыл алууга мүмкүндүк берет.

Аң-сезим түшүнүгү философиянын борбордук категорияларынын бири болуп саналат, аң-сезим менен болумду, идеалдуу жана материалдык нерселерди салыштыруунун борбордук философиялык көйгөйү түзүлөт. Аң-сезим – татаал система болгондуктан, анын тереңдиги башка түшүнүктөрдү да туудурткан, алардын ичинде – аңдалбаган жана өздүк аң-сезим. Философиялык маселелердин алкагында диалектика эң бир маанилүү жана функционалдуу ыкма болгон соң, аталган категориялардын өз-ара байланышы да диалектикалык көрүнүш катары белгиленсе болот. Ошону менен бирге жеке аң-сезим менен коомдук аң-сезимдин айкалыштары өзгөчө тарыхый мүнөзгө ээ.

Аң-сезим маселесине кайрылсак, биология илимдеринин доктору Т. Черниговская[39] адамдын аң-сезими илимге эмдигиче белгисиз экендигин дагы да белгилейт. Анын негиздөөсү боюнча, адамдын мээсин оң жана сол жарым шарларга бөлүп изилдөө ыкмасы эскирди. Эски жол болсо бизди критикалык каталарга алып келүүдө жана да максатка жеткирбейт. Андыктан, илимге жаңы парадигмаларды издөө керек. Эң жаңы изилдөөлөрдүн негизинде Т. Черниговская адамдын мээсин эки жарым шар эмес, биздин ааламдай эле бир бүтүн эбегейсиз зор “нейрондук тармактардын тармагынын тармагы” деп атайт да, бул “тармакты” (мээни), жана анын кантип “дүйнөлөрдү жаратып жатканын” изилдөө үчүн адам жараткан искусствону, гениалдуу чыгармаларды изилдөө керек. Адамзаттын тарыхындагы улуу устаттардын, гениалдуу адамдардын жазууларын,

[38] Ludlow, Peter , Yujin Nagasawa & Daniel Stoljar (eds.) *There’s Something About Mary: Essays on Phenomenal Consciousness and Frank Jackson’s Knowledge Argument* (Bradford Books, 2004)
[39] Гайдаровский форум – 2019. *Как раскрепостить мозг, чтобы добиться эффективного лидерства?* https://youtu.be/gFJLIfjti5Y

күндөлүктөрүн, эскиздерин, каттарын, андан да маанилүүсү, эки гениалдуу адамдын бири-бирине жазган каттарын, диалогдорун изилдөө керек. Бул жол менен мээнин кандай иштегендигин, ойдун кайдай жүргөндүгүн көрсө болот. Буга аналог катары эмгек жарактарын изилдөө аркылуу мээнин иштөөсүн аныктаган археологиянын жана маданий антропологиянын (культурная антропология) ыкмаларын келтирсе болот. Адамдын буга чейин бул дүйнөдө болбогон нерсени бир гана оюнун күчү жана рухунун күчү менен жаратуусу, анын чыгармачылыгы гана адамды бул планетадагы башка жаныбарлардан айырмалап турат. Анткени адамдын искусствосу – бул кайсы бир жыштыктагы кысылган, тыгыздалган ой. Адамды техникалык мүнөздөө мүмкүн эмес. Табигый-так илимдер үчүн парадоксалдуу болгону менен, мээни маңыздарды жаратуучу жана алып жүрүүчү катары изилдөө үчүн нейроилимдердин, лингвистиканын, мээнин өзгөчө тилин билүү үчүн математиканын жана искусттво жааттарынын биргелешип, чогуу иштешүүсү зарыл. Заманбап технологиялар мында илимге барган сайын жардам берүүдө. Аң-сезим жөнүндөгү суроолор да муну менен тыгыз байланышта.

Аң-сезимди түшүнүү максатында метафоралуу мааниде жазылган төмөнкү жомокту мисал келтирүүнү туура көрдүм. Бир адам тоодогу жолдо баратып, чарчап, жолдун боюндагы чоң ташка отуруп, эс алууну туура көрөт. Ташка отуруп, куржунундагы тамагын алып, жей баштайт да, өзүнүн жашоосу жөнүндө ойлонуп кетет. Жанын багуу үчүн түйшүк тартып, жашоосу жолдо өтүп жатканын, ал эми бул таш болсо жөн эле бул жерде эч кандай түйшүк-санаасы жок жаткандыгын ойлойт. Анан да бир нече жыл өткөн соң адамдын күнү бүтүп, кайсы бир жерде чирип жатаарын, ал эми бул таш болсо миңдеген кылымдарды карытып, бул жерде жата берээрин ойлонот. Адам муну адилетсиздик деп ойлойт.

- Мен бул жерде эч кандай жаткан жерим жок, – деп таш адамга жооп берет. Адам таштын үнүн угуп таң калат:
- Кандайча жатпай элесиң? Мен азыр сенин үстүңдө отуруп, сени көрүп жатпаймынбы?
- Ырас, сен менин үстүмдө отурганыңды сезип жатасың. Бирок сенин үстүңдө да, астыңда да нерселер бар го. Анда эмне үчүн сен “мен асманды өз ийиндеримде алып жүрөм, ал эми көкүрөгүм менен шамалды түртүп жүрөм” деп айтпайсың?
- Чын эле, антсе деле болчудай.

- Демек, сен өз ийиниңде жылдыздарды көтөргөн космосту өзүнө камтыган асманды көтөрүп жүргөнүңө макулсуң. Анда сен өзүңдө бүтүндөй космосту ташып жүрөсүң. Азыр эми ошол жүгүң менен менин үстүмдө отурасың демекчисиңби? – деп күлдү таш.

Адам дүйнөгө эч качан мындай көз караш менен карап көрбөгөндүктөн, абдан таң калды. Андан да таң калычтуусу, мындай нерсени таштан угуп жатканы болду.

- Чындыгында, баары сенден башталат деп ойлойсуң. Өзүңдүн денеңди борбор катары кабыл аласың. Баары сенин денеңдин айланасында кыймылдайт, убакыт болсо сенин денеңден өтөт деп ойлоп көнгөнсүң. Сен азыр өзүң бар дүйнөнү жана андагы ташты көрүп жатасың. Бул таштын үстүндө отуруп, анан кетсе болот, бирок таш кала берет деп ойлоп жатасың, – деди таш.
- Андай эмеспи? Сен үчүн башкачабы?
- Албетте, башкача. Менин көзүм, кулагым, мурдум, тилим, колум жок. Менин сезүү органдарым жок. Болбосо алар мага бул дүйнөдөн кандайдыр бир деңгээлде бөлүнгөндүгүмдү көрсөтмөк. Мен Жаратуучунун ичиндеги өз болумумду гана сезгенге көнгөм.
- Анда сен мен жөнүндө кайдан билесиң? – деп таң калды адам.
- Мен сен жөнүндө эч нерсе билбейм. Мен убакыттан да, мейкиндиктен да сырткары турам. Мен жөн гана мени түзгөн түрдүү элементтердин билиминин топтомунан турам. Анан сен келдиң да, мени өзүңдүн сезимдериң менен толтурдуң. Сенин сезимдериң мени жолдун боюнда жаткан ташка айландырып жатат. Сен кеткениңде, сени менен кошо сезимдериң да кетет. Ошондо мен таш болбостон, өзүмдүн жөн гана болумума кайрылып барам. Себеби, мени түзгөн бөлүкчөлөр башынан эле бул убакыт-мейкиндиктен сырткары болчу, ошондуктан, сенсиз мен бул жерге тиешелүү болбой калам.
- Мен сага көңүл бурбай калганда сен жоголуп кетесиңби?
- Жок, жоголуп кетпеймин. Так ушул учурда бизге Жараткан карап жатат. Жараткандын көзүндө биз экөөбүз тең бир убакытта бар болуудабыз. Сен көздөрүң менен менин сырткы кебетемди жаратып жатканыңдай эле, Жараткан да сени, сага өз көңүлүн буруусу менен жаратып жатат. Сен кеткен соң, мен да сен мени көргөн нерсе катары эмес, Жараткан мени көргөн нерсе бойдон түбөлүк калам.

- Сен бул жерде түбөлүк жата алмак белең? Жыл өтөт, кылым өтөт, акыр-аягы сен да чаңга айланасың да, – деди адам.
- Сен мени кайра эле ушул убакыт-мейкиндикке тиешелүү нерсе катары көрүп жатасың. Бирок мен өзүмдү башкача көрөм да. Мен өзүмдү мени түзгөн нерселердин жыйналган билимдеринен турам. Шамал менен жаан мени бара-бара чаңга айландырганда, мен вулкандын ысык лавасы болгонум, аска болгонум, чаң болгонум жөнүндөгү билимди өзүмө камтыйм. Бул билимдер мени менен калат, себеби алар Жаратканга тиешелүү. Мен мунун жаман же жакшы экендигин баалай албайм. Мен жөн гана болумда боло алам. Мен өзүмдү мени түзгөн нерселерден айырмалай албайм. Мен өзүмдүн болумумду гана аңдай алам[40].

Адам өткөн чакты, учур чакты, келечекти айырмалап тааныганда аң-сезим жаралат. Аң-сезим – акыл-эсти, акыл-эс – мээни, мээ – интеллектти, интеллект – акылмандыкты жаратат.

Философиялык өңүттөн аң-сезим түшүнүгү боюнча негиздүү изилдөөлөр дагы да уюштуруулуда. Эң негизгиси, Ф. И. Гиренок белгилегендей, аң-сезим концептин түзүү, - демек ошол эле учурда адамдын концептин түзүүнү билдирет, башкача айтканда, аң-сезимди түшүнүүдө бүгүнкү күндө алдыңкы планга антропологиялык дискурс чыгууда. Заманбап философиянын алдында аң-сезим жөнүндөгү бизге буга чейин ар кайсы булактардан белгилүү болгон билимдерди легитимдөө эмес, бул билимдерди пробематизациялоо милдети турат[41]. Жогоруда каралып чыккан изилдөөлөр чакан гана талдоого алынып, аларды кыскача гана карап чыгууга аракет жасалды. Бул маселенин кызуу изилденип жатышы заманбап доордо өзүнүн курч жана актуалдуу маселе болгондугун көрсөтөт. Дагы бир айтылып кетүүчү нерсе – заманбап доордо аң-сезим маселеси мурункудан да оор жана карама-каршылыктуу абалда турат, анткени заманбап технологиялардын доору жасалма интеллект түшүнүгүн алдыга чыгарып, анын негизинде бир топ маанилүү суроо-жоопторду таратууда. Бул маселеге кийинки бөлүмдөрдө кайрылабыз.

---

[40] Lee. *Ключи к сознанию*. Ridero, 2017, 34

[41] Гиренок, Ф.И., *Сознание и самость.,* Философия сознания: классика и современность: Вторые Грязновские чтения., Москва, Издатель Савин С.А., 2007, 399.

1.2 Жан, рух категорияларынын философиялык мааниси

Байыркы доорлордон өз башатын алып келип, заманбап күндө да дене, жан, рух түшүнүктөрү философторду да, илимий изилдөөчүлөрдү да кызыктырып келет. Биогенетикалык инженериянын өнүгүүсү менен адам денесинин бөлүкчөлөрүн жана органдарын жасалма бөлүкчөлөр менен алмаштыруу канчалык деңгээлде анын жанын сактап калуусуна жардам боло алат? Пробиркадан чыккан эмбриондун жаны барбы? Аны кантип далилдесе болот? Айрыкча психогенетикалык жактан жан деген эмне? Ал адамдын денесиндеби же денеден сырткарыбы? Жан дененин кайсы жеринде – мээдеби, жүрөктөбү, же башка жердеби? Ал эми рух деген эмне? Мына ушул суроолорго илим заманбап убакта да жооп издөөдө. Жан жана рух жөнүндөгү суроолор да философиядагы түбөлүк суроолордун катарына кирет.

Сократтын ою боюнча адам – өзүн-өзү аңдап, таанып-билген жан[42]. Платондун идеалисттик теориясында адамдын жаны идея катары түшүнүлгөн, ал физикалык реалдуулуктан тышкары бар болгон нерсе жана материалдык эмес мүнөзгө ээ, түбөлүктүү жана бузулбас идеалдуу жана абстракттуу бир нерсе. Жан түшүнүгү байыркы доордон баштап эле изилденип келген. Байыркы грек философиясында жан түшүнүгү Сократтын ою боюнча түбөлүктүү жана денеден толугу менен айырмаланып турат. Дене – материалдык нерсе, жан болсо – рухий жана көөзгө көрүнбөгөн нерсе. Жан денени дайыма өзүнө багындырып турат жана натыйжада дененин кыймыл-аракетин башкарат. Жан – аң-сезимдүү жана жаратуучунун (кудайдын) башатын өзүнө камтыйт. Сократтын диалог аркылуу жан билген билимди эстетүү жана эстөө аркылуу биздеги бар билимди аңдоо Платондун “Тэетет” аттуу диалогунда берилет. Ошону менен бирге классикалык грек философиясында дүйнөлүк жан түшүнүгү да бар, эгерде жан – жеке адамдын ички дүйнөсүн аныктаган категория болсо, дүйнөлүк жан идеялардын дүйнөсү менен материянын арасындагы ортомчу катары турат. Жеке адам жүрүм-турумунда жандын буйруктарын аткарып келсе, дүйнөлүк жан идеалдуу дүйнөнүн субстанциалдуулугун өзүнө камтып, реалдуу дүйнөдө жарк эткен жылдыздардын топтому катары белгиленет. адам баласы да, жалпы адамзат да

[42] Платон. *Собрание сочинений* в 4-х т., т.1. С.521-522. М., Мысль, 1990.

кудайга, идеалдуулукка умтулганы бекеринен эмес, анткени ортомчу болгон дүйнөлүк жан ошол субстанциалдуу дүйнө жөнүндө кандайдыр бир маалыматты адамдын ички аң-сезимине жайгаштырат, интуиция күчтүү болгондо ал маалымат жарк этип адамдын аң-сезимине жарык жаратат. Бул көрүнүштү бир табышмактуу-сырдуу нерсе деп аныктоо мүмкүн. Идеялардын жыйындысы идеялар дүйнөсүн түзөт, ал Платондун ою боюнча чыныгы реалдуулук, чыныгы бар, ал эми физикалык дүйнө болсо анын чийки жана болжолдуу эле көчүрмөсүнөн башка эч нерсе эмес. Ошентип, Платондун философиясында жан жеке адамдын болумунун чегинен чыгып, кемчиликсиз, субстанциялык мүнөзгө ээ болуп, дүйнөнүн болумунун түпкү себептеринин бири деп эсептеген.

Байыркы доордогу жан жөнүндө материалисттик түшүнүктү Демокрит иштеп чыккан. Ал жанды жандыктардын денелеринде бар болгон эң жеңил жана кыймылдуу, аларга жашоо касиеттерин берген өзгөчө атомдордон турат деп эсептеген. Демокрит өлүмдү жан бөлүкчөлөрүнүн денеден ашыкча агып чыгышы менен байланыштырган, демек, бул жанды – конкреттүү денедеги руханий атомдордун туруктуу түзүлүшү катары – өлүмгө алып келет, бирок атомдор өздөрү субстанционалдуулукка ээ – ал түбөлүктүүлүк, бузулбастык жана дүйнөдөн көз карандысыздык сыяктуу касиеттерге ээ, бул рухту өлбөс кылат.

Аристотель ой жүгүртүү үчүн жеткиликтүү психикалык процесстерди – сезүү кабылдоолорун, аффекттерин, муктаждыктарын, абстракттуу ой жүгүртүүсүн жана тирүү жандыктардын өсүмдүктөрдөн адамга чейинки өсүшүнүн жана кыймылынын себебин жан деп түшүнөт. Ошол эле учурда, жан адам менен бирге жок болгон көптөгөн бөлүктөрдүн негизинен турат. Бирок абстракттуу ой жүгүртүү – идеалдуу жана космостук акылдын бир бөлүгүн түзөт.

Байыркы жана орто кылымдагы философияда гармонияга басым жасалгандыктан (адегенде табият менен, андан кийин кудай менен), жаңы адам экөөнө тең каршы чыга баштаган. Философтордун көңүлү адамдын активдүүлүгүнө жана тааныпбилүү потенциалына, табигый процесстеринин түпкү маңызын түшүнүүгө жана аларды башкарууну үйрөнүп, андан соң аны коомдун кызматына коюуга багытталган.

Ал эми байыркы индия философиясында жан түшүнүгү “jīva” (дем)– рухий, түбөлүк жандык, өзүнчө бөлүнгөн жан катары каралат. Индуисттик философиянын негизи болгон “Бхагаватгита” жанды өзгөрүлбөгөн, түбөлүктүү

жана бузулгус-бөлүнбөс катары карап, дене өлгөндө жан өлбөйт деп аныктайт. Жан материалдык дүйнөгө тиешелүү эмес, анын рухий башаты бар.

Рух (дух) түшүнүгү философияда жаратмандык күчкө толгон идеалдуу мыкты башат катары каралат. Бул башат адамды жана дүйнөнү абсолюттуу жана баалуу болгон эң жогорку баскычка улам жетилтип, жакшыртып көтөрөт.

Ошол эле байыркы грек философиясында рух космологиялык, рационалисттик түшүнүк. Нус катары – идеялардын идеясы, өзүн-өзү аңдап билген космикалык ой, жана хаостук материяга бир калып берген баштапкы кыймылдаткыч, Логос катары – дүйнөдө сөз мыйзамы менен ирээт жана гармония жаратуучу сөз, Пневма катары – космоско жашоо берген жылуу дем болуп каралат. Адамдагы эң бийик касиеттер – дүйнөлүк рухтун бир бөлүгү.

Байыркы Индиянын философиясы боюнча рух – Атман, Пуруша катары – ааламдын эң бийик башаты. Адам өз ички дүйнөсүнө үңүлүп, кошулганда рух менен биригет.

Жалпы аныктамасы боюнча рух менен жан философиялык түшүнүктөргө кирип, дүйнөнүн идеалдуулугунун эки катмарын билдирет. Бул эки түшүнүк тең адамдын аң-сезимине түздөн-түз тиешелүү категориялар катары каралып келген. Жан – инсандын психикалык мүнөздөмөлөрүнүн биримдиги, ал эми рух болсо – жандын эң жогорку катмары. Адамдын ички дүйнөсүндө болгон процесстердин баары аны сырткы дүйнө менен байланыштырып турат. Адамдын жаны анын бул дүйнөдөгү болумун куруучу негиз катары таанылат. Руханий түшүнүк болсо рухтун өзгөчө негиздери, мисалы тил, адептүүлүк, идеология, саясат, дин, искусство жана философия.

Толук жана так аныкталган мааниде Г. Гегелдин философиясында рух “адамдагы жаратуучунун (кудайдын) аң-сезими”, башкача айтканда Абсолюттук рух катары каралганы белгилүү. Абсолюттук рух, абсолюттук идея, дүйнөлүк акыл же дүйнөлүк рух табияттын бардык кубулуштардын негизинде абсолюттук жана руханий башат болуп саналат. Бул башат активдүү жана ишмердүү, ал ой жүгүртүүдөн, тагыраак айтканда өзүн-өзү таанып-билүүдөн турат[43]. Анын өнүгүшүндө абсолюттук идея үч этаптан өтөт: анын өнүгүшү (таза ой жүгүртүүдө), башка болум түрүндөгү өнүгүүдө жана тарыхта өнүгүү (рух философиясы). Абсолюттук рух Г. Гегелдин философиялык системасында

[43] Гегель, Г.В.Ф. *Феноменология духа.* Перевод Г. Шпет, Санкт-Петербург, Наука, 1999.

абсолюттук идеянын өзүн-өзү аңдоосун ишке ашыруучу рухтун өнүгүшүнүн акыркы, үчүнчү звеносу. Объективдүү рухтун этаптарынан өткөндөн кийин, абсолюттук идея өзүнө кайтып келип, искусстводо, динде жана философияда өз мазмунун таанып-билет[44].

Жан – аң-сезимдин туруктуу агымында индивидуалдуулуктун бирдейлигин сактоого мүмкүндүк берүүчү адамдын табиятынын өзгөчө жашоо күчү, материалдык эмес башаты. Бул түшүнүк менен философиянын тарыхында идеализмде, өзгөчө, материалдык эмес субстанция менен аныкталган адамдын ички дүйнөсүнө көз караш билдирилген. Алгачкы адамдардын түшүнүктөрүндө жан материалдык эмес нерсе катары каралат (кан, дем). Динде жан "тиги дүйнөдө" жандыктын денесинен көз карандысыз, өз алдынча болгон, өлбөс-өчпөс материалдык эмес күчү. Идеалисттик философияда жан аң-сезимдин тигил же бул элементи менен аныкталат. Платон жанды түбөлүктүү идея, Гегель жанды рухтун төмөн, сезим жактаган материя менен байланыштуу көрүнүш (сезүү жана ишмердүү жан) деп эсептеген. Дуалисттик көз караштарда жан дене менен бирге башат катары жана бар нерсе катары каралат (Р. Декарт, Г. Спенсер, В. Вундт, У. Джеймс). Марксизмге чейинки материализмде (Демокрит, метафизикалык материализм) жан туунду, денеге көз каранды деп каралган, бирок мында жандын психикалык ишмердүүлүгү механикалык же физикалык-химиялык процесстер катары каралган. Христиандык антропология адамгабаарынан мурда руханий тартиптин көрүнүшү катары карайт, мында жан рух менен дененин ортосундагы мамилелерде ортомчу катары иш алып барат, анда адамдын турмуштук дүйнөсүнүн негизги сыры жана мааниси камтылган. Идеалисттик системаларда жан башка дүйнөдө болгон өзгөчө материалдык эмес субстанция, көз карандысыз жана денеге көз каранды эмес күч катары каралат (жашоого жөндөмдүү дененин энергиясы, денеге сырттан берилген дем сыяктуу эле кан - жандын ташуучусу). Диалектикалык материализм жанды адамдын психикасынын синоними катары аныктайт.

Адамдын жаны – бул анын болумунун өзгөчө сапаты, ал адамдын сырткы дүйнө менен өз ара мамилелеринде монаддуулугун камсыз кылат жана мазмундуу маалыматты кайра иштетүүнүн негизинде пайда болгон психикалык тажрыйба

---

[44] Некрасова Н.А., Некрасов С.И., Садикова О.Г. *Тематический философский словарь: Учебное пособие.* – М.: МГУ ПС (МИИТ), 2008, 41.

түрүндө көрсөтүлөт. Ал адамдын руханий маңызынын бардык башка деңгээлдеринин жана катмарларынын функционалдуулугун аныктайт, аларды бирдиктүү макулдашылган организм катары башкарат. Жан ата-энесинен мураска калбайт, аны коом калыптандырбайт. Ал төмөнкү касиеттерге ээ: биринчиден, бардык нерсеге катышы бар (демек, бардык нерсеге адамдын эмпатиясы бар); экинчиден, адамдын жан-дүйнөсүндөгү сезимдер терең чындык жана кол тийгис; үчүнчүдөн, жан өзүнөн башка эч кандай мажбурлоого баш ийбейт, демек, эрктүү. Демек, аны адам баласынын денелик жана руханий байланышын камсыз кылган адамдын жашоосунун башаты деп аныктоого болот. Жан – бул адамдын турмуштук экзистенциалдык башталышы, ал адамдын менталитетинде потенциалдуу түрдө камтылган, бирок конкреттүү кубулуштарда баалуулук катары жана маңыздуу түшүнүүнүн натыйжасында гана пайда болгон, анын табигый жана эрктүү мүмкүнчүлүктөрүн активдүү абалга келтирген психикалык тажрыйба катары көрүнөт[45].

Рух (лат. жыт, ичке аба, дем, жыт) –идеалдуу, аң-сезимге, материалдык башаттан айырмаланып материалдык эмес башатын бирдей туюндурган түшүнүк,"ой жүгүртүү" түшүнүгү менен бир мааниде. Байыркы грек философиясы рухту теоретикалык ишмердүүлүк катары караган (мисалы, Аристотель үчүн рухтун эң жогорку формасы катары ой жүгүртүү жөнүндө ой жүгүртүү, башкача айтканда теориядан ырахат алуу болгон). Рух интуитивдүү түрдө таанылуучу жогорку деңгээлдеги акыл-эстин башаты (Плотин) катары да белгилүү болгон. Мындай көз караш диний идеологияга жакын, ага ылайык рух – табияттан тышкаркы маңызга ишенимдин предмети гана боло алган Кудай. Немец классикалык идеализминин көз карашы боюнча рух өзүн-өзү аңдап билүүнү туюнткан. Ошентип, Г. Гегель рухту аң-сезимдин акылда жүзөгө ашырылуучу бирдиги катары, практикалык жана теориялык иш-аракеттердин биримдиги катары түшүнгөн: рухтун болуму анын иш-аракети, бирок бул иш-аракет билим катары гана түшүнүлөт. Рух, Гегелдин ою боюнча, табигый, сезүүчү нерселерди жеңет жана өзүн-өзү таануу процессинде өзүнө чейин көтөрүлөт. Материалисттик философия рухту табияттан кийинки орунда турат деп эсептейт. Байыркы матералисттер үчүн рух – бул бүт денеге таралган рухтун эң акылдуу бөлүгү. Материалисттер 17-18-кылымдарда (Т.

[45] Некрасова Н.А., Некрасов С.И., Садикова О.Г. *Тематический философский словарь: Учебное пособие,* 118.

Гоббс, Д. Локк, Ламетри) рухту сезимдердин айкалышы же жалпы жонунан сезимдин бир түрү катары гана түшүнүшкөн. Диалектикалык материализм руханий сезимдерди материядан көз карандысыз бар нерсе катары кабылдоону четке кагат. Адамдын болуму рухтан көрүнөт. Адамдын руху аң-сезимге негизделет. Аң–сезим – бул башка адамдар менен бирдикте коомдо өнүккөн адам тарабынан иштелип чыккан, кеп же символ формасында чындыкты активдүү жана бүтүн түрдө чагылдырган билим. Аң-сезимдин маңызы – жаңы келген маалыматты мурунку тажрыйба менен байланыштырууда турат, мында адам өзүн курчап турган дүйнөдөн бөлүп чыгарат жана өзүн бул дүйнөгө субъекттин объекти катары көрсөтөт, ага эмоционалдык баа берүү жана курчап турган материалдык жана өзүнүн руханий дүйнөсүндө болуп жаткан окуялар жөнүндө алдын ала ойлонуу элесин түзүү менен камсыз кылат. Ушундай жол менен, рухту аң-сезимдин субъективдүү абалы катары аныктоого болот, ал өзүн-өзү өркүндөтүүгө жана универсум менен жашоонун бүтүндүгүнө багытталган умтулуу менен гана көрүнөт.[46] Демек, дене, жан, рух түшүнүктөрү адамга байланыштуу нерсе, ошондуктан, илимий тармактардын түрдүү багыттарына кирет.

Н. Гартмандын "Чыныгы дүйнөнүн түзүлүшү" эмгегинде ал "дүйнө стратификациясы" түшүнүгүн сунуштайт. Анын ою боюнча, дүйнө катмарлуу түзүлүшкө, иерархияларга ээ жана төрт сапаттык жактан айырмаланган катмарлардан турат: органикалык эмес, органикалык, жан жана рухий. Болумдун ар бир жогорку катмары улам төмөнкүгө "катмарланган". Катмарлардын формалары жана алардын түзүлүшү бирдей эмес. Органикалык жаратылыш процесстери өзүн-өзү жөнгө салуусуна негизделген. Идеалдуу катмар убакыттын өтүшү менен гана бар. "Жеке чөйрөлөрдүн жабылышы" жана "тажрыйбанын агымы" менен адамдын жан-дүйнөсү "каалоо, иш-аракет, таанып-билүү, сүйүү жана жек көрүүнү" камтыйт. Ал руханий жашоону инсанга чейин кыскартпайт, ал "тарыхый объективдүү рухтун тегиздигин" түзөт жана тил, укук, искусство, адеп-ахлак, дин формаларында көрүнөт. Аң-сезимсиз дүйнөнү ал аң-сезимдин трансценденталдык тарабы менен байланыштырат. Адамдарда бул аң-сезимсиздик жаны аң-сезимди жаратат. Аң-сезимсиздиктин максаты дүйнөнү

[46] Некрасова Н.А., Некрасов С.И., Садикова О.Г. *Тематический философский словарь: Учебное пособие*, 117.

каалоолордон куткаруу. Ошондуктан, бул максат сезимдин максаты болуп саналат. Руханий деңгээлде индивиддер өздөрүнөн ашып, эркиндикке жана баалуулуктарга "чөмүлгөн" инсандарга айланат[47]. Коомдо жана объективдүүлүктө болгондо гана инсан адеп-ахлактуу жана жоопкерчиликтүү адамга айланат. Катмарлардын ортосундагы катыш "катмарлашуу мыйзамдары"менен аныкталат. Руханий болумду талдоодо Н. Гартман жеке жана объективдүү рухтун өз ара аракеттенүүсүн изилдөөгө чечүүчү маани берип, объективдүү рух адам инсандарынан тышкары реалдуу түрдө жок экенин, бирок алардын жалпы обочолонгон жана инсансыз формасы катары көрүнөт деп ырастайт. Объективдүү рух, ааламдык элемент катары, жеке аң-сезимден жогору көтөрүлүп, өзүнүн структурасына ээ болгон бүтүндүктү билдирет. Э. Гуссерль менен М. Шелердин ой жүгүртүүсүн улантып, К. Дилтейдин идеялары менен гегелдик абсолюттук рухтун мистикасын жеңүүгө аракет кылып, Н. Гартман интенционалдуулукту субъект менен объекттин ортосундагы имманенттик-трансценденталдык мамиле катары карап, ал аң-сезимге гана эмес, аффекттерге да мүнөздүү деп эсептейт. Ал сезимдерди инсандын ички дүйнөсүнүн көрүнүшү катары гана эмес, алардын объективдүү түрдө берилгендигинин бар экендигин билдирет, аларды баалуулуктар катары көрсөтөт. Гартман боюнча баалуулук мамилелери эки уюлга ээ: эмоционалдык-трансценденттик актыларды түзгөн субъективдүү жана алардын интенциалдык предметтерин түзгөн объективдүү баалуулуктар. Мында баалуулуктарды рационалдуу билүү мүмкүн эмес. Алар адамды интуитивдүү түрдө бир нерсеге артыкчылык берген сүйүү, бакыт сыяктуу өзгөчө баалуулук сезимдеринде – ачылат. Жыйынтыктап айтканда, жан жана рух, рух жана аң-сезим категориялары бир параллелде каралат, бирок алардын так жана толук кандуу аныктамасы табыла элек. Эмне себептен философиянын тарыхында аталган категориялар бир ирээтте берилет (жан, рух, аң-сезим) деген суроо жаралса, ал ирээттүүлүк дүйнөнүн өнүгүүсүнүн жолунда деп жооп берүүгө болот. Адамдын илимий деңгээли чектелген байыркы мезгилдерде жан кандайдыр бир жаратуучу күч катары сезилип, ал жөнүндө философтор көп ойлонгон. Мунун негизинде жалпы дүйнөгө байланыштуу түшүнүктүн керек болгондугунан улам “рух” категориясы ортого чыккан. Адам менен адамзат бутуна туруп, өз эркине таянып, интеллектуалдуу күчкө айланган учурдан тарта “аң-сезим” категориясы

[47] Гартман Н. *Строение реального мира* / Н. Гартман. М.: Гардарики, 1999.

дароо көрүнүктүү орунду ээледи. Адамдын “мени”, аң-сезим мендеби же мен аң-сезимдеминби суроосу курч маселелерди алдыга чыгарды. Дегеле аң-сезим, ой жүгүртүү, интеллект, жан, рух адам баласына гана тиешелүү нерселерби же, мисалы, осьминогдордун, каргалардын, дельфиндердин интеллекти болгондой эле аң-сезимдин да илимге белгисиз түрлөрү барбы? Андай болсо бул гумандуулукка алып келеби, же дегуманизацияга багыттайбы? Бул логикага таянсак заманбап мезгилде аң-сезим түшүнүгү аябагандай маанилүү маселелердин катарына кирип, өзүнө карама-каршылыкты түзгөн түшүнүктөрдү да алдыга чыгарды. Мындан улам, Сократтын “өзүңдү таанып-бил” деген сөзү заманбап технологиялардын доорунда улам жаңы маанилерге жетеленип, “өзүң менен тааныш” маанисинде адамдардын арасында кеңири таралууда. Мүмкүн ушул себептен улам учурда социалдык тармактарда инсандын өзүн-өзү өнүктүрүү курстары күч алууда. Бул да адамдардын өнүгүүсүнө, муну менен бирге коомдун өнүгүүсүнө, жыйынтыкта жалпы адамзаттын өнүгүү деңгээлин жогорулатууга шарт түзгөн факторлордун негизгиси боло алат.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ. «МЕН» МАСЕЛЕСИ ФИЛОСОФИЯНЫН ТАРЫХЫНДА

Философиянын тарыхында “мен” маселеси борбордук жана түбөлүк түшүнүктөрдүн бири катары каралат. Байыркы грек философиясында алгач адам маселеси, адамдын “мени” жөнүндөгү идея пайдейя концепциясынын алкагында каралган. Пайдейянын контекстинде адам жалпысынан ар тараптуу тарбия жана билим алган полистин идеалдуу жаранын түшүндүргөн. Ар бир идеалдуу жарандын идеалдуу болуусу үчүн илимдерди жана искусствoлорду энциклопедиялык деңгээлде үйрөнүп, билимдүү аскер катары билим алып, ушундай даярдык алган соң, эрезеге жеткенде гана философияны үйрөнүүгө киришкен. Сократтын майевтикасы боюнча адам өзүн-өзү аңдап билгенде жаңы төрөлөт. Сократтан кийин Платон да, Аристотель да, "мен" бул космостун бөлүкчөсү болгон индивидуалдык жан деп ойлошкон. Демек, адам жалпы нерсенин ташуучусу болуп калат. Жалпы аныктоо боюнча “мени” бар адам өз иш-аракетин көзөмөлдөгөн, өз ишмердүүлүгүнө жоопкерчилик алган жана ар кандай инициативаларга даяр адам боло алат.

Пайдейя концециясы орто кылымдарда христиан, башкача айтканда диний контесттеги кудайга жалынган, тиленген адам түшүнүгүн ташып,

Жаңы доордун философтору Р. Декарт, Г. Лейбниц, И. Фихте "мен" деген бул – бүт баары, бүт универсум деп эсептешкен. Р. Декарт өзүнүн философиясынын негизги тезисин "Мен ойлойм, ошондуктан бармын"[48] деген негизде түзөт. Р. Декарт аң-сезим маселесине да жаңы көз карашты иштеп чыккан. Бул көз карашка ылайык, аң-сезимдеги ой түрүндө бар болгон нерселер гана чыныгы реалдуулукта бар нерселер. Бар нерселердин элестери (образдары) кабыл алуунун натыйжасы эмес, алар чыгармачыл элестетүү аркылуу жаралат. Демек, аң-сезимди чыгармачылык деп түшүнүү керек. Г. Лейбниц чыгармачыл элестетүүчү аң-сезимге ээ инсанды “кичинекей кудай” деп атаган. Фихте “мен” – бул таанып-билүүчү бар нерсе деп негиздеген, Ф. Ницше “өзүңдө өзүңдү тап, бир өңчөй бол, теңдеши жок бол, өзүңдөн башка нерсени тааныба” деген тезисти негиздеген.

[48] Декарт., Р., *Рассуждения о методе.* С приложениями Диопртика, Метеоры, Геометрия., Издательство Академии наук СССР, 1953., 33.

Жаңы доордо адамдын “мени” адамдын акыл-эси, ой жүгүртүүсү жана аң-сезими менен тыгыз байланышта каралган.

"Мен" деген сөз менен ар бир адам өзүн гана атайт, бул сөз менен башка адамды атоого болбойт. "Мен" – бул адамдын өзү үчүн гана бар болгон нерсе. Адамдын "мени" ар дайым анын жанында, андан арылууга болбойт. Аны менден эч ким тартып ала албайт, аны менден бөлүүгө болбойт жана аны башка эч ким өзүнө ыйгара албайт.

Менин "өзүмдү" өзүм кабылдагандай эч ким кабылдай албайт. Мен "өзүмдү" "ичимден" кабылдайм. Мындай кабылдоонун натыйжасында ар бир адамда аң-сезимдин өзгөчө "бөлүгү" пайда болот. Чындыгында да, өзүн-өзү аңдап билүүнүн предмети – адам, ал анын алып жүрүүчүсү, демек, өзүн-өзү билүү предметине адамдын аң-сезими кирет. Ошентип, өзүн-өзү аңдап-билүүнүн өзүнүн да предмети бар. Өзүн-өзү аңдап-билүүнүн калыптанышы адам баласынын эң жөнөкөй өзүн-өзү сезүү жана өзүнө-өзүн таануулоо аракеттеринен башталат. Адам кичине кезинен сүйлөө кебин өздөштүрүү процессинде алгач өзүн башкалар атагандай атайт жана эки-үч жашында гана "мен" деген ат атоочту өздөштүрөт. Өзүн-өзү таанып-билүүнү өнүктүрүүдө анын башка адамдар менен баарлашуусу, өзүн алар менен салыштыруусу жана өзү жөнүндө ой-пикирлерин кабыл алуусу чоң роль ойнойт.

Өспүрүм куракта жана бойго жеткенде, адамдын “мени” өзүнчө жеке өзүн-өзү мүнөздөө акырындык менен өзүнүн "мени" "мен-концепция" жөнүндөгү идеяларынын бирдиктүү тутумуна синтезделет. Ар бир калыптанган инсандын белгилүү бир "мен концепциясы" бар. Адамдар, адатта, аны өзгөртүү үчүн күрөшүшөт жана ал нерсе аздыр-көптүр туруктуу түрдө адамдын ичинде өмүр бою сакталат.

Мендеги "сырткы мен" – бул менин "сырткы көрүнүшүм", тагыраак айтканда, башкаларга кандай таасир калтырганым. Бул жерде "сүрөттөлгөн мен" – башкалардын көзүнө тарткан менин "мен" элесим менен "кабылданган мен" – мени башкалар кандай кабыл алышарын айырмалоо зарыл.

Мендеги "ички мен" – бул менин "чындыгында" кандай экенимди, башкача айтканда, өзүмдүн алдымда кандай көрүнгөнүмдү элестетүүм. Бул элестетүүгө

"чыныгы мен" (мен заманбап учурда кандай болсом), "потенциалдуу мен" (мен болууну көздөп жаткан жана бир аздан кийин болом деген “мен”) жана "идеалдуу мен" (мен болгум келет жана эч болбосо эмнеге умтулууну туура деп эсептейм) элестери кирет.

Жогоруда айтылып кеткен "мен" сүрөттөрү дайыма эле бири-бирине шайкеш келе бербейт. Экөөнүн ортосунда карама-каршылыктар болушу мүмкүн. Мисалы, мен өзүмдү тамашакөй, тамашага шыктуу адам катары көрсөтө алам, бирок башкаларга мен кызыксыз көрүнөм жана менин тамашаларым таптакыр күлкүнүштүү деп эсептелбейт. Мендеги "чыныгы мен" болсо "идеалдуу мен" менен дал келбеши мүмкүн. Ал эми "сырткы мен "маска" болушу мүмкүн, ал менин өзүмдү жийиркентип, "ички дүйнөмдү" көрсөтүүгө тоскоолдук түзөт да, мен чындыгында кандай болсом ("чыныгы мен") же боло алам ("потенциалдуу мен") жана башкаушул сыяктуу карама-каршылыктар "мен" түшүнүгүн бузуп, психологиялык жактан ыңгайсыздыкты жаратат да, кайсы бир учурларда инсандын бузулуусуна алып келиши мүмкүн. Аларды жок кылуу жана "мен-концепциянын" (жана анын инсандыгынын) бүтүндүгүн сактоо үчүн, адам өзүн-өзү таанып-билүүгө кайрылып, андагы "мен-концепцияны" өзгөртүшү керек же ага ылайык өзүн кайрадан жаратышы, куруп чыгышы керек. Бирок, адамдын өзүн-өзү таанып-билүүсүнүн натыйжасында аң-сезимдүү түрдө келип чыккан анын "мен" жөнүндөгү идеялары анын чыныгы "мени" менен бирдей эмес. Бул жөн гана "мен" эмес, "менинин" элестери (образдары) (бирок мында "мен" менен "мен" образынын ортосунда албетте байланыш бар). Мендеги “мен” – бул мен өзүм жөнүндө ойлогонум эмес, менин аң-сезимиме ээ болгон алып жүрүүчү.

"Мен" деген сөз эмнени билдирет, бул сөздүн мааниси кандай? Философияда адам баласынын "менинин" сырын, анын маанисинин "кармалбастыгын", объект катары "жазылбай турган" сырын түшүндүрүүгө ар түрдүү ыкмалар каралган.

И. Канттын айтымында, адамдын "мени" кош мүнөзгө ээ. Бир жагынан ал "биз-үчүн-нерсе" (вещь для нас), экинчи жагынан "өзүндөгү нерсе" (вещь в себе)[49]. "Биз-үчүн-нерсе" – бул "эмпирикалык мен", өзүн-өзү байкоо, бул эрезеге жеткен адамдын психикалык жашоо кубулуштардын жыйындысы болуп саналат. "Өзүндөгү нерсе" – бул "трансценденталдык мен", ал "биздеги ой жүгүртүүчү

[49] Кант., И., *Критика чистого разума*., М.:, Издательство “Наука”, 1999, 353.

маңыз". "Өзүндөгү нерсе" болсо "трансценденталдык мендин" түпкү маңызын негизи эле таанып-биле албайт. Бирок ал ар бир инсандын ички руханий тажрыйбасында белгилүү болгон ар кандай "эмпирикалык менин", ар кандай конкреттүү жеке аң-сезимдин негизи катары, "жалпы эле жеке аң-сезимдин" бар болушунун зарыл шарты болуп саналат.

Жалпысынан, адамдын “мени” анын өздүгүн, анын борборун түзөт да, адамды курчап турган дүйнөнү таанып-билүүдө өзүн аңдоосу десек болот. Өзүн таанып-билүүдө адам башка адамды (Другой) таанып-билүү, аны менен байланыш түзүү аркылуу өз өздүгүн курат (М. Бубер, М. Мерло-Понти). Башка адамды таанып-билүүдө адам өзүн аны менен салыштырат да, башка адамды “мен-эмес” (не-Я) катары таануу аркылуу өз уникалдуулугун биле алат.

Ошол эле учурда “мен” башка адамдар менен мамиле түзүү, баарлашуу аркылуу пайда болот, демек адамдын “мени” башынан эле ага берилген нерсе эмес болушу мүмкүн. Д. Мид адамдын “мени” коомдун талаптарына ылайыкташкан деп белгилеп, коом таңуулаган социалдык “мен” образын андан бөлүп караган. Адамдын коомдо ташыган маскасы пайда болду. И.С. Кон белгилегендей, коомдогу мен өзүмө тагып алып жүргөн маска мага учурда жетишпеген касиеттерди компенсациялайт[50]. Д. Поттер адамдын социалдык структурадагы орду анын “менин” аныктап калган учурларда “мен” адамдын чыныгы маңызы эмес, болгону эле анын социалдык маскасы[51].

Экзистенциализмдин көз карашынан алганда адамдын "менинин" маңызы катары аны чындыгында бар нерсе эмес, жашоонун ар бир көз ирмеминде адам ишке ашыра турган "долбоорду" гана түзөөрү менен байланыштуу. Ж.-П. Сартрдын айтымында, адам үчүн "бар болуу" жөн эле "болуу" эмес, ар дайым эркин "өзүн өзү-тандоо", "өзүн-өзү жасоо" дегенди билдирет. "Өзүн-өзү тандоонун" абсолюттук эркиндиги адам үчүн өмүр бою көтөргөн оор жүккө айланат. Адамдын "мени" өзүнүн болумдан эч качан таппайт, адам ар дайым "кандай болсо, ошондой болгон нерсе эмес жана кандай болбосо, болбогон нерсе да эмес". Менин өзүмдүн кандай болуп көрүнгөндүгүм эмес, кандай “мен” болгондугумду

[50] Кон, И.С. *В поисках себя. Личность и её самосознание*. М., 1984.
[51] Поттер, Д., Уезерел, М. Дискурс и социальная психология: за пределами установок и поведения. URL http://psyberlink.flogiston.ru/internet/bits/potter.htm (22.06.2023)

көрүү үчүн мага карап турган башка адамдын болуушу жетиштүү[52]. Дагы бир экзистенциалист Г. Марсель айткандай, “мен эмне экенимди жана мен өзүм болуу менен эмне боло аларымды бир гана кудай билет”.

Вл. Соловьев, Н. Бердяев, С. Франк, Н. Федоров жана башкалар орус диний философиясынын негизинде адамдын “мени” Космос, Кудай менен байланышта, демек, ал автономдуу эмес деп аныкташкан. Мындан да маанилүүсү, адамдын “менин” жалгыз гана ой жүгүртүү менен чектеп, аныктоо мүмкүн эместигин белгилешкен. Болумда “мен” жана Абсолют (Кудай) бар дешкен. Мындан улам адамдын “мени” дүйнөнүн негизги реалдуулугу боло албайт. Ал эми ой жүгүртүү, таанып-билүү жалпы жонунан эле “аң-сезимдерге” тиешелүү. Ой жүгүртүү жөндөмү “мен” болумундагы эң эле ээрчиме нерсе.

Жогоруда кыскача гана каралып кеткен концепциялардын баары өз мазмунуна жараша адамдын “менин”татаал жана көп мүнөздүү экендигин көрсөткөн. И. Кант ар бир индивидуалдуу “менде” жалпы адамзаттын башаты бар экендигин белгилеген. Экзистенциалисттердин ар бир адам өзүнүн "менинин" жаратуучусу деген ою да мазмундуу да, жүйөөлүү да көрүнөт.

Адамдын "менинин" маңызын түшүндүргөн бирдиктүү аныктама илимде жок. Бул маселе ар бир адам үчүн жеке маселе, коом жана илимдер үчүн болсо жалпы маселе катары кабылданат. Адамдын “мени” - дайыма адам менен чогуу болгон, адамдын кыймыл-аракетин жана жүрүм-турумун баалап, аныктап турган нерсе. Адамдын "менинде" ишеним, үмүт, сүйүү, абийир сыяктуу анын руханий негиздери сакталып турат. Себеби, мындай негиздерди жоготкон адам жашоого арзый турган нерселердин бардыгынан ажырайт. Алар жок болсо, анда адам үчүн жашоо өз баасын жоготот[53].

Буга чейин “мен” жөнүндө айтылгандардан улам, аны түшүнүү үчүн анын психологиялык өзгөчөлүктөрүн, маданий диапазонун, социалдык ролдорун билүү керек деп жыйынтык чыгарса болот. Буга карабастан, адамдын “мени” философияда (башка илимдерде да) ачык суроо жана түбөлүк маселе бойдон калууда. Айрыкча жасалма интеллекттин өнүгүүсүнө эң эле ыңгайлуу шарттарды

---

[52] Сартр, Ж.П. *Бытие и ничто: Опыт феноменологической онтологии*. М., 2000, 285.
[53] Бранская Е. В. *Основы философии : учебное пособие для среднего профессионального образования*. Москва. Издательство Юрайт, 2023. — 153

түзгөн заманбап доордо адамдын “табигый мени” жана жасалма интеллекттин “жасалма мени” (же “технологиялык мени”) канчалык деңгээлде адамга өз таасирин тийгизет, кандай коркунучтарды жана өзгөрүүлөрдү алып келет деген суроону коюуда. Бул суроо болсо өз кезегинде адамзаттын алдына абдан курч маселелерди коюуда. Технологиялардын өнүгүүсү менен бирге адамзат цивилизациясы өзүн коркунучтуу фазага такап жаткан жокпу? Адамдардын өнүгүү деңгээли технологияларды, жасалма интеллектти жөн гана жардамчы каражат катары колдонууга мүмкүнчүлүк берчүдөйбү? Же адамдын “мени” жасалма-технологиялык “мен” менен алмашып калышы толук мүмкүнбү? Жасалма “мен” адамдын мүмкүнчүлүктөрүн толуктай алабы же адам ой жүгүртүү жөндөмүн жоготуунун алдында турабы? Ушул сыяктуу суроолор азыр философиянын, илимдердин жана адамзаттын алдында өз жообун күтүп турат.

2.1 Салттык цивилизацияда «мен» түшүнүгү

Адамзаттын өнүгүүсүндө варвардык жана жапайы коомдордун доорун өткөндөн кийин көптөгөн цивилизациялар коомдун конкреттүү түрлөрүн түзгөн да, ал коомдордун ар биринин өзүнчө тарыхы болгон. Белгилүү философ жана тарыхчы А. Тойнби өз эмгектеринде[54] жыйырма бир цивилизацияны сүрөттөгөн. Алардын бардыгын эки чоң класска, тиешелүүлүгүнө жараша цивилизациялык прогресстин түрлөрүнө – салттуу жана техногендик цивилизацияга бөлүүгө болот.

Салттык цивилизациядагы “мен” түшүнүгү философиялык көз карашта Байыркы Грецияда пайдейя түшүнүгү катары калыптангандыгы адамдын тарбиялуу жана билимдүү болуусунун так системасына башат болгон. Жогоруда айтылгандай, байыркы жана орто кылымдагы “мен” түшүнүгүнүн ордуна колдонулган адам, жан жана рух түшүнүктөрүн Сократ, Платон, Аристотель, Демокрит сыяктуу философтор иштеп чыгышкан.

Салттуу цивилизация катары, адатта, табигый жашоо шарттарына жогорку деңгээлде көз каранды коом мүнөздөлөт. Бул коомдо адам индивид катары өз социалдык тобу менен күчтүү байланышта жашагандыктан, коомдук кызыкчылыктарга баш ийет.

Адамда иш-аракет жана жүрүм-турум ачык мүнөзгө ээ болот, адамдын жашоосу тубаса инстинкттик механизмдер менен шартталбаган иш-аракет өнүккөндө башталат. Демек, адам тубаса табигый инстинкттен эркин төрөлөт. "Эркиндик" болсо дагы, бул позитивдүү эркиндик эмес, бирок ошол эркиндикте адам акырындык менен индивид катары өнүгүп келе жаткан адамзат цивилизациясы өсөт. Адамдын биологиялык жеткиленсиздиги, андагы инстинктивдүү тубаса адаптациянын жоктугу анын коомдук ишмердүүлүгүн өнүктүрөт. Адам өзүнүн жашоосун камсыз кылуу менен бирге ойлоно, биле, түшүнө, эмгектене, жарата баштайт.

Алгачкы уруулук коомдогу адам өзүн акыл жагынан да түбөлүк бүтүндөн ажыратпайт. Ошондуктан, И.С. Кон[55] өз изилдөөлөрүндө жазгандай, уруулук коом али адамды билбейт, социалдык жактан уруусунан айырмаланган адамдык социалдык "менди" билбейт.

---

[54] Тойнби, А. Дж., *Цивилизация перед судом истории: Сборник.*, М.: Айрис-пресс, 2003. (2-е изд.).
[55] Кон И.С. *Открытие «Я».* М. Политиздат. 1978.

Эмгектин бөлүнүшүнүн калыптанышы, акыл эмгегин физикалык эмгектен бөлүү, шаарлардын жана сооданын пайда болушу адамдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн маңызын олуттуу өзгөрткөн. Ар кандай социалдык-маанилүү сапаттарга ээ адамдардын көп түрдүүлүгү калыптанып, өзүн-өзү аңдоодо өзүнүн адамдыгын идентификациялоо жүрүп, рефлексивдүү менталитеттин адамы калыптанган. К. Ясперс байыркы цивилизациялардын коомдорунун чиришиндеги мындай психикалык өзгөрүүнү, миф менен алдын-ала айтылган тарыхтын мифологиялык адамынан заманбап себептик-логикалык ой жүгүрткөн индивидге өтүү деп белгилеген.

Европада орто кылымдардагы салттуу адам жеке эркиндигинин жоктугу менен мүнөздөлөт. Орто кылымдагы индивид катуу жөнгө салынат, ал коомдук структурада белгилүү гана бир орунду ээлейт. Ж. Ле Гофф орто кылымдардагы коомдун түрдүү класстык-кесиптик түзүлүшүн мүнөздөп, тринитардык классикалык схеманын бар экендигин баса белгилейт: кудайга сыйынгандар, согушкандар, иштегендер (oratores, bellatores, laboratores)[56]. Орто кылымдагы коомдун адамынын социалдык жактан бир класстан экинчи класска өтүү мүмкүнчүлүгү дээрлик болгон эмес. Орто кылымдарда көбүн эсе адам туулган жеринде жана ошол эле социалдык топто калган. Кол өнөрчү өз товарын базарда сатууга, дыйкан айыл-чарба жүргүзүүгө жана салык төлөөгө милдеттүү болгон. Ушул сыяктуу чектөөлөр экономикалык ишмердүүлүк чөйрөсүнө гана эмес, бүткүл коомдук жана жеке жашоого да тиешелүү болгон.

Орто кылымдагы коомдун адамын Ж. Ле Гофф (“Орто кылымдагы батыш цивилизациясы”), А. Я. Гуревич[57] (“Орто кылымдагы дүйнө: үн катпаган көпчүлүктүн маданияты”), Й. Хейзинга[58] (“Орто кылымдын күзү”) сыяктуу орто кылымды изилдеген тарыхчылар, философтор жана маданият таануучулар жакшы талдашкан. Алардын изилдөөлөрүндө адамдын иш-аракетти, кесипти, жашоо образын тандоодо эркин эмес болгондугу аныкталган. Башкача айтканда, адамдын өзүнүн тандоосу болгон эмес. М. Вебер белгилегендей, орто кылымдагы адам салттуу жашоо образын сактоо үчүн зарыл болгондон ашыкча иштөөгө стимулу да болгон эмес. Демек, адам чектелген канондор боюнча гана өнүгүп, К.

---

[56] Ле Гофф Ж. *Цивилизация средневекового Запада*. М., 1996.
[57] Гуревич А.Я. *Средневековый мир: культура безмолствующего большинства*. М.,1990.
[58] Хёйзинга Й. *Осень Средневековья*. М., 1993.

Маркс белгилегендей, коомдо калыптанган коомдук мамилелердин сүрөтү жана натыйжасы катары чагылдырылат.

Адамдын инсандыгы анын коомдогу ролу менен аныкталган, бирок бул тигил же бул ишти тандап, белгилүү бир жашоо образын алып барган адам эмес. Социалдык система белгилүү бир индивид өзүн бир бөлүгү катары сезген табигый тартип катары каралган. Коомдун мыйзамдарын мурастоо процесси коомдук тартипти уламдан-улам кайра жараткандыктан, адам ошол коомдук тартиптин чегинен чыга албаган мүчөсүнө айланган деп да айтуу мүмкүн. Ага таандык болуу сезими жеке ишенимди жаратып, ага белгилүү, салт менен ырааттaлган жашоо деңгээлин камсыз кылган. Изилдөөчүлөр Я. Буркхард, М. Бахтин, Ж. Ле Гофф, А. Гуревич, Э. Фромм[59] (“Эркиндиктен качуу”), И. Кон, индивидуалдык өнүгүү кеч орто кылымдарда гана байкалганын белгилешет.

Италиянын Ренессанс доору алгач феодалдык коомдун байланыштарын үзүп, орто кылымдагы структураларды талкалап, адамды индивидуалдаштыруу тенденциясын түзгөн. Бул мезгил адамдын дүйнөнү жана өзүн таанып-билген катары аныкталат. Адамдын активдүүлүгүнүн кеңейиши жана тереңдеши менен бирге адам индивидуалдуулукка, башкача айтканда адамдык өзгөчөлүккө ээ болуу менен өзүнүн ички дүйнөсүн жарата баштайт. Алгач башканын, башкалардын өзүнөн, табияттын өзүнчөлүгү тактала баштаган. Табият, биринчиден, теориялык жана практикалык жактан өздөштүрүлүшү керек, экинчиден, анын кооздугунан ырахат алуу керек деп эсептелинген. Жаңы адам табиятты жана байыркы үлгүлөрдү тууроо принциптеринде өнүккөн. Ошону менен бирге адам жаңы континенттерди ачып, космополитизмдин рухун ташыган. Ошол эле учурда илимди социалдык институт, улуттук мамлекет жана улуттук маданият катары жараткан антропоцентризмди, эксперименталдык билимди тастыктаган субъекттин объектке үстөмдүгүн көрсөткөн адам калыптанган. Ренессанс доору чыныгы гуманизм парадигмасын коомдук түзүлүштүн ички структурасына киргизе албагандыгынан улам, аны иш жүзүндө да киргизген эмес. Ренессанс доорунда бирдиктүү инсандык болгон эмес деп бааланат. Бийлик жана байлык аристократтарга эркиндик, өзүнүн мааниси жана индивидуалдуулук сезимин берген. Бирок, бул индивидуалдуулук жана эркиндик ырайымсыздыктын, атаандаштыктын жана элдик массаны басуунун эсебинен

[59] Фромм Э. *Бегство от свободы.* М.,1990.

алынган. Индивидуалдуулуктун калыптанышы бийлик жана байлык үчүн өлүмгө дуушар кылган күрөш болгон. Эң негизинен адам – чыгармачыл күч, эркин инсан катары каралып, индивидуалдуулук жөн гана эреже болбостон, адам – табияттын туу чокусу катары каралып, ички дүйнөсүнүн жана тышкы келбетинин диалектикасы алдыга чыккан. Ошондон улам, Ренессанс доору адамзат тарыхында чыгармачыл генийлерге эң бай доор катары сакталып калган.

Жалпылап айтканда, философиялык ойдун тарыхында адам жөнүндө ар кандай элестер (образ) калыптанган. Демокрит адамды космостун бир бөлүгү, бирдиктүү тартип, микрокосмос, бүт ааламды чагылдырат. Аристотель адамды рухка, акылга ээ жана коомдук жашоого жөндөмдүү тирүү жандык катары аныктайт. Немец классикалык философиясында адам руханий ишмердүүлүктүн субъектиси, маданияттын дүйнөсүн жаратуучу, жалпы адамзаттык аң – сезимдин, жалпы башаттын – абсолюттук рухтун, акылдын алып жүрүүчүсү катары каралат. И. Кант адамды табигый муктаждык жана нравалык эркиндик сыяктуу эки башка дүйнөгө таандык жандык катары көрөт. Л. Фейербахтын[60] философиялык окуусунун борборунда адам табияттын таажысы, "мен" менен "сендин" гармониялуу биримдиги катары түшүндүрүлгөн.

Белгилүү жана адам жөнүндөгү образдуу аныктамалардын ичине, мисалы, француз жазуучусу Ф. Рабленин адамды күлө турган жаныбар деп атаганын мисал келтирсек болот. А. Шопенгауэр[61] адамды трагедиялуу жаныбар, акылга сыярлык билимге жана инстинктке ээ, бирок ишенимдүү жана жаңылбас иш үчүн жетишсиз деп эсептеген. Ф. Ницшенин ою боюнча адамда эң негизгиси аң–сезим жана акыл эмес, жашоо күчтөрүнүн оюну. Адам марксисттик көз карашта продукт жана коомдук-эмгек ишмердүүлүгүнүн субъекти катары каралган. Бул көз караштан алганда, социалдык тукум куучулукка, маданий, тарыхый калыптанган каада-салттарга, ошондой эле биологиялык тукум куучулуктун механизмдери аркылуу адам болуу калыптанган. Ошентип, ар бир адам – кайталангыс индивидуалдуулук жана аны менен бирге жалпы адамзаттык маңыздын алып жүрүүчүсү жана тарыхый процесстин субъектиси.

Философиялык салтта адам ошол эле учурда дене деңгээлиндеги табигый процесстердин ар түрдүүлүгүнө кирген табигый башталыш катары каралган,

---

[60] Фейербах Л. *Избранные философские сочинения*. М., 1955. Т. 2.
[61] Шопенгауэр А. *Мир как воля и представление*. Т. I. Книга 4. О мире как воле. М.,1993.

руханий тажрыйбада социалдык-маданий байланыштарды жана мамилелерди кайра жаратуучу социалдык башат, өзүнүн эркин, тагдырын ишке ашыруучу конкреттүү түрдөгү жеке башат.

Ушул башаттарга ылайык, адамды түшүнүүнүн төмөнкүдөй негизги интерпретациялары (концепциялары) калыптанган: натурализатордук, рационалисттик, социологизатордук, экзистенциалдык-персоналисттик. Натурализатордук түшүнүк боюнча адам жаратылыштын жаныбарларга окшош элементи катары каралат, демек, ал ошол эле жашоо мыйзамдарына баш ийет.

Рационалисттик түшүнүктө адамдын маанилүү өзгөчөлүктөрү андагы акыл-эстин, аң-сезимдин, жаныбардан айырмаланып максат коюучу иш-аракетинин болушу менен байланыштырат. Мындан тышкары, акыл адамдын гана эмес, табигый-космостук жандыктын негизи катары каралат.

Социологизатордук көз карашта адам биологиялык эмес, социалдык эволюциянын натыйжасы катары каралат. Адам өзүнүн генетикалык сапаттарын социалдашуу процесси аркылуу коомдо гана ишке ашыра алат. Ошондуктан, марксисттик түшүнүктө адамдын маңызы – бардык коомдук мамилелердин жыйындысы. Структурализмде адам аны шарттаган ар кандай коомдук структуралардан жана саясий факторлордон чыккан элемент жана туунду функция катары каралат.

Классикалык эмес философияга мүнөздүү адам түшүнүгүнүн экзистенциалдык-персоналисттик интерпретациясы аны тышкы мыйзамдар аныктабастан, индивидуалдык жактан кайталангыс тажрыйба жана тагдыр, уникалдуулук, аныктык, тандоо эркиндиги, азап, коркуу, жалгыздык сыяктуу адам болумунун феномендеринин көз карашынан түшүндүрүлүүчү дүйнөдөгү өзгөчө башат катары караган. Мындан улам, эссенция менен экзистенция түшүнүктөрү адамдын жашоо-турмушунда ички маңыз менен тышкы жашоонун диалектикасы катары аныкталып, анын “мен” дегени өзгөчө бир маселени жараткан.

Чыгыш жана Батыш цивилизацияларында адам түшүнүгү бири-биринен айырмаланат. Бул айырмачылыктар адамдын өзүнө, дүйнөгө, жаратылышка, коомго болгон мамилесине байланыштуу. Чыгыш цивилизациясынын адамы жаратылыш менен ажырагыс байланышта болуусу менен мүнөздөлөт, ал активдүү өзгөртүүгө умтулбастан, жаратылыш, айлана-чөйрө менен гармонияда жашоо мүнөздүү. Жаратылышка аяр мамиле жасоо идеалы байыркы кытай маданиятында

калыптанган жана пассивдүү аракетсиздикти эмес, дүйнөнүн табигый тартибин сактоону, бул тартипке минималдуу кийлигишүүнү билдирген "у-вэй" ("кийлигишпөө") принцибин билдирген. Ал эми адам үчүн техногендик цивилизация башкача көз караш менен мүнөздөлгөн, ага ылайык, билим менен куралданган адам табиятты багындыруусу, өзгөртүүсү, өзүнө баш ийдирүүсү керек, аны "устакана", өзүнүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн чексиз талаа катары көрүп, мындай "күч мамилесин" дүйнөнүн социалдык түзүлүшүнө жайылтууну көздөйт. Чыгыш адамынын активдүүлүгүнүн вектору батыштыкынан айырмаланып, сырткы дүйнөгө эмес, ички дүйнөсүнө, өзүн-өзү өркүндөтүүгө, өзүн-өзү таанууга багытталган.

Бул жагынан алганда, буддисттик этиканын негизги ченемдери, терең көңүл бурууга, чексиз ой жүгүртүүгө жана нирванадагы азаптан толук арылууга багытталган. Эгерде Батыш цивилизациясында прогресстин кыймылдаткычы жана инновациялардын активдүү колдоочусу жеке адам, жаран, менчик ээси болсо, байыркы Чыгыш цивилизацияларында корпоративдик этиканын ченемдерине жана мамлекеттин кызыкчылыктарына ылайык келген жаңылыктар гана кабыл алынган, бул болсо европалык түшүнүүдө тандоо эркиндигинин, тең укуктуулуктун жана демократиянын жоктугунун негизи болгон. Байыркы Чыгыш цивилизацияларында адам жашоосунун аныктоочу учурлары туруктуулук, кыймылсыздык, салттуулук, белгилүү бир коомдук тартип, үрп-адаттар, каада-салттар, социалдык жана маданий мурастарга аяр мамиле, ой жүгүртүүнүн мыйзам катары кабыл алынган стили болгон. Ал эми Батыш цивилизациясынын адамы үчүн артыкчылыктуу баалуулуктар катары активдүү суверендүү адам, инновациялардын жана прогресстин баалуулугу, жеке эркиндиктер жана укуктар, жарандын сезимдери болуп саналат.

Адамдын «мен» маселеси философияда идеалисттик философиянын түшүнүгү, предметти өзгөчө руханий субстанция катары чечмелөөнү билдирет. Р. Декартта «мен» түшүнүгү "менин жаным", “менин акылым, интеллектим, акыл-эсим” [62]дегенди билдирет, анын артында эмне "Мен киммин?" деген суроо бар; ал денеден бөлүнгөн жана ансыз да болушу мүмкүн. Дж. Берклинин изилдөөлөрүндө акылдан тышкары тышкы объектилердин бар экендигин четке каккан жалгыз

[62] Декарт, Р., Рассуждения о методе. С приложениями Диопртика, Метеоры, Геометрия., Издательство Академии наук СССР, 1953., 361.

чындык - бул идеялардын жыйындысы жана аларды билген же кабылдаган нерсе "акыл, рух, жан же мен". Д. Юмдун ою боюнча «мен» – бул субстанция, өзүнчө сезимдерге бөлүнүп, алардын таңгагы катары гана калат. Субстанциялык категориясын сынга алган “эмпирикалык мен” эмпирикалык реалдуулуктун мүнөзүнө ээ, таза «мен», же жалпысынан аң-сезим, жеке мүнөзгө ээ: анын негизги функциясы акыл-эстин таза категориялары аркылуу сезимдерде берилген көп түрдүүлүктү бириктирүү болуп саналат. И.Г. Фихтеде “таза мен” таза иш-аракетти камтыган “абсолюттук мен” болуп калат. К. Маркстын көз карашына ылайык, “абстракттуу мен” категориясы баштапкы пункт эмес, узак тарыхый өнүгүүнүн натыйжасы; анын маңызы коомдук мамилелердин жыйындысында чагылдырылат. Эго, философияда жана психологияда (ego) – ар бир адамдын аң-сезимдүү жеке жашоосунун биримдигин билдирет. Бул биримдикте адам башынан өткөргөн бардык нерсени бир бүтүндүккө бириктиргендиктен, "мен" деген сөз эс-тутум жана элестетүү менен камтылган өз жан-дүйнөсүнүн аныкталбаган жыйындысын билдирет. Психологиялык талдоо аң-сезимде аң-сезимдин абалынын бириккен көптүгүн гана эмес, бул көптүк эмнени бириктирерин да аныктайт. Ошентип, аң-сезимдин маңызы "мен" деген сөз менен көрсөтүлгөн аң-сезимдин айрым борбордук пунктуна байланыштуу психикалык абалды жана иш-аракеттерди сезүүдөн турат. Аң-сезимдин башка элементтерине салыштырмалуу "мендин" өзгөчөлүгү, биринчиден, аны менен адам өзүнүн ички маңызын толук аныктайт, ал эми аң-сезимдин калган бардык элементтери аздыр-көптүр тышкы жана убактылуу нерсе катары каралышы мүмкүн, экинчиден, адеп-ахлактык жоопкерчилик көз карашында ал аң-сезимдин кандайдыр бир абалына эмес, даана "мен" дегенди билдирет. "Мен сезип жатам", "мен ойлойм", "мен аракет кылып жатам" деп айтканда, биздин аң-сезимибиз дээрлик толугу менен сезимдин, ойдун же аракеттин мазмунуна толуп, "мен" аң-сезимде катылган жөнөкөй чекит катары көмүскөдө калат. Бул учурда "мен" иш-аракеттердин булагы катары ачык таанылат да, эч кандай конкреттүү сапатты билдирбейт.. Ошентип, активдүү "мен" гана ички аң-сезимдүү мазмун катары таанылышы мүмкүн. Байыркы замандын, ал тургай заманбап доордун философтору жана психологдору адамдын "мен" дегенин анын жан-дүйнөсүнөн өзгөчө принцип катары айырмалашкан эмес. Бул айырмалоо И. Канттан башталат. Бирок, "мен" түшүнүгү субстанция, монада, жан, адам түшүнүктөрүнө абдан жакын, ал тургай

кээде мазмуну боюнча дал келгендиктен, бирдиктүү жана жөнөкөй башталыш катары "мен" маселесин тарыхый жактан өтө эски, башка терминдер менен гана чечмеленген деп айтууга да мүмкүн. Көбүнчө рухтун биримдик жана субстанциалдуулук теориялары анын өлбөстүгүн далилдөө же материалисттик көз караштарды жокко чыгаруу үчүн иштелип чыккан. Жөнөкөй зат катары жанга болгон көз караш Августин Аврелийде, андан кийин Декарт менен Лейбництин рационализминде жана Агартуу доорунун философторунда (Вольф, Мендельсон) чагылдырылган. Бул көз карашка каршы Д. Юмдун[63] изилдөөлөрүндө адамдын "менин" тажрыйбалардын жөнөкөй жыйындысы катары тааныган феноменалисттик теориясы пайда болгон.. И. Кант чыныгы иденттүүлүктү жана биримдикти билдирген объективдүү "менди" же трансценденталдык апперцепциянын биримдигин ички сезимде бизге берилген эмпирикалык же субъективдүү "менди" убакыттын өтүшү менен өзгөрүлүүчү нерсе катары айырмалайт. Негизги трансценденталдык принцип катары "мен" иденттүүлүгүн ырастоо менен И. Кант ошол эле учурда рационалдуу психологиянын жөнөкөйлүгүн жана субстанциалдуулугун "мен" иденттүүлүгүнөн чыгаруу аракетин четке кагат. "Мен" өзү эч качан билимдин объектиси боло албайт, анткени ал эч качан ой жүгүртүүнүн предмети боло албайт, ага категориялык синтез гана колдонулат. Фихте "менди" теориялык жана практикалык философиянын негизги түшүнүгү катары коет. Бардык болум Фихтеде "мен" жана "мен эмес" болуп бөлүнөт жана "мен эмес" деп ойлогон адамдын иш-аракетине таянып, абсолюттук Мен болууга умтулган практикалык "мен" жеңип чыгат. Орус философу А. Введенскийде Фихте айткан "мен" жана "мен эмес" корреляциясы аң-сезимдин өзгөчө мыйзамына айланат, ага ылайык "мен аң-сезимдин ичинде бош эмесмин". И. Гербарт "мен" түшүнүктөрүн жана рухтун субстанциалдуулугун ажыратып, "мен" түшүнүктөрүн аң-сезимдүү түшүнүктөрдүн жөнөкөй кесилиш чекити катары тааныйт. Заманбап мезгилде, "мен" түшүнүгү, адатта, аң-сезимдин биримдиги менен аныкталат да, азыркы психологияда аң-сезимдин биримдиги же "мен" түшүнүгү чоң маниге ээ боло баштады.

В. Вундт "мен" деген сөздө эрктин жекече биримдигин көрөт. Н. Лосский умтулуулардын биримдиги катары "мен" деген волюнтаристтик түшүнүккө

[63] Юм Д. *Трактат о человеческой природе.* Кн.1. О познании. М., 1995.

таянат. Бирок, көпчүлүк учурда психологдор маселенин эмпирикалык жагы менен гана чектелип, аң-сезимдин биримдигин аныктап, факт катары сыпаттап, аң-сезимдин биримдигинин онтологиялык маселесин чечилбеген бойдон калтырышат (Г. Геффдинг, Ф. Брентано, Т. Циглер, Т. Липпс). Ал эми Н. Гартман[64] "көпчүлүк психологдор онтологиялык монизмдин жоктугунан жана метафизика менен байланышпууну каалабагандыгынанбул маселени чече алышпайт" деп белгилеген. Бул көрүнүштү салттык цивилизацияда да көрүүгө болот.

Салттык цивилизация социалдык өзгөрүүлөрдүн жай темптери менен мүнөздөлөт. Инновациялар пайда болгону менен,прогресс адамдын жашоосуна, адамдардын улам кийинки муундарына салыштырмалуу түрдө жай кирген. Салттык цивилизациялардагы иш-чаралар, алардын каражаттары жана максаттары туруктуу стереотиптер катары коомду, инсандын жашоосун коштоп жүргөн. Салттык цивилизациялар маданиятында ата-бабалардын тажрыйбасын топтогон салттарга, үлгүлөргө жана ченемдерге, ой жүгүртүүнүн канондоштурулган стилдерине артыкчылык берилет. Мындай коомдордогу инновациялык ишмердүүлүк жогорку баалуулук катары кабыл алынган эмес. Мындай инновацияларга кылымдар бою сыналган каада-салттардын чегинде гана жол берилген. кудайдын жаратуу планын чечмелөө. Салттык цивилизацияларда адам болуунун мүнөздүү белгилеринин бири - анын белгилүү бир корпоративдик структураларга кошулушу болгон. Анын төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки жашоосу кандайдыр бир корпорациянын, кландын же кастанын чегинде болгон. В. Степиндин[65] изилдөөлөрүндө салттык цивилизация өз ичине коомдук аң-сезимдин айрым формаларын: диний, саясий, идеологиялык, укуктук, экономикалык институтташтыруу тенденциясын камтыйт. Бул тенденциялардын ар бири социалдык мейкиндик-убакытта өтө жай өзгөрүп, бирок ошол эле учурда, өзүнүн этикалык, уюштуруучу, коомго керектүү функцияларын аткаруу менен байланышкан деп айтууга мүмкүн.

.Адам В. Франклдын "Маңыз издеген адам"[66] эмгегинде "ырахат" жана "жашоонун маңызы" түшүнүктөрүн өз-өзүнчө түшүнүктөр катары бөлөт. Ал жеке

---

[64] Гартман Э. ф. *Современная психология: Критическая история немецкой психологии за вторую половину девятнадцатого века.* Пер. с нем. Г. А. Котляра под ред. М. М. Филиппова. М., 1902.
[65] Степин, В.С. История и философия науки. М.: Академический проект, 2014, 135 – 143.
[66] В.Франкл. *Человек в поисках смысла*. Москва., Прогресс., 1990.

турмуштук тажрыйбанын уникалдуулугун жана баалуулугун, маңыз издөөнүн маанилүүлүгүн карайт. Ар бир жашоо жагдайы мааниге ээ болуу менен баалуу жана бул жагдайлардан качуу маңыз издөөдөн, баа жеткис тажрыйба алуу мүмкүнчүлүгүнөн качууну билдирет. В. Франкл белгилегендей, адамдар кээде азаптуу тажрыйбадан баш тартуу үчүн "экзистенциалдык вакуумдун" чөйрөсүнө "өз түпкү маңызынан алыстап кетишет"[67]. В. Франклдын көз карашы боюнча азап адамды жакшы мааниде өзгөртсө, мааниси болушу мүмкүн. Ийгиликтин жоктугу эч качан жашоонун маңызын жоготууну билдирбейт. Бирок бул маңызды бир гана турмуштук баалуулук менен чектөө, маанилүү болсо дагы, жеке трагедияга айланат – "экзистенциалдык боштукка" өтөт деп айтканы заманбап адамды мүнөздөйт.

Жалпылап айтканда, салттуу цивилизацияда “мен” түшүнүгү ар тараптуу көз караштарга негизделип, философияда, психологияда изилденип келген. Адамдын “мени” негизинен табияттын бир бөлүгү, монада (башат), жан, субстанция, аң-сезим, инсан түшүнүктөрү менен маанилеш же аларга жакын түшүнүк катары каралып келгендиктен, философияда методологиялык, диалектикалык, онтологиялык, гносеологиялык, феноменологиялык, антропологиялык, маданий жана башка жааттарда кең тарыхы жана интерпретациясы бар түшүнүк катары каралгандыгы маанилүү. Ал эми философиялык түшүнүк катары адамдын “мени” илимге дагы да болсо көптөгөн маанилүү суроолорду коюуда. Ошондуктан, “мен” түшүнүгү техногендик цивилизацияда да ар тараптуу изилденип келет.

2.2 Техногендик цивилизацияда «мен» түшүнүгү

Техногендик коомдун жана цивилизациянын динамикасынын маселеси өзүнүн концептуалдык жактан толук аныкталбагандыгынан жана изилдөө объектисинин динамикалык түрдө өнүгүшүнөн улам социалдык-гуманитардык илимдин ар кандай тармактарындагы адистердин изилдөөлөрүнө себеп жаратууда. Жалпысынан технологияларды өнүктүрүү жана техногендик маданияттын калыптанышынын маселелерин жана заманбап техногендик цивилизациянын жана аны менен байланышкан коркунучтардын проблемасын Ж. Кантен, Э. Тоффлер, Т. Фридман, Ю. Хабермас, Й. Хёйзинга, М. Хайдеггер, Ж. Эллюль, К.

[67] Франкл, В. *Человек в поисках смысла*. Москва., Прогресс., 1990. 295-304.

Ясперс, З. Бауман, У. Бек, Г. Йонас, Ж. Бенингер, Г. Бехманн, С. Кортес, Л. Мэмфорд, Н. Луман, В. Степин жана башка изилдөөчүлөр караган[68].

Адамзат өз болумун рационалдаштырууга, аны социалдык жактан өнүккөн акыл-эсинин жана тажрыйбасынын негизинде уюштырууга, ошону менен бирге технологиялаштырылган коомду курууга аракет кылып келген.

Техногендик цивилизация компьютерлерден мурун, атүгүл буу кыймылдаткычынан мурун да пайда болгон. Техногендик цивилизациянын тарыхый өбөлгөлөрү адамзатка эки улуу жаңылыкты – демократияны жана теориялык илимди берген байыркы маданияттын мисалы катары Евклид геометриясын берген. Бул эки ачылыш – социалдык байланыштарды жөнгө салуу жана дүйнөнү таанып-билүү чөйрөсүндө цивилизациянын жаңы түрүнүн келечеги үчүн маанилүү өбөлгө болуп калды.

Андан кийин, Кайра жаралуу доорунда байыркы салттын көптөгөн жетишкендиктерин калыбына келтирүү жүрүп жатат, бирок ошол эле учурда адам акылынын Кудайга окшоштуруу идеясы өздөштүрүлөт. Мына ушул учурдан баштап техногендик цивилизациянын маданий матрицасы түптөлүп, ал кылым карыткан өз өнүгүүсүн баштайт. В Степин ал үч баскычтан өтөт деп белгилеген: адегенде – индустрияга чейинки (17-18-кылымдар), андан кийин – индустриалдык (19-20-кылымдар) жана – постиндустриалдык (20-кылымдын аягы – 21-кылымдын башы)[69]. Адамдын жашоо-турмушунун эң маанилүү негизи болуп биринчи кезекте техниканын, технологиянын жана өндүрүштүн өзүндө стихиялуу түрдө болуп жаткан инновациялар аркылуу гана эмес, ошондой эле бардык жаңы илимий билимдердин генерациясынын жана аларды техникалык-технологиялык процесстерге киргизүүнүн эсебинен өнүгүшү эсептелет.

Салттык жана техногендик цивилизациянын айырмачылыктары радикалдуу. Салттык коомдор социалдык өзгөрүүлөрдүн басаңдаган темптери менен мүнөздөлөт. Коомдук уюмдун бул түрү бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жатат – үчүнчү дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттери салттык цивилизациянын өзгөчөлүктөрүн сактап калышты, бирок алардын заманбап батыш (техногендик)

---

[68] Крылов Д.А. *Техногенная цивилизация и культура: Основные тенденции развития в современном контексте.* Современные проблемы науки и образования. – 2014. – № 6. ; URL: https://science-education.ru/ru/article/view?id=16946 (last updated: 07.05.2023).

[69] Степин В.С, Кузнецова Л.Ф. *Научная картина мира в культуре техногенной цивилизации*. М., 1994.

цивилизациясы менен кагылышуусу салттык маданияттын жана жашоо мүнөзүнүн түп-тамырынан бери өзгөрүшүнө алып келүүдө.

Техногендик цивилизация абдан динамикалуу, ийкемдүү жана өтө агрессивдүү багытталгандыгы менен белгиленет: ал салттуу коомдорду жана алардын маданияттарын басып алат, багындырат, оодарат, түзмө-түз жалмайт –бүгүнкү күндө бул процесс дүйнө жүзү боюнча жүрүп жаткандыгы баарына маалым. Айрым салттык коомдор модернизациянын баскычтарынан өтүп, андан кийин кадимки техногендик коомдорго айланды. Башкалары, Батыштын технологиясын жана маданиятын "кыйыштыруу" менен, көптөгөн салттык өзгөчөлүктөрүн сактап калып, гибриддик түзүлүштөргө айланды.

Белгилүү болгондой, ар бир тарыхый доордо адам баласы, коом жана адамдын табият менен коомдун байланышы тууралуу философиялык ой жүгүртүүлөр жана негизги ой толгоолор менен идеялар жаралат. Ар бир кылымдын жана маанилүү доорлордун башында философтор тарыхтын өнүгүшү тууралуу өздөрүнүн концепцияларын жаратышат. В.Ф. Гегелдин айтымында, “философия – доордун ой жүгүртүүсүнүн квинтэссенциясы”, демек тарыхый мезгилдин жана анын ичиндеги адам баласынын жашоо маңызы философтор аркылуу айгиленелет. Ошондой эле техногендик цивилизациянын башталышында Батышта “батыштагы жаңы технократиялык толкуну” аттуу философиялык багыт жаралган. Ал багыттын өкүлдөрү катары К. Ясперс, М. Хайдеггер, Р. Коэн, Ж. Грант, Г. Кан, О. Тоффлер, Д. Белл жана башкалар каралат. Техногендик цивилизациянын келе жаткандыгын билип, анын негизинде өздөрүнүн ойлорун ортого чыгарган философтор жалпысынан техногендик цивилизациянын маани-маңызын жана негизги белгилерин атаганга жана аныктаганга басым жасашкан.

К. Ясперс техногендик цивилизациянын мезгилин болуп көрбөгөндөй глобалдык кризис менен чагылдырып келет. Анын айтымында, адам баласы кандайдыр бир жыйынтыктоочу чекитке келди, ошондуктан мындан кийинки жашоо тарыхтын соңуна келиши же кайра жаралуу болушу мүмкүн. Ошондон улам философиянын мүнөзү да өзгөрүүдө – классикалык философиядан заманбап мезгил менен мейкиндиктеги философияга өтүү деп айтуу зарыл. Бул заманбап философиянын баалоосу боюнча жалпы дүйнө, тарых жана адам баласы глобалдык цивилизациянын мейкиндик-убакытында кайрадан каралып чыгып, жаңы

баалуулуктардын, жаңы багыттардын, жаңы парадигманын нугунда иштелип-талданып чыгуусу керек.

Буга мисал катары, М. Шелердин[70] “адам” түшүнүгүнүн бирдиктүү концептинин жоктугун жана заманбап инсандын негизин аныктоо үчүн антропологиялардын суммасынын керектигин айтып кетсек болот. Демек, билим алуудагы, кесипке даярдануудагы специализациялануу процесстеринин күчөшү өз алдынча бытыранды болгон, таркалган бөлүкчөлөрдүн дооруна алып келүүдө. Натыйжада адамдын “мени” бирдиктүү терең маңыз эмес, үстүртөн гана көз карашты берген чачыранды, таркалган көп түрдүүлүктөргө, бош түшүнүктөргө толуп, баш-аягын таба албай, талдай албай калды.

Ушул нукта Э. Тоффлердин “Үчүнчү толкун”[71] аттуу эмгегинде тарыхтын үч толкунун мүнөздөп, алардын ичинен эң жаш жана заманбап цивилизация катары техногендик цивилизацияны белгилеп, анын негизинде адамзаттын алдындагы негизги чакырыктарга көңүл бургандыгын айтсак болот.

Муну улай Д. Белл[72] техногендик цивилизациянын негизги социалдык катмарларын жана маанилүү белгилерин бергенге аракеттенип, анын негизинде адамдын жашоо-турмушундагы өзгөрүүлөргө да басым жасайт. Техногендик адам инфосферанын өзгөрүүсүнүн таасири менен өз аң-сезимин трансформациалоого аргасыз. Жаңы цивилизацияда жаңы үй-бүлөлүк мамилелер, иштөөнүн, сүйүүнүн, жашоонун жаңы ыкламары, жаңы экономика, жаңы саясий конфликттер адамдын аң-сезимин[73], “менин” өзгөртүүгө алып келүүдө.

Азыркы коомдо жашаган адамдардын көпчүлүгү А. Маслоудун көз карашы боюнча белгилүү бир адамдардын тибине киргизилишине каршы. Алар коом тарабынан өздөрүн башкалардан айырмаланган, “баары эле сыяктуу” эмес, кайталангыс, уникалдуу катары кабылданышын каалайт[74]. Ошол эле учурда күнүмдүк жашоодо адамдар көпчүлүктүн ичине сүңгүп кирип, аралашып, социалдык ролунун артына жашынууга тырышат. Адамдар бир эле учурда түркүн коммуникациялар менен алектенгендигинин жана салттык баалуулуктардын жоюлушунун натыйжасында азыркы адамдын социалдык маскалары көбөйүүдө.

---

[70] Шелер М. О положении человека в космосе // Проблема человека в западной философии. М.: Прогресс, 1988., 31-95.
[71] Тоффлер, Э., *Третья волна*. М., 1999.
[72] Белл, Д. *Грядущее постиндустриальное общество*. М., 1999.
[73] Тоффлер, Э., *Третья волна*. М., 1999.
[74] Маслоу, А., Психология бытия. М., 1997.

Бир күндө адам коомдо бир нече социалдык масканы алмаштырат. Бул болсо адамды улам кубулган “мен” абалында сактап, көмүскөдөгү аң-сезими менен бир катарда көмүскөдөгү “менин” жаратууда. Адамдын өз “менин” бир өңчөй жыйнай албай калды. Бул болсо таркалган, фрагменттелген “мен” көрүнүшүнө алып келүүдө. Адам өзү менен бетме-бет калгандан жалтанып, качып, өзүнө-өзү жатыркап калууда. Мындан улам өз ички дүйнөсүнө үңүлүүсүнө шарты жана убактысы жоктой түр көрсөтүүдө. Адамдын таркалган “мени” Л. Витгенштейндин “тил оюндары” сыяктуу эле учурдагы спонтандык агымдагы коммуникациядагы “контекстке” көз каранды болуп калды.Ж. Бодрийярдын айтымы боюнча да заманбап доордун адамы чыныгы реалдуулукту симулякрларга, мааниси жок символдорго алмаштырууда. Бул болсо идентүүлүк кризисин жаратууда. Мындай көрүнүштү Э. Эриксондун аң-сезим жөнүндөгү илимин улай, В. Хесле[75] белгилеген. Ал инсанды Мен-субъект, “мен” катары Мен-объект (the I) жана өздүк (the Self) деп атап, өздүк менен “менди” идентификациялоо маселеси идентүүлүк кризисине алып келет деп эсептейт. Башкача айтканда, “мен” өздүктү кабыл албайт. Мунун негизги себеби катары, “мен” менен социалдык “мендин” (Me) ортосунда конфликттин пайда болушу мүмкүн, себеби мен өзүмдүн элесим (образ) менен башкалардын мени элестетүүсү дал келбегендигине канааттанбайм. Адамдар таяна ала турган моралдык баалуулуктар, абсолюттук чындыктын улам алмашып туруусу аларды моралдык релятивизмге дуушар кылууда. Адам өзүнүн ички жан-дүйнөсүнө эмес, тышкы дүйнөгө, коомго багытталгандыгы социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында да көрүнүүдө.

Р. Лифтон[76], Дж. Огилви ар бир инсанда бирдиктүү, туруктуу жана өзгөрүлгүс "мен" деген түшүнүктөрдүн ордуна "адам-Протей" теориясын коюшкан (Протей – бирде аюу, бирде арстан, бирде ажыдаар болуп дайыма өзгөрүп турган байыркы грек кудайы). Адам-Протей түшүнүгү андагы камтылган "мендердин" көптүгүн, алардын ар дайым өзгөрүп тургандыгын, өтүмдүүлүгүн, шарттарга жараша тез алмашуусун негиздүү деп кабыл алат. Демек, мындай "мен" деген түшүнүк туруксуз, бүдөмүк, түшүнүксүз да, адамдын “мени” да – өзгөрүлмө болуп калды. Буга мисал катары оюнчу-эмес каарман, бот (NPC – non-player character,

[75] Хесле, В., *Кризис индивидуальной и коллективной идентичности*. Вопросы философии. 1994. №10.
[76] Lifton, R.J., *The Protean Self. Human Resiliencein an Age of Fragmentation.* N.Y., 1993.

неигровой персонаж) аттуу интернет-мемди карап көрөлү. Бул мем (meme) NPC Wojak[77] катары да белгилүү. Ал компьютердик оюндардын ичинде адам башкарган каарман эмес, программа башкарган каарманды билдирет. Бул мем өзүнчө көз карандысыз кыймыл-аракеттерге жана сезимдерге жөндөмү жок каармандын жалпыланган образын билдирет. Ал ээрчиме, жөн гана зомби сыяктуу үйүрдүк инстинкттерге баш ийет. Анын жүзүнүн сүрөтү кайдыгерликти гана билдирет. Бул мем массалык маалымат каражаттары жана социалдык тармактар тарабынан активдүү таңууланган флешмобдорду, окуяларды жана көз караштарды колдогон интернет колдонуучулардын өз аватарларын алмаштыруусуна пародия катары кеңири колдонулат. Ал “I support the current thing” – “Учурдагы болуп жаткан нерселерди колдойм” деген билдирүүнү жайылтат. Ошол эле учурда адам интернет колдонуучу катары бул кыймыл-аракеттеринин жардамы менен бүткүл дүйнө жана бардык адамзат менен байланышын сезип, өзүн учурда дүйнөдөгү болуп жаткан окуяларга, агымдарга активдүү салым кошуучу катары көрүшү парадокс жаратууда. Бул болсо адамдын өз “менин” дүйнөнү таануу, башкалар менен баарлашуу, башка социомаданий баалуулуктар менен таанышуу, чыгармачылык аркылуу таанып-билүүсүнө, адамдын көп-чендүү “менин” жаратууда. Натыйжада адамдын баалуулуктары улам алмашууда. Мындай техниканын жана технологиянын философиясы илимде өз алдынча багыт – технофилософия[78] катары каралууда. Д. Чалмерс виртуалдык реалдуулуктагы жасалма интеллекти бар NPC-лердин өз аң-сезимин жаратышы мүмкүн деп белгилөөдө. Ал аң-сезимдин аз изилденгенине карабастан, аң-сезим фундаменталдуу мүнөзгө ээ деп эсептейт. Жасалма интеллектти текшерген инженер анын өз аң-сезими бар деп айткандыгына анын жетекчилиги ишенген жок[79]. Мындан улам жасалма интеллектти жаратуучулар аң-сезимди терең изилдөө зарыл экендигин жарыялашты. Бул маселелер учурда ар тараптуу кызуу талкууларды жаратууда. Чындыгында эле өзүнүн негиздерин туруктуу түрдө өзгөртүп турган коом катары аныкталган техногендик цивилизацияда адамдын

[77] Patston, M., The ‘Wojak meme’ explained. // Happy Media. — 18-август, 2021. https://happymag.tv/wojak/ (23.06.2023)
[78] Chalmers, D.J., *Reality +. Virtual Worlds and the Problems of philosophy*. W.W. Norton & Company, 2022, 13.
[79] Tiku, N., The Google engineer who thinks the company’s AI has come to life. Washington Post, June 11, 2022. https://www.washingtonpost.com/technology/2022/06/11/google-ai-lamda-blake-lemoine/ (23.06.2023)

“мени” адамзаттын алдындагы перспективаларды, адамзат үчүн жаңы маңыздарды жаратуучу ориентирлерди аныктоо үчүн так аныктама алуусун талап кылууда. Кандай гана болбосун, техногендик коом улам жаңы инновацияларды, концепцияларды, идеяларды жаратууга умтулааары маанилүү эмеспи.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ. «МЕН» МАСЕЛЕСИ ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ДООРДО

Эртең менен биз ойгонуп, төшөгүбүздөн тура баштаганыбызда бизди курчаган көрүнбөгөн акылдуу датчиктер биздин маанайыбыздын кандай болгондугун сканерлеп, биз каалап турган реалдуулукту биздин бөлмөбүздө жаратат. Элестетип көрсөк, биз сүйүүгө толгон реалдуулукта болууну каалайбыз. Мисалы, бул дүйнө менен эбак кош айтышкан ата-энебиз, бир туугандарыбыз, биз чоңойгон үйдүн атмосферасында болгубуз келет. Же сүйгөн адамыбыз менен болгубуз келет. Биз жуунуп-тарангыча биз бул сыяктуу реалдуулукта жашай алабыз. Болгону гана датчик бизге “Сиз учурда виртуалдуу реалдуулуктасыз” деп эскертет. Кадимки эле жакшы көргөн плейлистти койгондой оңой нерсе. Заманбап технологиялык доордо адамдын “мени” анын кайсы реалдуулукта экендигин айырмалай алгандыгы гана маанилүү боло турган шарт. Ошондо биз симуляцияларда аң-сезимдүү түрдө боло алабыз.

Д. Чалмерстин көз карашы боюнча “Матрица” фильминдегидей[80] симуляцияда жашагандыгыбыздын ачылышы кандай болсо да биздин жашообуздун “реалдуулугунун” баркын кетирбейт. Себеби, адамдын аң-сезиминдеги минималдуу маалыматты иштеп чыгуу да аң-сезимдик тажрыйбага алып келет. Демек, аң-сезим – Ааламдын фундаменталдык касиети. Аны материя түрүндө түшүндүрүү мүмкүн эмес. Демек, бул метафизикалык нерсе. Ал эми уюлдук телефон сыяктуу артефакттарду күнүмдүк жашообузда таанып-билүүдө колдонгон учурда, алар биздин аң-сезимди кеңейтет[81]. Бирок, мындай технологиялардын адам үчүн коркунучтары көп. Д. Чалмерс белгилегендей, азыркы соцтармактардын конфиденциалдуулук жана манипуляциалоо маселелери азыртан эле чоң көйгөйлөрдү жаратып келатса, кийинчерээк виртуалдык дүйнөлөрдү көзөмөлдөгөн ошол эле чоң корпорациялардын мындан да чоң потенциалы болот.

---

[80] Chalmers, D. J., The matrix as Metaphysics. https://web.ics.purdue.edu/~drkelly/ChalmersMatrixMetaphysics2001.pdf (last updated 23.06.2023).

[81] Clark, A., Chalmers, D. J., The Extended Mind. https://consc.net/papers/extended.html (last updated 23.06.2023).

Ж. Бодрийярдын айтымында экран аркылуу бизге жетип турган маалымат чын-чынына келгенде жөн гана көзөмөлсүз таңуулоо болуп калды, бул таңуулоо адамда керектөөчү катары калыптандырууга багытталган. Бул чыныгы дүйнөнүн арткы планга жылышына алып келип, жашоонун баалуулугун, маңызын жоготууга учуратат. Адам жалган элестердин мейкиндигинде инерттүү керектөөчүгө айланды. Ошондуктан телевидение, кинематограф жана заманбап байланыш каражаттарын чыныгы баарлашуу, чыныгы диалогго тоскоолдук катары каралышы керек[82]. Мындан улам, санарип массмедиа чыныгы реалдуулуктан айырмаланган экономикалык, саясий, маданий жана коомдук реалдуулукту жаратууда. Ал эми санарип технологиялардын (интернет, уюлдук телефон жана башка инструменттер) жеткиликтүүлүгү адамдын жашоо шарттарын (электр жарыгына, таза сууга, медицинага, билим алууга болгон муктаждыктарын) же ден-соолугун оңдоо үчүн эмес, аны кайра эле керектөөчү абалга алып келүүдө. Жыйынтыкта ар тараптуу теңсиздик кайра эле күч алууда. Ар адам жашоосун соцтармактардагы өз виртуалдык дүйнөсүндө өткөрүп жаткандай. Буга мисал катары Кытайдын “коомдук ишеним кредит” системасы каралууда. Бул система жарандардын күнүмдүк жашоосун астыртан көзөмөлгө алып, массаны башкаруунун инновациялык методун ишке ашырууда[83].

Ошол эле учурда онлайн курстардын өнүгүүсүнүн натыйжасында Себастиан Трундун мисалында билим алуу сферасынын өнүгүүсүн көрсөк болот. Стэнфорддун мыкты студенти С. Трун (Sebastian Thrun) MOOC (massive online open courses) форматында ошол эле курсту өткөн 160 000 адамдын ичинен экзамендин жыйынтыгы боюнча 411-орунду гана ээлегендиги маалым[84].

Башка жактан адамдардын сабаттуулугунун мааниси да өзгөрүүдө. Адамдын сабаттуу, туура тексттерди жазып, өз оюн туура жана так айтып берүү жөндөмүнүн дөңгээли Т9га окшогон жардамчы алгоритмдерге карабастан, өнүкпөй, ошол эле деңгээлде калууда. Адам интернет мейкиндигинде жазган

---

[82] Бодрийяр Ж. *Реквием по масс-медиа* // Поэтика и политика: Альманах Рос.-франц. центра социологии и философии Института социологии РАН. М.: Институт экспери-ментальной социологии; СПб.: Алетейя, 1999., 193–226.

[83] Humanitarian Institute, China’s Social Credit System: Privacy Invasion or State Innovation?, Oct 14, 2018. https://www.humanitarianinstitute.com/insights/chinas-social-credit-system-privacy-invasion-or-state-innovation/ (last updated 23.06.2023)

[84] Brynjolfsson E., McAfee A. *The Second Machine Age: Work Progress and Prosperity in a time of Brilliant Technology*. New York: W.W. Norton & Company, 2014., 173.

текстерине өз “менин”, үй-бүлөлүк тарбиясын, этномаданий касиеттерин, кемчиликтерин кошо жазууда.

Заманбап технологиялык доордо адамдын “мен” маселеси философиялык көз карашта өздүк, инсандык идентификациясынын маселесине кирет. Инсандык идентификация маселеси болсо кандайдыр бир адамдын өзгөрүүлөргө карабастан дал ошол адам экендигин аныктоонун критерийлерин иштеп чыгуу маселеси болуп эсептелет. Мисалы, дал ушул учур-убакта менин атымды ташыган жана менин үйүмдө жыйырма жыл мурда жашаган адамдын мен экенимди эмне далилдейт[85]? Мындан башка да критерийлер бар, мисалы, “мен”-объект катары жана “мен”-субъект катары, бирок алар дайым эле бирдей натыйжа бербейт. Адамдын өздүгү анын жанынан да турат. Биздин менталдык жашообуз биздин денебизде эмес, биздин жаныбызда жүрөт, аны биз аң-сезим (mind) деп атайбыз. Мен жыйырма жыл өткөн соң деле мен бойдон калам. Бирок нейробиологияда кырсыктын кесепетинен мээсинен жаракат алган адамдын өздүгү өзгөргөн учурда, философиялык жактан да ал адамдын “мени” өзгөрдү. З. Фрейддин психоанализ теориясы боюнча аң-сезим (“мен”) көмүскө аң-сезимдеги (бессознательное) терең абалдарын, кубулуштарын аңдай албайт. Демек, адамдын “мени” өзүнүн көмүскө аң-сезимин көзөмөлдөй албайт. “Мен” өзүн эң жогорку инстанция деп кабылдаганына карабастан, ал аң-сезимди да башкара албайт. Бул көз караштан улам адамдын аң-сезимдүү жана аңдабастан жоопкерчиликтен качуусу учурдагы техногендик өнүгүүнүн таасири астында жаңы маңызга ээ болууда. Адамдын техногендик “мени” улам өзгөрүлүп турган дүйнөдө өзүн-өзүн аңдап-билүүсү менен шартталууда. Андыктан келе жаткан муундар социалдык байланыштарды өзгөртүү жана жашоо мүнөзүн өзгөртүү менен байланышкан жаңы инсандык тип катары өнүгүшү мүмкүн. Муну менен бирге технологиялардан көз каранды болгон адамдын “мен” маселеси да өзгөрүүсү мүмкүн. Техника өзү эле максат болуп калышы мүмкүн, ал эми адам машинанын тиркемеси болуп калышы мүмкүн.

Батыш коомдорунун эволюциясы техногендик цивилизацияга мүнөздүү детерминация механизмдеринин негизги карама-каршылыктарын, дуализмин, диалектикасын алып келүүдө.

---

[85] Searle, J.R., *Philosophy in a New Century*. Selected essays. Cambridge University Press, New York., 2008. 137.

Заманбап технологиялардын жардамы менен адамдардын мурда болуп көрбөгөндөй өзүнүн маңызын издөөсү бекеринен эместей. Маалыматтык жалгандын арасында адам өзүн жоготуп баратат. Ошондон улам да Декарттын “ойлоном, демек – бармын” деген көз карашы азыр “мен бармын”, “мен заманбап учурдамын”, “мен учурдагы агымдамын”, “мен учурдагы көз ирмемдемин” деген көз караш менен алмашууда.

Кандай гана болбосун, азыркы учурда эл аралык коомчулук болуп жаткан техногендик өзгөрүүлөрдүн масштабын, артыкчылыктарын, кемчиликтерин, мүмкүнчүлүктөрүн жана коркунучтарын талдоого аракеттенүүсү да чоң маанике ээ.

Заманбап технологиялык доордо “мен” маселеси адамзаттын жалпы баалуулуктарын сактап калууда маанилүү вектор берүүчү маңыз болот. Ушул маңыздан карасак, эгерде робот же жасалма интеллекттин, алгоритмдин алдында моралдык дилемма абалы жаралса, - мисалы, адамга ок атуу укугун алган робот, же аң-сезимдүү жандык катары моралдык укуктук статус алган робот – робот өзүн тандайбы же адамдын жашоосун сактоону тандайбы? Бул суроону биз антропоцентрисстик көз караштан берип жатканыбыз жасалма алгоритм үчүн туура келбесечи? Жасалма интеллект, кванттык компьютерлер, башка чен-өлчөмдөр (измерения), нейротехнологиялар, адамдын генин редакциялоо, жасалма донордук органдар, жасалма эмбриондор, клондоо, жасалма эт, кванттык компьютерлер, экзоскелеттер, ааламды изилдөө, жашоого ыңгайлуу башка планеталарды издөө жана башка жаңы илимий жетишкендиктер – мунун баарынын өнүгүүсүнүн артында азыркы глобалдык проблемалардын чечими, адам коомунун биргелешип иштөөсүнүн, согуш, куралдануу, ачарчылык, таза аба, таза суунун жетишсиздиги, бийлик жана материалдык стратификациянын күчөшү көз жаздымда калгандай. Техногендик жетишкендиктердин натыйжасында Г. Гегелдин “ой жүгүрткөн адамзаты” өз мүмкүнчүлүктөрүн жакшылыкка, туура багытка колдоно алабы, же антропоцентристтик үстөмдүк кылуу парадигмасы (парадигма доминирования) жасалма суперинтеллекттик технологиялардын парадигмасына айланышы мүмкүнбү? Ушул сыяктуу суроолор философиялык ой жүгүрткөн инженерлерди талап кылууда.

3.1. Заманбап технологиялык доордун белгилери

Ар бир тарыхый доор өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ, заманбап мезгил да анык бир нукта өнүгүүсү зарыл. Доор өзгөчөлүктөрүнүн ички мүнөзү болсо адамдын «мен» дегенинин негизинде жаралат, ошондон улам заманбап адам кандай маани-маңызга ээ деген суроо объективдүү көрүнүш болуп сезилет. Адамдын жеке сапаттары, карама-каршылыктуулугу коомдук өзгөрүүлөргө алып келгени да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Демек, коомдук өнүгүү татаал жана системалуу, ал эми коомдук өзгөрүүлөр уламдан улам жаңы маселелерди ортого алып чыгып, алардын чечилишин көздөп турат. Заманбап доордо да адамдын “мен” маселеси менен коомдук өзгөрүүлөр алдыңкы суроо катары коюлат.

Адамдын интеллекти менен техникасынын биригиши адамдын маанилүү муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын гана эмес, сөздүн кеңири маанисинде цивилизациялуу социалдык-маданий жактан да канааттандырууга багытталган өндүргүч күчтөрдүн андан ары өсүшүнө алып келет.

Адамдын интеллектине жана интеллектуалдык техникасына топтолгон өндүрүш күчтөрдүн революциялык өзгөрүүлөрүнөн улам адамдын айланасындагы дүйнө жана адамдын дүйнөсү өтө тездик менен өзгөрө баштады. Индустриализация, илимий-техникалык революция жана урбанизация эң күчтүү социалдык механизмдерди ишке ашырат деп айтууга болот.

Ошол эле учурда коомдо техникага карама-каршы мамилелер жана анын ролун ар кандай түшүнүү пайда болуп жаткандыгын белгилей кетүү керек. Мисалы, коркуу жана технофобия жайылып жатат, ага ылайык, бүгүнкү күндө адамдын техникага баш ийиши, анын адамдын көзөмөлүнөн чыгып кетиши мүмкүн жана цивилизацияны жок кылган коркунучтуу күч пайда болушу мүмкүн.

Техногендик цивилизация, көбүнчө "Батыш цивилизациясы" деп аталат, бул коомдук өнүгүүнүн өзгөчө түрү жана цивилизациянын өзгөчө түрү, анын аныктоочу белгилери салттуу коомдордун өзгөчөлүктөрүнө карамандай карама-каршы келет.

"Техникалык-технологиялык" доор – бул техника менен технологиянын өнүгүүсү менен бирге комплекстүү өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасы деп айтсак болот,

бул доор эл аралык мейкиндикте “төртүнчү өрдүрүштүк революция”[86] катары белгилүү.

Техногендик доордун төмөнкү мүнөздүү белгилерине басым жасоону туура көрдүк:

1. Илимий билимди колдонуу менен техниканы жана технологияны интенсивдүү жаратуу жана өзгөртүү;

2. Илим менен өндүрүштүн өз ара аракеттенүүсү менен шартталган илимий-техникалык прогресс;

3. Адам жараткан жасалма чөйрөнүн тынымсыз жаңылануусу.

4. Маалыматтын жана адамдардын өз ара байланышынын кескин түрдө өзгөрүшү.

5. Коммуникациянын глобалдык тармактарынын калыптанышы жана кеңири колдонулушу.

6. Адамдын жашоо мүнөзүнүн тынымсыз ыкчам өзгөрүп туруусу.

7. Бул өзгөрүүлөрдүн карама-каршылыктуулугу.

8. Санарип технологиялардын (интернет, уюлдук телефон жана башка инструменттер) баарына жеткиликтүүлүгү.

Техногендик цивилизация салыштырмалуу жетилген формада калыптануусунан улам социалдык өзгөрүүлөрдүн темпи өтө тездик менен өсө баштаган. Тарыхтын кеңири өнүгүшү интенсивдүүлүк менен алмаштырылат.Өсүштүн резервдери маданий зоналарды кеңейтүүнүн эсебинен эмес, жашоо-тиричиликтин мурдагы ыкмаларынын негиздерин кайра куруунун жана принципиалдуу жаңы мүмкүнчүлүктөрдү калыптандыруунун эсебинен алынат. Салттуу коомдон техногендик цивилизацияга өтүү менен байланышкан эң маанилүү доордук, дүйнөлүк-тарыхый өзгөрүү баалуулуктардын жаңы системасынын пайда болушуна алып келет. Баалуулук инновациянын өзү, оригиналдуулук, жалпысынан жаңы нерсе деп эсептелет.

Анын жашоо-тиричилигинин эң маанилүү негизи болуп, баарынан мурда, техниканын, технологиянын өнүгүшү, өндүрүштүн өзүндө стихиялуу түрдө болуп жаткан инновациялар аркылуу гана эмес, ошондой эле жаңы илимий билимдердин генерациясынын жана аларды техникалык-технологиялык процесстерге киргизүүнүн эсебинен болот. Табигый чөйрөнүн, адам жашаган предметтик дүйнөнүн тездик менен өзгөрүшүнө негизделген өнүгүү түрү пайда

[86] Schwab, K., *The Fourth Industrial Revolution*. Crown Business. New York, 2017.

болот. Бул дүйнөнү өзгөртүү адамдардын социалдык байланыштарынын активдүү өзгөрүшүнө алып келет.

Техногендик цивилизацияда инсандын автономиясынын өзгөчө түрү пайда болот: адам өзүнүн корпоративдик байланыштарын өзгөртө алат, ал аларга байланбайт, адамдар менен болгон мамилесин өтө ийкемдүү курууга жөндөмдүү, ар кандай социалдык жамааттарга жана көбүнчө ар кандай маданий салттарга баш ийет. Илимий-техникалык прогресс адамдардын баарлашуу ыкмаларын, баарлашуу формаларын, инсандык түрлөрүн жана жашоо мүнөзүн дайыма өзгөртүп турат. Натыйжада, келечекке багыт алуу менен прогресстин айкын багыты пайда болот. Көпчүлүк салттык маданияттарда башка түшүнүктөр үстөмдүк кылган: убакыт көбүнчө дүйнө мезгил-мезгили менен баштапкы абалына кайтып келген циклдик катары кабыл алынган. Салттуу маданияттарда "алтын доор" эбак эле өтүп кеткен, ал артта калды, эбак өткөн доорлордо калды деп эсептелген. Ошол алыскы өткөн доорлордун каармандары гана адам баласы көздөөсү керек болгон иш-аракеттердин үлгүлөрүн жаратышкан. Техногендик коомдордун маданиятында болсо багыт такыр башкача. Аларда социалдык прогресс идеясы өзгөрүүлөрдү күтүүгө жана келечекке карай жылууга түрткү берет, ал эми келечек цивилизациялык жеңиштердин өсүшүнө таянып, дүйнөнүн бактылуу болуусун камсыз кылат. "Бактылуу дүйнө түзүлүшү" - бул жаратылышты табият мыйзамдарын билген акыл-эстүү жана тышкы процесстерге жана объекттерге өз бийлигин ишке ашырууга, аларды өз көзөмөлүнө алууга жөндөмдүү болгон иреттүү, мыйзам ченемдүү уюштурулган мейкиндик катары түшүнүү дегенди билдирет. Табигый процессти жасалма жол менен өзгөртүп, аны адамдын кызматына коюу үчүн технологияны ойлоп табуу гана керек, ошондо багынган жаратылыш адамдын муктаждыктарын кең масштабда канааттандырат. Бирок табиятты колго алса болобу жана мунун баары качанга чейин уланат? Азыркы учурда бул суроо абдан актуалдуу. Батыш цивилизациясынын өкүлүнүн позициясынан салттуу коомдордун жашоосунун туруктуулугу Батыштын жашоо мүнөзүнүн динамизмине каршы турган стагнация жана прогресстин жоктугу катары бааланат. Инновацияга жана салтты өзгөртүүгө багытталган техногендик коомдордун бардык маданияты чыгармачыл индивидуалдык идеалды калыптандырат, аны колдойт. Жаңы европалык маданий салттагы инсанды окутуу, тарбиялоо жана социалдаштыруу анын салттуу коомдордогу адамга

караганда кыйла ийкемдүү жана динамикалуу ой жүгүртүүсүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. Бул күнүмдүк аң-сезимдин күчтүү рефлексивдүүлүгүндө, аны негиздөө идеалдарына багытталышында жана европалык ой жүгүртүүнүн негизиндеги тил оюндарынын салтында жана күнүмдүк ой жүгүртүүсү, келечекти болжолдоолору менен аракеттенүүсү, коомдук жашоонун мүмкүн болгон абалы катары жана анын ой жүгүртүүнү уюштурган абстракттуу-логикалык түзүмдөргө сиңишинде байкалат. Маданияттын ар кандай типтериндеги аң-сезимдин иштешинин бардык өзгөчөлүктөрү ошол маданияттарга мүнөздүү турмуштук маңыздары жана баалуулуктары менен аныкталат. Техногендик коомдордун маданиятында бул баалуулуктардын тутуму эркин инсандын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн жана чыгармачылык активдүүлүгүнүн идеалдарына негизделген. Дал ушул баалуулуктардын тутумунда гана илимий рационалдуулук жана илимий ишмердүүлүк артыкчылыктуу статуска ээ болот. Техногендик цивилизациянын баалуулуктар тутумундагы илимий рационалдуулуктун өзгөчө статусу жана дүйнөгө илимий-техникалык көз караштын өзгөчө мааниси, дүйнөнү илимий таанып-билүү кеңейип бараткан масштабда аны кайра түзүү үчүн шарт болуп санала тургандыгы менен аныкталган. Ал адамдын жаратылыш мыйзамдарын жана коомдук жашоону ачып, табигый жана коомдук процесстерди өз максаттарына ылайык жөнгө салууга жөндөмдүү экендигине көрсөтө алат. Илимде иштелип чыккан жаңы билимдердин жана техника менен технологиялардагы өзгөрүүлөрдүн негизинде социалдык жашоонун учурдагы формаларын жаңылоого багытталган, жаңы социалдык максаттарды жана социалдык түзүлүштүн келечегинин негизи катары баалуу багыттарды аныктаган программалар түзүлөт. Коомдун түрүн өзгөртүү процесси ар дайым маданий өнүгүү жолун, дүйнөтаанымдын багыттарын өзгөртүү жана жаңы баалуулуктарды иштеп чыгуу менен коштолот. Техногендик маданият либералдык-экономикалык цивилизациянын, адамдардын жашоо-турмушунун техногендик мүнөзүнүн, индустриализациянын, урбанизациянын жана маалыматташтыруунун өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгүнүн таасири астында техногендик коомдо калыптанат. Илимий рационалдуулуктун баалуулугу жана маданияттын башка чөйрөлөрүнө активдүү таасири техногендик коомдордун жашоосунун мүнөздүү белгиси болуп калат.

Илим менен техниканын заманбап өнүгүү деңгээли адамдын акылынын өнүккөндүгүн далилдейт деп айтса болот. Бирок, буга карабастан, бүгүнкү күндө адам, илим жана технология өз жаатында кризистик кубулуштарга да да кабылууда. Адамзатка коркунуч туудурган көптөгөн маселелердин алдыга чыгууда. Биринчиден, тынымсыз өркүндөтүлүп жаткан массалык кыргын салуучу куралдардын коркунучу. Бул коркунучту бир гана ядролук курал эмес, ошондой эле алда канча коркунучтуу химиялык жана биологиялык куралдар жаратууда. Массалык кыргын салуучу куралдар бүтүндөй адамзатты жок кыла ала тургандыгы шексиз. Бул куралдарды ар кандай сыноо же колдонуу бир катар жаңы проблемаларга, анын ичинде экологиялык жана гуманитардык проблемаларга алып келет. Дал ушул техникалык жетишкендиктер, А. Эйнштейндин айтымында бардык цивилизациялардагы адам баласы үчүн өмүр менен өлүм маселесине айландырат.Бирок бул техногендик цивилизациянын өнүгүшүнөн улам келип чыккан жана адамга коркунуч туудурган глобалдуу проблемалардын бири гана.

Экинчиден, глобалдык деңгээлде экологиялык кризистин күчөшү заманбап доордун эң курч көйгөйү болуп жатат. Адам –табияттын бир бөлүгү, бирок ошол эле учурда адам өз иш-аракеттери менен жаратылышты, анын ичинде өзүнүн табиятын да өзгөртүүдө. Бүгүнкү күндө биз жаратылышты максималдуу пайдалануу үчүн болгон күчүбүздү жумшап жатабыз. Натыйжада мындай колдонуунун интенсивдүүлүгүнөн экологиялык көйгөйлөр улам көбөйүүдө. Адамдар дүйнөдөгү акыркы өскөн дарак же таза суу үчүн согуш башташы мүмкүнбү? Жаратылыш – ресурстардын чексиз резервуары деген салттуу парадигма туура эмес болуп чыкты. Коркунучтуу экологиялык катастрофа адамдын жана жаратылыштын бирдиктүү эволюциялык өнүгүүсүн талап кылууда. Акыркы жүз жылдын ичинде коом башка доорлорго салыштырмалуу технологияга алда канча көз каранды болуп калды. Адамдар өз жашоосун жөнөкөйлөтүү жана жумуш убактысын кыскартууга жөндөмдүү ар кандай жаңы технологияларды колдонууда. Учурда көптөгөн ишканалар автоматтык түрдө иштеген машиналар менен жабдылган. Бир жагынан алганда, роботтоштуруу олуттуу артыкчылыктарга ээ, тактап айтканда, ишканада кандайдыр бир кырсык болгон учурда анда жабыр тарткандардын саны азаят, ошондой эле адам фактору алынып салынат, кандайдыр бир товарды өндүрүүдө ката кетирилбейт, өндүрүш

үчүн убакыт олуттуу түрдө азаят. Бирок буга карабастан, технологиянын дүркүрөп өсүшүнүн натыйжасында көптөгөн адамдар жумушсуз калышы мүмкүн да, көптөгөн кесиптер талап кылынбай калат жана көптөгөн адистердин ордуна үйрөтүлгөн роботтор келет.

Азырынча илим жана техника негизинен жаратылыш ресурстарын максималдуу түрдө эксплуатациялоого, адамдын жана коомдун муктаждыктарын кандай гана болбосун канааттандырууга багытталган. Өндүрүш калдыктарынан алынган техникалык ландшафттар, бүтүндөй региондордо жашоо белгилерин жок кылуу, резервацияга киргизилген жаратылыш – бул техника менен куралданган адамдын айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасиринин натыйжасы. Мунун баары, ошондой эле бул маселени түшүнүүдө табигый жана коомдук илимдер жетишсиз түрдө изилдөөлөрдү жүргүзүүдө.

Технологиянын өнүгүшүнүн жана техногендик коомдун билиминин аркасында адамдар биосферадан техносфера деп аталган жердин жаңы катмарында жашоого өтүштү.

Учурда техногендик коом эки карама-каршы уюлдун кесилишинде турат: адамзаттын жыргалчылыгы үчүн илимий прогресс жана жаңы технологиялардын жардамы менен б товарларды өндүрүү үчүн зарыл болгон жаратылышты жок кылуу. Андыктан жакынкы жылдары адам өзү жараткан технологиялык каражаттардын терс таасирин минималдаштырып, ошону менен биосфера менен техносферанын тең салмактуулугун калыбына келтириши жолдору изилденүүдө.

муну менен катар өзгөчө актуалдуу курч маселе – бул антропологиялык кризис, ал адамдын адамдыгын техногендик социалдуулуктун таасири астында өсүп жаткан жана заманбап учурда жүрүп жаткан бардык процесстердин шартында биосоциалдык жана психо-экзистенциалдуу структура катары сактоонун кыйынчылыктары менен байланышкан. Бул аң-сезим, идентүүлүк, жасалма интеллект, виртуалдык көз карандылык, когнитивдик коопсуздук, мамилелердеги жатыркоо, адам-роботтун калыптанышы сыяктуу маселелерди алып чыгууда.. Адамдын жашоо чөйрөсүнүн өзгөрүшү болуп көрбөгөндөй ыңгайлуулукка, бош убакыттын көбөйүшүнө, жашоонун узартылышына алып келсе да, бошотулган убакытын адамдар экрандын алдында жалган образдарды кароо менен өткөрүүдө. Бул жетишкендиктердин терс жагы – адамдын билим алуу жана интеллектуалдык деңгээлине болгон талаптарды жогорулатуу, анын функционалдашуусу, жалпы

керектөө конвейерине сиңип кетүүсү. Бүгүнкү күндө техникалык каражаттар жана алардын иштешинин натыйжалары боюнча адамдын бар экендигине, анын жашоосунун атрибуттары катары алар менен өз ара аракеттенүүсүнөкөз каранды болгон адамды технологиялаштыруу процесси пайда болду. Бул проблема коомдук контекстинде да, илимий, гносеологиялык изденүүлөрдүн алкагында да актуалдуу болуп саналат.

Адам дүйнөнү өзгөртүп жатканда, анын табигый маңызына жат, күтүлбөгөн социалдык факторлорду, адам жашоосун түп-тамырынан бери өзгөрткөн калыптандыруучу структураларды жаратат. 1960-жылдары Г. Маркузе техногендик өнүгүүнүн кесепеттерине байланыштуу коомдук жана жеке аң-сезим менен иштөө үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүүчү массалык маданияттын натыйжасы катары "бир өлчөмдүү адамдын"[87] пайда болушу жөнүндө айтат.

Өз дүйнөсүн татаалдаштыруу менен, адам өзү башкара албай турган мындай күчтөрдү жашоого чакырат. Ал дүйнөнү канчалык көп өзгөртсө, ошончолук адам жашоосун түп-тамырынан бери өзгөртө турган жана аны начарлатуучу структураларды түзө баштаган күтүлбөгөн социалдык факторлорду жаратат. Адам өзүнүн бар экендигин рационалдуу түшүнүү жөндөмүн жоготот, автономияны жана өз жашоосун башкарууну жоготуу сезими пайда болот, натыйжада коомдук мамилелерде олуттуу өзгөрүүлөр пайда болот. Чындыгында, инсандын индивидуалдуулугу технологияны өркүндөтүүгө жана жашоонун жогорку ылдамдыгына болгон жамааттык муктаждыктын шартында басылып калышы мүмкүн, бул өзүн-өзү таануу жана коомго жеке салымын салуу көйгөйлөрүнө алып келиши мүмкүн. Техногендик маданиятынын тездик менен өнүктүрүлүүсү адам үчүн коомго аралашууну жана өзүн-өзү калыптандырууну өтө татаал маселе кылат.

Илимий жетишкендиктер адамдын өмүрүн кыйла узарта алды.Учурда гендик инженерия да ыкчым өнүгүүдө. Бирок бул жерде да бизди көптөгөн коркунучтар күтүп турат. Адамдын генетикалык кодуна кийлигишүүнүн абсолюттук позитивдүүлүгү идеясы абдан күмөндүү көрүнөт, анткени катуу көзөмөлдө да адамдын генетикалык негиздерин атайылап өзгөртүү күтүүсүз кесепеттерге алып

[87] Маркузе Г. *Эрос и цивилизация. Одномерный человек: Исследование идеологии развитого индустриального общества*. М. ООО “Издательство АСТ”, 2003.

келиши мүмкүн. Адамдын денеси түздөн-түз коом менен байланышкан, муну анын биологиялык шарты экенин түшүнүү керек.

Адамдын денесин генетикалык жактан кайра куруунун келечеги адамдын психикасын манипуляциялоонун анча коркунучтуу эмес перспективалары менен айкалышат. Бизге техногендик цивилизация тартуулаган көйгөйлөр ушуну менен эле бүтпөйт. Бул – ар тараптуу терең изилдөө үчүн өзүнчө чоң аспект. Бул болсо анык бир тыянак чыгаруу үчүн чоң "мейкиндик". Бирок, муну менен бирге, техногендик цивилизация жана жаңы технологиялардын жардамы менен гуманизмге жетүү мүмкүнчүлүгүнүн жогорулашынын жалпы тенденциясы, ошондой эле инновациянын өнүгүшүнө жана технологияга багытталган чөйрөдө колдонула турган жеке сапаттардын, жөндөмдөрдүн жана билимдердин маанилүүлүгүнүн жогорулашына өбөлгө түзүшү мүмкүн.

Мына ушундай жол бизди техногендик цивилизациянын дүркүрөгөн гүлдөшүнө же соңуна алып келеби? Мунун баары адамзаттын аман калуусунун айласы болгондуктан, аларды туура жана так балоо зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, техногендик коомдун өнүгүшүн эркин философиялык-тарыхый талдоо да коом менен адамдын руханий мазмунунун жана алардын болумдун материалдык формаларынын ортосундагы "поляризациянын" деструктивдүү динамикасын көрсөтүүдө. Коомду чексиз технологиялаштыруу адамдын технологиясына алып келди. Адамдын алдындагы жүрүп жаткан абсолюттук технологиялаштыруу анын болумунун психоэкзистенциалдык негизи болуп саналат, анын жоголушу сөзсүз түрдө адамзат цивилизациясынын кыйрашы жана жаңы цивилизациянын жаралышы жөнүндө суроолорду жаратат. Бүгүнкү күндө жаңы доорго өтүү техно-экономикалык формациясы менен гана аныкталбастан, табияттын жана акылдын биргелешкен эволюциясынын негизинде ишке ашырыла турган болсо, адамзаттын алдында чексиз мүмкүнчүлүктөр ачылаары шексиз.

Албетте, цивилизациялык өнүгүүнүн ар кандай жаңы тиби өзүнө тиешелүү, адекваттуу дүйнөтаанымдык багыттарды калыптандырууну жана бекемдөөнү талап кылат. Заманбап шартта табиятка да, адамдын өзүнө да, анын социалдык дүйнөсүнө да ачыктан-ачык керектөөчү мамилени кайра карап чыгуу зарыл экендиги ачык көрүнүш. Бул маселелерди чечүү жолу илимий-техникалык прогрессти токтотууда да, баштапкы тиричиликке кайтууда да, адамдын табият,

техника, илим менен тең салмактуулугун табууда деген ойлор да айтылууда. Ар бир адамдын эркин өнүгүүсүнө, анын башка адамдар менен байланышына жана инсандык потенциалын максималдуу түрдө мобилизациялоого багытталган заманбап илимий рационалдуулукту өнүктүрүүнүн гуманисттик багыты антропологиялык кризистин шарттарында артыкчылыктуу багыт болууга тийиш.

Глобализациянын натыйжасында дүйнөлүк желенин (worldweb) жөргөмүштүн желеси сымал ар бир адамдын ар бир кадамын, жасаган ишин көзөмөлгө алууда. Бул болсо бир жактан адамдын күнүмдүк жашоосундагы кабыл алган чечимдерин жана иш-аракетин чектеп, ченемдүү гана даяр алгоритмдерге баш ийдирип жатса, экинчи жагынан жер шарынын ар жагындагы жөнөкөй адамдын иш-аракетин резонанстуу чоң кыймылга айландырып жатат. Демек, биринчиден, адамдын чечим кабыл алуусундагы, жүрүм-турумундагы эркиндик чектелүүдө, экинчиден, дүйнөдө болуп жаткан окуялардын, жаңылыктардын эң эмоционалдуусу гана адамга таасир этип, натыйжада адам үчүн маанилүү маселелер көз жаздымда калууда. Мындан улам адам реалдуу чындык менен виртуалдуу чындыкты айырмалоону негизги жөндөмдөрдүн катарына киргизиши керек.

3.2. «Мен» жана технологиялык каражаттар

Б. Паскалдын айтуусунда, биздин өзүбүздүн жеке философиябыз учурдагы чындыкка, ааламдын чыныгы моделине канчалык дал келсе, канчалык биз универсалдуу абсолюттук мыйзамдардын иштөө принциптерин таанып-билсек, биз ошончолук ийгиликтүү, бактылуу болуп, гүлдөп-өнүгө алабыз. Антпесек, жалган элестерге жана жаңылыштыктарга алданып калышыбыз толук ыктымал. [88]

Хайдеггердин заманбап доордогу адамдын уюмдун уюшулган маскарапозу катары фаталдуу келечегин аңдап-билип, өзүн жоготпой, тескерисинче, бул туңгуюктун ордуна адамдык түпкү метафизикалык табиятын таанып-билип, сактап, коргоп кала алабы деген суроосу учурдагы коом жана маданият үчүн терең онтологиялык жана гносеологиялык мааниде курч маселеге айланып баратат. Бул маселе адамды жаңы маанидеги кризиске алып келүүдө. Философиялык антропология адамдын “мен” маселесин адамды адам катары көрүү менен чечүүгө умтулууда. М. Хайдеггер болсо И. Канттын фундаменталдык онтологиясынын адамдын түпкү табиятын ачып, моралдуулуктун онтологиялык мааниси катары адамды курал, каражат же жабдуу катары эмес, адамды максат катары кароо зарылдыгын көрсөткөн. Адам өзү-өзүнө максат болгондо гана өз эркиндиги жана өз эрки менен жогорку моралдык мыйзамдын субъектиси боло алат. М. Хайдеггердин жыйынтыктоосу боюнча, И. Канттын адам деген эмне суроосуна жоопту адамдын ички дүйнөсүнөн жана жана адамдын жасаган иш-аракети жана моралдуулугунан издөө керек. Себеби, адамдын маселесин чечүүдө адамдын бир үлгүлүү аң-сезиминг таап, аны үлгү катары кабыл алуу керек. Ошондо өз-өзүнө рефлексия абалындагы аң-сезим адамдын “менин” аныктай алат[89].

Азыркы биз жашап жаткан доордун түрдүү аталыштары бар. Алардын ичинде – “индустрия доору”, “кеч капитализм”, “илимий-техникалык цивилизациянын доору”, “атомдук доор”, “маалыматтык коом доору”, “доорлорду жаратуу доору”, “функционалдык дифференциация заманы”, “постконвенционалдык доор”, “постмодерн”, “постчындык”, “постадам”, “нью эйж” жана башкалар. Бул

[88] Паскаль Б., Жалевич А. *Сокровища мировой мудрости: теории, практики, советы*. Москва: ООО Издательство «Эксмо», 2016, С. 21

[89] Молчанов В. *Исследования по феноменологии сознания.* М.: Издательский дом «Территория будущего», 2007

аталыштардын көптүгү чындыгында доорубуздун аты жоктугун билдирет. Мындан улам биздин замандын ориентациялык кризиске кабылгандыгы көрүнөт. Натыйжада дүйнөгө карата жатыркоого кабылган доор жөнүндө сөз болууда[90]. Мындан улам "тахогендик (улам ылдамдаган) жатыркоо" пайда болууда – өзгөрүүлөр барган сайын жашообузга бат кирип, кайра бат эскирүүдө, ал эми турмуштагы тажрыйбалык билим болсо теориялык гана маалыматка айлангандыгы – өмүр бою окууга алып келүүдө. Мунун баары бизди жаш баладай абалга алып келүүдө, биз реалдуулук менен фикциянын чегин билбей калдык. Демек, априордук ой жүгүртүү жана иллюзиялар көбөйүүдө. Адамдар дайыма улам жаңы көндүмдөргө ээ болууга, улам чоң көлөмдүү жаңы билим алууга мажбур болуп калды. Бул болсо адамдын эрезеге жетишине тоскоолдук жаратууда.

Ушундай заманбап технологиялардын доорунда улам жаңы терминдер жана түшүнүктөр пайда болуп, ар тараптуу кызуу изилдөөлөргө негиз салууда: жасалма интеллект, анын ичинде универсалдуу жасалма интеллект (AGI – Artificial general intelligence), технологиялык медиация, адам-технология мамилеси (human-technology relations)[91], постгуманизм, постгуманисттик этика, критикалык постгуманизм, трансгуманизм, актант, дигиталдык субъект, ойноочу каарман (PC – player character – ойноп жаткан адам), оюнчу эмес каарман (NPC – non-player character – оюндагы даяр каарман, бот), ГПТ4 чаты (chat GPT4), корпоратократия, көзөмөл капитализм (surveillance capitalism)[92], диджерати, инфлюенсер, метагуманизм, биоэтика, нейроилимдер, нейротехнология илимдери жана башкалар. Бул түшүнүктөр адамдын "менине" жаңы маани берүүдө.

Заманбап технологиялардын өнүгүүсү менен бирге, технологиялардын таасири алдында адамдын "мен" маселеси барган сайын трансформацияланып, актуалдуу жана дароо эле курч маселеге айланып, өзүнчө илимий изилдөө тармагы катары бөлүнүп, терең изилденип келет. XXI кылымдын адамы болуу деген түшүнүктүн мааниси кандай? Адамдын "мени" өз маанисин жоготуп баратабы же жаңы маанини ташый баштадыбы? Дегеле адамдын "менин" адам өзү аныктоодобу же мындан ары аны технологиялар аныктоодобу? Жогоруда айтылып келгендей,

---

[90] Шпенглер О. *Человек и техника*//Культурология. XX век: Антология. 1995., 476.
[91] Rosenberger R., Verbeek P. (eds.). *Postphenomenological Investigations: Essays on Human-Technology Relations*, Lexington Books, 2015., 1-9.
[92] Зубофф Ш. *Эпоха надзорного капитализма. Битва за человеческое на новых рубежах власти.* (пер. Васильева А.Ф.), Издательство Института Гайдара, 2022.,1-3.

Сократтын “өзүңдү таанып-бил” деп айтканы учурда жаңы маниге ээ болууда. Адамдын “мен” маселеси да өз маанисин өзгөртүүдө. Заманбап технологиялардын доорундагы адам азыр ойгонгондо дароо техниканын экранына үңүлүп, соцтармактарга күнүнүн алгачкы саатын сарптаганга көндү. О. Шпенглер айткандай, “Дүйнөнүн башкаруучусу (адам) машинанын кулу болуп калды. Аны да, бизди да, баарыбызды, билебизби, билбейбизби, каалайбызбы, каалабайбызбы, техника тарабынан багытталган жол менен барууга мажбурлайт»[93]. Адамдын өз жашоосунун маңызын жана максатын издөө мындан ары табигый касиет болбой калды, анын ордуна адамдар чыныгы реалдуулуктан виртуалдуу реалдуулукка, оюндарга качуу же соцтармактарда идеалдуу жашоосун куруу көндүмүн жаратты. Компьютер жана телефон болсо маданий символго айланды. Ш. Зубоффтун айтымында адамдын көндүмдөрүн, кыймыл-аракетин жасалма интеллект аркылуу изилдөөнүн чыныгы максаты – бул адам тажрыйбасына сырьё катары кароо – натыйжада көзөмөл капитализмин жаратты. Себеби адам тажрыйбасы коммерциялык прогноздоо, сатуу үчүн изилденет. Демек адамдын күнүмдүк кыймыл-аракетин чогултуп, сактап, көзөмөлдөп, аны көбүрөөк сатып алууга жана керектөөгө багыттаса болот. Ушул максатка жетүү үчүн веб-дизайн арбын колдонулуп келет. Бул дизайн “мени ойлонгонго мажбур кылбагыла” принцибин колдонот[94]. Демек, жеке адамдын күнүмдүк чечимдери коддолгон алгоритмге айланып, адамдын өз чечимдери эмес, жасалма интеллекттин чечимдерине айланды. Адамдын “мен” маселеси философиялык, социалдык түшүнүктөн “керектөөчү”, “ээрчиме керектөөчү” түшүнүгүнө айланды. Адамдын “мени” санарип код маанисин берип калды. Адамдын “мени” өз тандоо эркиндигин жоготту. Технологиялардын коомго болгон терс таасири катары коомдогу адамдын күнүмдүк көндүмдөрүнүн, кыймыл-аракетинин, кабыл алынган чечимдеринин көзөмөлдөө жана багыттоо менен бирге маркетинг аркылуу башкарылып калгандыгын, технологиярдын коомдогу жүрүм-турумду терс өзгөрүүлөргө алып келгендигин, коомдун үйүр катары башкарылып, адам коомчулугунун жүзү таптакыр башкача касиеттерди кабыл алгандыгын аныктасак болот. Адам жөнүндө жеке маалыматтын баары укуктук жактан корголбостон, жеке корпорациялардын менчигине айланып, кайра товар катары сатылып калды.

[93] Шпенглер О. *Человек и техника*//Культурология. XX век: Антология. 1995., 476.
[94] Круг С. *Не заставляйте меня думать.* Издательство “Э”, Москва, 2017., 29-33.

Ал эми корпорациялардын жеке маалыматы укуктук жактан корголуп калды. Бул күч “инструменталдык күчкө”, тоталитаризмден да коркунучтуу күчкө айланды. Себеби, технологиялык прогресстен күтүлгөндөй, бул технологиялар климаттын өзгөрүүсүн, рак оорусун, жалпы дүйнө коомунун алдында турган глобалдык маселелерди чечүүгө багытталган эмес, коом жашоосун, адам өмүрүн узартууга, пластик жана башка айлана-чөйрөгө зыян өндүрүштү токтотууга багытталган эмес. Тескерисинче, дүйнөнүн эң акылдуу адамдары жана дүйнөдөгү эң чоң капитал жөн гана коомдун көңүлүн бул курч маселелерден көңүл ачуучу контентке, керексиз маалыматтын көчкүсүнө улам бурууда. Коомдо бул глобалдык маселелерге бара-бара туруктуу кайдыгерлик түптөлүүдө. Бул болсо эпистемикалык теңсиздикти, эпистемикалык адилетсиздикти жаратууда. Заманбап технологиялар билгизбестен- байкатпастан коомдун жүрүм-турумун терс модификациялоо үчүн колдонулууда. Мындан улам коомду басып алуу доору келүүдө. Адам коомунун адамдык касиеттери жоголууда. Технологияларга үңүлүп, адамдар коомдук баалуулуктарды четке кагууда. Коом – коом болуудан качууда. Адамдын “мени” өзүнө-өзү жеткиленби же технологиялар менен гана өзүн толук кандуу адам деп эсептейби?

Ошол эле учурда Э. Гуссерлдин, М. Хайдеггердин, М. Мерло-Понтинин технология философиясын жолдогон П. Вербектин айтымында социалдык жактан жоопкерчиликтүү жүрүм-турум дизайны этикалык жактан туура, себеби ал адамдын проблемаларын жалаң практикалык түрдө чечүүдө. Мисалы, оорунун айынан өзү тамактана албай калган пациенттер үчүн акылдуу биокол же баса албай калган пациенттер үчүн акылдуу биобут даярдалса, ал пациенттердин адамдык намысы, кадыр-баркы сакталып, башкалардан көз карандысыздыгы камсыздалат. Мындай технологиялык-этикалык жактан акылдуу дизайн ар тараптан жабыркаган адамдар жөнүндө кам көрүүгө жардам берет. Бул учурда технологиялык каражаттар адамдардын дүйнөнү кабыл алуусуна оң таасирин берет. Бул технологиялык медиация деп аталат. Ал эми Д. Айдинин инструменталдык реализми адамдын “менин” күзгү катары кароодон баш тартып, технологияларды болсо адамдын дүйнөнү кабыл алуусунун катышуучусу жана адам менен дүйнөнүн ортосундагы ортомчу катары карайт[95].

[95] Ihde D. *Instrumental realism: the interface between philosophy of technology and philosophy of science.*, 136.

Заманбап технологиялардын доорунда адамдын “мен” маселеси оң жана терс таасирлерге дуушар болуп, түрдүү чакырыктарга жана перспективаларга алып барууда. Мындан улам, өз “менин” аныктоого, таанып-билүүгө умтулган адам үчүн технологиялык каражаттар жакшы жардамчы боло алат, ал эми технологиялык каражаттарды чыныгы реалдуулуктан качуу үчүн же көңүл ачуу үчүн колдонгон адам үчүн технологиялык каражаттар өз “менин” терс таасирге учуратат. Биринчи учурда гана адамдын “мени” технологиялар менен мамиле куруу аркылуу толукталып, чыныгы гумандуулуктун жаңы деңгээлине жеткире алат.

Мунун негизинде, адамды адам катары белгилеген аң-сезим категориясы алдыга чыгууда. Буга чейин айтылып кеткендей, заманбап мезгилдин адамы “таркалган аң-сезимге” ээ, ошондон улам мындай көрүнүш коомдук өнүгүүдө да өз терс натыйжаларын берет. Бул жерде таркалган аң-сезим ошондой эле таркалган дүйнөгө (дифференцияланган, демек, бөлүнгөн) туш болуп клиптик (дүйнөнү фрагментардык түрдө кабыл алуучу) ой жүгүртүүнү жаратууда. Техногендик цивилизация өзүнө ылайык аң-сезими таркалган адамды ортого чыгарууда. Бул да бир диалектикалык көрүнүш.

Адам – коомдук субъект болгону объективдүү жана логикага жаткан көрүнүш. Эгерде учурдун адамы таркалган аң-сезимге ээ болсо, анда коом кандай өзгөрүүлөргө дуушар болушу мүмкүн деген маселе жаралат. Коомдун маани-маңызы тарыхый доордун негизинде каралышы зарыл. XX кылымдан тарта бийик технологиялар алдыга чыгып, адамзаттын бир гана көрүнүшүнө эмес, ички мазмунуна айланганы объективдүү окуя катары өз ордун ээледи. Философтордун көпчүлүгү XX кылымдын мүнөздүү өзгөчөлүгү катары техниканы көрсөтүп, аны – доордун мүнөзү, жаны катары көрсөтө башташканы бекеринен эмес. Мындай цивилизациялык өнүгүү адамзатты жалаң гана прогресске алып келбестен, буга чейин болуп көрбөгөн терең маданий кризиске алып келгенин да баса белгилешет. О. Шпенглер айткандай, “Маданият өзүнө өмүрдүн жасалма формаларын камтып, өзүн уяга салып койгондой”. Аталган өзгөрүүлөрдөн улам адам менен массанын ортосундагы трагедия күч алууда. Техниканын трагедиясы – бул адамдын жандык талабынан калыптанган ички башат тарыхый убакыттын агымы менен өзүнүн өз алдынча жашоосуна ээ болгонунда. Ошол эле О. Шпенглердин айтымында,

“Техника эзотерикалык мүнөзгө ээ болуп калды. Демек, машина символго айланды”[96].

XXI кылым технологиялык детерминизмди аябагандай бийик деңгээлге алып чыкты. Натыйжада, коом бир матрицага айлангандай сезилет. Ар бир тарыхый доор өзүнүн борбордук парадигмасына ээ болушу зарыл, себеби философиялык маанини өзүнө камтыган баалуулуктардын системасы доордун негизин түзүп, коомдун ичиндеги өз ара байланышынын маани-маңызын белгилеп келет. Жашоонун ар бир баскычында кандайдыр бир жаңылануу болуп турат. Ошону менен бирге тарыхый өнүгүүдө маданияттын да өзгөчө өзөгү болушу ыктымал, болбосо маданият кризиске учурайт. Мындай көрүнүш XX кылымды чагылдырууда. Г. Зиммель белгилегендей, “заманбап карама-каршылык – бул жашоо менен рухтун трагедиялуу конфликти”[97]. Заманбап мезгил бул парадигмасын дагы эле алдыга чыгара элек, ошондуктан технологиялар маданияттын жанына айланып кеткендей. Бирок мындай көрүнүш көпкө созулушу мүмкүн эмес, анткени акыр-аягында сөзсүз түрдө конфликттин кандайдыр бир натыйжасы болот.

Мындан улам, адамзаттын келечеги түрдүү сценарийлердин (абсолютизация, космологиялык, антропологиялык, технологиялык детерминизм же дегуманизация же башка) таасиринин алдында калуусу мүмкүн. Андыктан, адам өзүн-өзү ар тараптан кайрадан баалап, талдап чыгышы зарыл.

Жыйынтап айтканда, учурдагы технологиялык прогресс коомдогу өзгөрүүлөрдү сырткы көрүнүш катары гана көрсөтүүдө. Бул өзгөрүүлөрдүн ички маани-маңызы болсо жатыркоо феномени менен бирге дискреттүлүктүн алдыга чыгышын чагылдырууда. Глобалдуу негиз катары ааламдашуу белгиленсе, анын карама-каршылыктуу багытын идентификация процесстери түзүүдө; бул эки тенденция дүйнөнү, анын ичинде коомдук өнүгүүнүн карама-каршылыктуулугун ачып, көрсөтүп берүүдө. Кайсы коомду албайлы, андагы бөлүнүү процесстери эң негизги контекст болгондугу сезилет. Демек, өзүн-өзү аныктоо маселеси адамдын өзүнүн түпкүрүндө аябагандай көп формаларды туудурууда. Алардын ичинде жарандык, улуттук, этникалык, диний, маданий, саясий, социалдык жана башка

[96] Шпенглер, О. *Человек и техника*//Культурология. XX век: Антология. 1995.
[97] Зиммель Г. *Конфликт современной культуры* //Избранное. Т.1., 508.

өзүн-өзү аныктоо түрлөрү бар; ар бири өзгөчө касиеттерге ээ болгону менен, бири-бири менен тыгыз байланышта турат.

Демек, коомдун өнүгүүсү дайыма карама-каршылыктуу деп айтууга болот. Мындан улам XX кылымдын экинчи жарымынан баштап синергетика феномени алдыга чыкты. Башкача айтканда, коомдук түзүлүштүн, анын өзгөрүүсүнүн, өнүгүүсүнүн негизги касиети катары буга чейин анык бир мыйзам ченемдүүлүктөр болсо, учурда анын ордуна кокустук ортого чыкты. Заманбап коомдук жашоо кандайдыр бир хаостун негизинде жүрүп жатканы да бара-бара түшүнүктүү болгондой. Хаос байыркы доорлордо чыгармачыл күч катары бааланган. Ал эми заманбап хаос учурдагы коомдук өнүгүүнүн негизги маселесин өзгөрткөндүгү жөнүндө кабар берүүдө. Андыктан, тарыхый доордун философиялык парадигмасы ачык-айкын аныкталганда гана хаос чыгармачыл касиетке ээ болуп, коомдук өнүгүү да анык бир багытка ээ болуусу мүмкүн.

Антропологиялык кризис техногендик цивилизациянын жалгыз гана натыйжасы эмес деп айтууга мүмкүн. Антропологиялык кризис техногендик цивилизациянын жаратуусубу же болбосо улам өнүккөн техникалык прогресс антропологиялык кризиске алып келдиби – бул эки тараптуу диалектиканын белгиси болуп саналат. Ошондон улам “мен” маселеси технологиялык каражаттар аркылуу гана чечилиши мүмкүн эмес. О. Шпенглер айткандай, техниканын жаны болушу мүмкүн эмес, бирок заманбап техногендик цивилизацияда техника “жанга” ээ болгондой сезилип, адамды бийлете турган “жандыкка” айланып барууда[98]. Демек, технологиялык каражаттар аркылуу адамдын “мен” маселесинин чечилиши аң-сезимди жасалма интеллект менен алмаштырылышынын белгиси катары каралышы мүмкүн, бирок ошол эле учурда, жасалма интеллект баары бир адамдын аң-сезиминин ордуна кабыл алынышы – мүмкүн болбогон нерсе. Адам – тирүү жандык, аң-сезимге ээ болгон субъект катары эч бир учурда жансыз нерсе же феномен аркылуу алмаштырылышы болбой турган факт, же болбосо технологиялык каражаттар аркылуу таанылган адам – чыныгы адам эмес, жөн гана анын мазмундуу клону деп аталышы абзел.

Бул изилдөө ишинде адамзаттын басымдуу массасы таркалган аң-сезимге ээ муунду жараткандыгы, ал муундун өз бош убакытын заманбап технологияларсыз,

[98] Шпенглер О. *Человек и техника*//Культурология. XX век: Антология. 1995.

өзү үчүн маңыздуу түрдө өткөрүү жөндөмүн жоготуп бараткандыгы коркуу сезимин жаратууда. Бул болсо заманбап технологиялардын адамдын жашоосун жеңилдетүүчү инструмент катары кароо маңызын жокко чыгарышы мүмкүн да, натыйжада адам жашоосундагы негизги жана терең маңыздардын жасалма түрдө алмаштырылышына алып келиши мүмкүн. Андыктан адам өз “менин” билүүсү, изилдөөсү жана ага ылайык заманбап технологиялардын өз жашоосундагы ордун кайрадан тактап чыгышы зарыл. Ошондо гана заманбап технологияларга адамдын жашоосунун кайсы аспекттерин тапшырып берүү керектигин аныктаса болот. Мына ошондо адам гана акыркы инстанция катары, технологиялардан кийин баа берүүчү, чыныгы адамдык маңыз берүүчү катары негизги орунду ээлейт. Демек, заманбап технологияларга гумандык мыйзамдарды негизги жана зарыл талап катары иштеп чыгуу – замандын талабы.

КОРУТУНДУ

Философия адамзаттын бүтүн билип-таануу тажрыйбасын өзүнө камтыгандыктан, “мен” маселеси да актуалдуу философиялык маселе экендиги чын. Технологиялардын, анын ичинде универсалдуу жасалма интеллекттин өнүгүүсү “жан”, “аң-сезим”, “таанып-билүү”, адам, адамдын “мени” түшүнүктөрүнүн өзгөрүшүнө алып келет. Адам – универсалдуу жандык. Бирок, адамзаттын тарыхы айгинелегендей, кандай гана жакшы ниет менен жаралган технология болбосун, адам баласы аны биринчи иретте курал-жарак катары терс максатта колдоно баштайт. Анын сыңарындай, нейроилимдин улам жаңы ачылыштары адамдын өмүрүн узартуу үчүн медицинада эмес, адамдын жашоосун жакшыртуу үчүн саясатта, социалдык чөйрөдө эмес, нейромаркетингде жана нейрофизиологияда Homo Consumer – керектөөчү адамга таасир этүү үчүн колдонулууда. Мисалы, рационалдуу керектөөчү жана интуитивдүү керектөөчү категориялары жана моделдери адамдын аң-сезимине таасир этип, анын сатып алууларда чечим кабыл алуусун багыттоо жана көзөмөлдөө үчүн колдонулууда. Технологиялардын колдонулушу абсолюттук же толуктоочу мүнөзгө ээ. Заманбап технологиялардын, өзгөчө жасалма интеллекттин адамдын жана коомдун турмушундагы мааниси жана ээлеген орду жөнүндө философтордун, саясатчылардын, илимий изилдөөчүлөрдүн жана инженер-программисттердин бир арага келип, технологияларды колдонууда анык бир эрежелерди жана келишимдерди иштеп чыгуу зарыл. Адам менен технологиялардын биргелешип иштешүүсүнүн тең барабар эмес экендиги белгилүү. Ошондуктан адам технологияларга өз жашоосунун кайсы аспекттерин тапшырышы керек, кайсы аспектилерин адам өзүнө жаратуучу катары алып калышы керек экендиги аныкталышы шарт.

Адам өзүнүн “мен” маселесин туура жана так аныктап алуусу зарыл. Бул жерде жөн гана жаңы цивилизация жөнүндө эмес, адамзаттын жаңы түрү жөнүндө сөз болуп жатат. Себеби, бара-бара жаңы нейроилимдердин жана нейротехнология илимдеринин негизинде жасалма интеллекттин “аң-сезими” (техникалык “мен”, технологиялык “мен”), жасалма интеллекттин “мени” (технологиялык “аң-сезим”), жасалма интеллекттин “жаны” (технологиялык “жан”) сыяктуу жаңы маниге ээ болгон түшүнүктөр пайда болуусу мүмкүн. Андай болсо, адамдын “менине” жасалма интеллекттин же технологиянын “мени” канчалык деңгээлде

таасирин тийгизип, аны өзгөртө алат? Бул тоталдык дегуманизацияга алып келиши мүмкүнбү[99]? Адамды технология аныктап калабы, же адам технологияны аныктап калабы? Глобализация адамга универсалдуу баалуулуктарды алып келүүдө, ал эми постглобализация болсо адамдын иденттүүлүк маселесин актуалдаштырууда[100]. Өз кезегинде, бүгүнкү жер шарында жашаган адамдар өздөрүн мурда болуп көрбөгөндөй өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк алууда.

Адамдын кабылдоосу – бул чагылуу. Эгер биз чагылгандан башка нерсени көрсөк, анда чындыкты көрө албайбыз. Ар кайсы кабылдоо чындыгында чагылуу болуп саналат.

Адам баласы – планетадагы өз жашоосун уюштура алган жалгыз жандык. Эгер биз өз жашообузду уюштуруу мүмкүнчүлүгүнөн баш тартып, жасалма интеллект жана жансыз технологияларга келечегибизди тапшырууну кааласак, анда жашообуздун трагедиялуу болоору анык. Өз жашообузду өз колубузга алуубуз маанилүү[101]. Бул болсо билим берүү философиясынын жана тажрыйбасынын жаңы парадигмаларын иштеп чыгуусу менен ишке ашырылышы мүмкүн.

XXI кылым – заманбап технологиялардын кылымы улам жаңы чакырыктарга жана жаңы коркунучтарга алып келүүдө. Бул чакырыктарга жана коркунучтарга жоопту бир гана адам баласы эмес, коомдор, улуттар, мамлекеттер, маданияттар да берүүсү зарыл. Баарыбызга белгилүү болгондой, заманбап коом чоң сыноонун алдында турат. Коом тарабынан кандай жооп берилээри, кандай жаңылануларга дуушар болоорубуз субъективдүү көрүнүштөр жана объективдүү шарттар аркылуу далилденет. Демек, коомдун өз калыбына келүүсү үчүн доорго жараша жаңы философиялык парадигманын иштелип чыгышы менен бирге практика жүзүндө жаңы байланыштарды түзүп, анык бир жолго түшүү зарылдыгы күч алууда.

---

[99] Cortese F., *Technic Self-Determination.*,2014

[100] Урманбетова Ж. *Ценностно-духовные ориентиры Кыргызстана.* https://kgcode.akipress.org/unews/un_post:8257?from=kgnews&place=newsbtm

[101] Садхгуру. *Внутренняя инженерия.* ООО “Издательство “Э”, 2018.

АДАБИЯТТАР

Азимов, А. *Человеческий мозг. От аксона до нейрона*. Издательство Центрполиграф, 2005.

Ан С. *Современный человек и грани его бытия.* https://old.altspu.ru/Journal/vestbspu/2001/gumanit/PDF/an.pdf (last updated 10.05.2023)

Аристотель. *Сочинения*: В 4 т. М., 1983. Т. 4.

Бердяев Н.А. *Человек и машина: Проблема социологии и метафизики техники*. Вопросы философии. – 1989. № 2.

Белл, Д. *Грядущее постиндустриальное общество*. М., 1999.

Бердяев Н.А. *Судьба России*. М., 1990.

Бодрийяр Ж. *Реквием по масс-медиа* // Поэтика и политика: Альманах Рос.-франц. центра социологии и философии Института социологии РАН. М.: Институт экспери-ментальной социологии; СПб.: Алетейя, 1999., 193–226.

Бөкөшов Ж. *Философия*. Жалал-Абад. 2002.

Бранская Е. В. *Основы философии: учебное пособие для среднего профессионального образования.* Москва. Издательство Юрайт, 2023.

Волков Д. *Бостонский зомби: Д. Деннет и его теория сознания.* М.: Книжный дом “Либроком”, 2012.

Гартман Н. *Строение реального мира* / Н. Гартман. М.: Гардарики, 1999.

Гартман Э. Ф. *Современная психология: Критическая история немецкой психологии за вторую половину девятнадцатого века.* Пер. с нем. Г. А. Котляра под ред. Филиппова М. М.. М., 1902.

Гоббс, Т. *Избранные сочинения.* М., 1926.

Гегель, Г.В.Ф. *Феноменология духа.* Перевод Г. Шпет, Санкт-Петербург, Наука, 1999.

Гегель, Г.В.Ф. *Философия права*. М., 1990.

Гегель, Г.В.Ф. *Энциклопедия философских наук*. М., 1974. Т. 1.

Гиренок, Ф.И., *Сознание и самость.,* Философия сознания: классика и современность: Вторые Грязновские чтения., Москва, Издатель Савин С.А., 2007, 399.

Гуревич А.Я. *Средневековый мир: культура безмолствующего большинства.* М.,1990.

Декарт, Р., *Рассуждения о методе.* С приложениями Диопртика, Метеоры, Геометрия., Издательство Академии наук СССР, 1953., 33., 361.

Д. Реале, Д. Антисери. *Западная философия от истоков до наших дней.* – Том 4. От романтизма до наших дней ТООТК «Петрополис», Санкт – Петербург, 1997., 277.

Кант, И., *Критика чистого разума.,* М.:, Издательство “Наука”, 1999, 353.

Кант, И. *Сочинения в шести томах* / И. Кант; [пер. с нем.]; М., Мысль, 1966. – Т. 5. 324.

Зиммель, Г. *Конфликт современной культуры* //Избранное. Т.1. Москва, 1996.

Зубофф, Ш. *Эпоха надзорного капитализма. Битва за человеческое на новых рубежах власти.* (пер. Васильева А.Ф.), Издательство Института Гайдара, 2022.

Кант, И. *Сочинения*. М., 1966. Т. 6.

Киссинджер, Г., Эрик Шмидт, Дэниел Хаттенлокер. *Искусственный разум и новая эра человечества.* Москва, Альпина ПРО, 2022.

Кон И.С. *Открытие «Я».* М. Политиздат. 1978.

Кон, И.С. *В поисках себя. Личность и её самосознание*. М., 1984.

Круг, С. *Не заставляйте меня думать.* Издательство "Э", Москва, 2017.

Крылов Д.А. *Техногенная цивилизация и культура: Основные тенденции развития в современном контексте.* Современные проблемы науки и образования. – 2014. – № 6. ; URL: https://science-education.ru/ru/article/view?id=16946 (last updated: 07.05.2023).

Мамардашвили, М. *Как я понимаю философию*. Москва, Прогресс, 1992

Марквард, О. *Эпоха чуждости миру?* https://strana-oz.ru/2003/6/epoha-chuzhdosti-miru (last updated 10.05.2023)

Маркузе Г. *Эрос и цивилизация. Одномерный человек: Исследование идеологии развитого индустриального общества*. М. ООО "Издательство АСТ", 2003.

Материалы конференции "Гайдаровский форум – 2019". Как раскрепостить мозг, чтобы добиться эффективного лидерства? https://youtu.be/gFJLIfjti5Y (last updated 10.05.2023)

Молчанов В. *Исследования по феноменологии сознания*. М.: Издательский дом «Территория будущего», 2007

Некрасова Н.А., Некрасов С.И., Садикова О.Г. *Тематический философский словарь:* Учебное пособие. – М.: МГУ ПС (МИИТ), 2008.

Ницше, Ф., *Сочинения:* В 2 т., М., 1990.,Т. 1., 359.

Пархоменко И.Т., Радугин А.А. *Культурология в вопросах и ответах*. М.: Центр, 2001.

Паскаль, Б. *Мысли*. Перевод с французского Юлии Гинзбург. – М., 1995, Серия II.

Паскаль Б., Жалевич, А. *Сокровища мировой мудрости: теории, практики, советы*. Москва: ООО Издательство «Эксмо», 2016.

Патнэм, Х., *Философия сознания.* Пер. с англ. Макеевой Л.Б., Назаровой О.А., Никифорова А.Л. М.: Дом интеллектуальной книги, 1999, 88.

Платон. *Собрание сочинений в в 4-х т*., т.1. С.521-522. М., Мысль, 1990.

Поттер, Д., Уезерел, М. Дискурс и социальная психология: за пределами установок и поведения. URL http://psyberlink.flogiston.ru/internet/bits/potter.htm (22.06.2023)

Райл, Г., *Понятие сознания*., Пер. с англ., Москва, : Идея-Пресс, Дом интеллектуальной книги., 1999, 169-170.

Садхгуру. *Внутренняя инженерия*. ООО “Издательство “Э”, 2018.

Сартр, Ж.П. *Бытие и ничто: Опыт феноменологической онтологии*. М., 2000, 285.

Степин В.С, Кузнецова Л.Ф. *Научная картина мира в культуре техногенной цивилизации*. М., 1994.

Степин В.С. *Философия ненасилия и будущее цивилизации.*

Степин, В.С. *История и философия науки.* М.: Академический проект, 2014, 135 – 143.

Соловьев, В.С., *Собрание сочинений:* В 10 т. СПб., 1911. Т. 3.

Тойнби, А. Дж., *Цивилизация перед судом истории: Сборник.,* (2-е изд.)., М.: Айрис-пресс, 2003.

Томпсон., Р., *Механистическая и немеханистическая наука.,* Пер. с англ. Р. Волошин., МОсква: Издательство “Философская Книга”, 1998.

Тоффлер Э. Третья волна. М., 1999.

Урманбетова Ж., *Ценностно-духовные ориентиры Кыргызстана*. https://kgcode.akipress.org/unews/un_post:8257?from=kgnews&place=newsbtm (last updated 10.05.2023)

Фейербах Л., *Избранные философские сочинения.* М., 1955. Т. 2.

Франкл В., *Человек в поисках смысла.* Москва., Прогресс., 1990. 295-304.

Фромм Э., *Бегство от свободы.* М.,1990.

Фукуяма, Ф. *Наше постчеловеческое будущее. Последствия биотехнологической революции.* М.: Изд-во АСТ, 2004.

Харрари, Ю. *21 урок для XXI века*. Синдбад, 2019.

Хесле, В., *Кризис индивидуальной и коллективной идентичности*. Вопросы философии. 1994. №10.

Хёйзинга Й. *Осень Средневековья*. М., 1993.

Шелер М. *О положении человека в космосе*. // Проблема человека в западной философии. М.: Прогресс, 1988., 31-95.

Шопенгауэр А. *Мир как воля и представление*. Т. I. Книга 4. О мире как воле. М.,1993.

Шпенглер, О. *Человек и техника*//Культурология. XX век: Антология. 1995.

Фейербах Л., *Предварительные тезисы к реформе философии*.
Архивная копия от 2 июля 2014 на Wayback Machine. https://web.archive.org/web/20140702005156/http://labrip.com/pervoist_t3r1part2.html (last updated 10.05.2023)

Ю-лань, Ф., *Краткая история китайской философии.*, “Евразия”, С-Пб., 1998. 28.

Юм Д. *Трактат о человеческой природе.* Кн.1. О познании. М., 1995.

Lee., *Ключи к сознанию,* Ridero, 2017

Ле Гофф Ж. *Цивилизация средневекового Запада*. М., 1996.

Block, N. *Consciousness, Function, and Representation: Collected Papers* (Volume 1: MIT Press, 2007)

Brynjolfsson E., McAfee A. *The Second Machine Age: Work Progress and Prosperity in a time of Brilliant Technology*. New York: W.W. Norton & Company, 2014., 173.

Cortese F., *Technic Self-Determination*., 2014, DOI: 10.4018/978-1-4666-6010-6.ch012

Chalmers, D. *The Conscious Mind: In Search of a Fundamental Theory*., Oxford University Press, 1996.

Chalmers, D.J., *Reality +. Virtual Worlds and the Problems of philosophy*. W.W. Norton & Company, 2022, 13.

Daniel C. Dennett, *Where Am I?* from Brainstorms: Philosophical Essays on Mind and Psychology, Bradford Books, 1978.

Fukuyama, F. *Tarihin sonu ve son insan*. Çev. Zülfü Dicleli, İstanbul : Profil, 2011.

Ihde, D. *Instrumental realism: the interface between philosophy of technology and philosophy of science.* 1991.

Lifton, R.J., *The Protean Self. Human Resiliencein an Age of Fragmentation*. N.Y., 1993.

Ludlow, Peter , Yujin Nagasawa & Daniel Stoljar (eds.) *There's Something About Mary: Essays on Phenomenal Consciousness and Frank Jackson's Knowledge Argument.* Bradford Books, 2004.

Lycan, W. *Consciousness and Experience* (Bradford Books / MIT Press, 1996)

Ortega y Gasset, J. *Kitlelerin ayaklanmasi*. Kültür, 2011.

Patston, M., *The 'Wojak meme' explained.* // Happy Media. — 18-август, 2021. https://happymag.tv/wojak/ (23.06.2023)

Randal G. Tonks. *Changing self in the digital age: The impact of digital technology on the self and person.* DOI: https://doi.org/10.7146/irtp.v1i2.127765

Rogobete, S. The Self, *Technology and the Order of Things: in dialogue with Heidegger, Ellul, Foucault and Taylor.* Procedia – Social and Behavioral Sciences 183, 2015.

Rosenberger, R., Verbeek, P. (eds.). *Postphenomenological Investigations: Essays on Human-Technology Relations*, Lexington Books, 2015.

Searle, J.R., *Philosophy in a New Century. Selected essays.* Cambridge University Press, New York., 2008. 137.

Schwab, K., *The Fourth Industrial Revolution*. Crown Business. New York, 2017.

Электронная библиотека ИФ РАН, Новая философская энциклопедия, https://iphlib.ru/library/collection/newphilenc/document/HASH0132ab62b76b27f343fd8532 (last updated 21.06.2023)

Clark, A., Chalmers, D. J., The Extended Mind. https://consc.net/papers/extended.html (last updated 23.06.2023).

Chalmers, D. J., *The matrix as Metaphysics*. https://web.ics.purdue.edu/~drkelly/ChalmersMatrixMetaphysics2001.pdf (last updated 23.06.2023)

Humanitarian Institute, *China's Social Credit System: Privacy Invasion or State Innovation?*, Oct 14, 2018. https://www.humanitarianinstitute.com/insights/chinas-social-credit-system-privacy-invasion-or-state-innovation/ (last updated 23.06.2023)

Tiku, N., *The Google engineer who thinks the company's AI has come to life*. Washington Post, June 11, 2022. https://www.washingtonpost.com/technology/2022/06/11/google-ai-lamda-blake-lemoine/ (23.06.2023)

РЕЗЮМЕ

ЖЕКЕ МААЛЫМАТ

Аты, фамилиясы	**Мира Суйунова**
Улуту	**кыргыз**
Туулган күнү жана жери	**09.07.1985, Бишкек ш.**
Тел:	**+996553999031**
E-mail	**2050y11004@ manas.edu.kg**

БИЛИМИ

Даража	**Берген уюм**	**Бүтүргөн күнү**
Магистратура	Кыргыз-Түрк “Манас” университети Социалдык илимдер институту Философия бөлүмү 2023-жыл	2023
Бакалавр	Кыргыз-Түрк “Манас” университети, Коммуникация факультети, Коом менен байланыш жана реклама бөлүмү	2007
Орто мектеп	Ю.А.Гагарин атындагы №17-гимназия мектеби	2001

ЧЕТ ТИЛДЕР

Англис тили

Түрк тили

ПУБЛИКАЦИЯЛАР

1. Заманбап технологиялардын доорундагы мен маселеси. Суйунова М. // И. Арабаев атындагы КМУнун “Жарчысы”. – Бишкек, 05.2023. №1.